87.7
К 90
Аб
10

КУЛМАТОВ НУРКЕМЕЛ

# МОРАЛДЫК ТАРБИЯ ЖӨНҮНДӨ

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1979

ҚУЛМАТОВ НУРКЕМЕЛ

# МОРАЛДЫК ТАРБИЯ ЖӨНҮНДӨ

МЕКТЕП — 1979

87.7
К90

Кулматов Н.

К 90 Моралдык тарбия жөнүндө. — Ф.: Мектеп, 1979— 92 бет.

Нуркемел Кулматов философия илимдеринин кандидаты, үч китеп, 80 ге жакын илимий жана публицистикалык макалалардын автору. Бул эмгегинде адеп жана тарбия маселеси тууралуу пикир бөлүшөт. Китеп мектеп балдары менен мугалимдерге жана коммунисттик тарбия, мораль проблемалары менен кызыккандарга арналат.

К $\frac{10507-195}{М452(17)-79}$ Без объявл. 79. 0302050000. 1МИ7 ББК87.7

© «Мектеп» басмасы, 1979-ж.

Кулматов Нуркемел

О МОРАЛЬНОМ ВОСПИТАНИИ

*(На киргизском языке)*

Издательство «Мектеп»

Коомдук башталыштагы редактор *С. Асанбеков*
Басманын редактору *М. Аманов*
Худ. редактор *А. Байбориев*
Тех. редактор *Ш. Борчубаева*
Корректор *Ж. Дыйдаев*

ИБ № 1713

Терүүгө 13.08.1979-ж. берилди. Басууга 15.10.1979-ж. кол коюлду. Д—00098. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108¹/₃₂. Адабий арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,875 физ. басма табак, 4,83 шарттуу басма табак, 4,98 учёттук басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 377. Баасы 15 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

## АДЕП ЖАНА ТАРБИЯ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Адеп биздин элге эзелтен кеңири белгилүү түшүнүк. Азыр мааниси андан да кеңири. Мейли чоң, мейли кичине болобу, адеп жөнүндө көп эле угат. Ал турмак адамдын жүрүм-туруму менен кыял-жоругу адептүү же адепсиз деп бааланат. «Кандай адептүү же кандай адеби жок немелер» деген ыраазылык, же нааразылык алда нече айтылат. Кыскасы, адеп коомдо белгилүү роль ойнойт. Аны сактоо көңүлдү көтөрүп, бузуу көңүлдү чөгөрөт, адамдарды бир-бирине жакындатат же алыстатат. Адеп мектеп турмушунда өзгөчө мааниге ээ. Анткени окуучу ал жерде жалаң эле илим-билим эмес, коомдун талабына ылайык келген адеп нормасын өздөштүрүп, белгилүү деңгелде таалим-тарбия алат. Ырас, адеп атайын сабак катары мектеп программасына кире элек. Бирок кийинки кезекте аны сабак кылып киргизүү маселеси каралып жаткандыгы белгилүү. Ал турмак адеп сабагы Белоруссия ССРинин жана Москва шаарынын айрым мектептеринде окулуп жаткандыгын мезгилдүү басма сөз кабарлоодо.

Адеп түшүнүгүн ар бир эле киши дүнүнөн баамдаганы менен бардыгы тең бирдей маани берип так билүүсү кыйын. Бирөө көңүл кыйбаган тил алчактыкты, уяңдыкты, сыпайы-сылыктыкты адеп сактоо десе, экинчи бирөө кишиге өйдө карабаган жоош-момундукту да айтат. Таалим-тарбия жөнүндө жаза калып жүргөндөр «мораль» түшүнүгүн кыргызчалатып, адеп деген маанидe алып жүрүшөт. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» (Э. Абдулдаев, Д. Исаев, «Мектеп» басмасы, Ф., — 1969-ж) адеп түшүнүгү тартип, ызат, уят, сыпайы-сылыктыкты өзүнө камтыган маанидe чечмеленген.

Ушул аныктама биздин оюбузча туура. Анткени адеп

мааниси боюнча жүрүм-турум маданияты, этикет сыяктуу түшүнүктөр менен тектеш. Демек, адеп деп өз ара мамилелердеги адамдын жүрүм-турумун, кылык-жоругун жөнгө салып турган эрежелер аталат.

Экинчиден, адеп тарбиясын илимий адабияттарда такай колдонулуп жүргөн моралдык тарбиянын маанисине теңештирип кеңири кароого да болот. Биз биерде ушул мааниде колдонобуз.

Адеп нормасын сактоого багытталган эрежелер көп. Мектепте, мисалы, класска мугалим киргенде окуучулардын ордунан тура калышы ага ызат көргөзүүнүн шарттуу белгиси. Аны аткарууга мектеп балдары сөзсүз милдеттүү. Ордунан турбаган бала моралдык жактан катуу уяткарылат. Ал эми башка мекемелерде начальник киргенде кызматкерлер тура калбайт. Анткени ал кызмат этикасынын эрежесине кирбейт. Кайра кирген киши озунуп салам берип учурашат. Демек, ар бир иш кырдаалынын өзүнө ылайык эрежеси бар. Ар бир адеп нормасынын бекем көнүмүш адатка айланышы айрыкча мектептеги таалим-тарбиядан башталат. Ушундан улам тарбия эмнени түшүндүрөт деген суроого жооп берүүгө туура келет.

Тарбия — адамдын жүрүм-турумун, кулк-мүнөзүн, ички дүйнөсүн коомдун талабына ылайык калыптандыруу процесси. Тарбия коомдун ишине жан-дили менен берилген активдүү жана адептүү адамды даярдоого багытталат. Ал үй-бүлө, мектепке чейинки мекемелердин, мектеп, пионер менен комсомол уюмдарынын, ошондой эле жалпы коомчулуктун бирдиктүү иш-аракети аркылуу жүзөгө ашат.

Алдыңкы адамдын калыптанышына коомдук турмуштун, илим менен техниканын өнүгүшү, адабият, искусство, массалык информация каражаттары таасир берет. Ошондой эле адам өзүн өзү тарбиялайт. Тарбия үй-бүлөлүк жана коомдук деп экиге бөлүнөт. Биздин коомдо да социалдык турмуш (антогонисттик эмес) карама-каршылык аркылуу өнүгөт.

Кээде бул төп келишпестиктер биздин коомго негизинен мүнөздүү болбогон айрым бир көрүнүштөрдү пайда кылат. Ошондуктан таалим-тарбия берүүнүн зарылдыгы келип чыгат. Ал оң маанидеги сапаттарды өнүктүрүп, терс көрүнүштөрдүн жолун бууйт. Мейли көркөм же илимий адабияттарда болобу, тарбиянын

керектигине шек келтирүү такыр жок. Бирок кээ бирөөлөр адамдын моралдык жактан өсүшүндө объективдүү турмуштун тийгизген таасирин өтө ашыра баалап жиберишип, тарбияны экинчи катардагы маселе катары караган учур да кездешет.

Тарбия берүүдө кайсы ыкма же жол таасирдүү же натыйжалуу деген суроо туулат. Социологдор биринчи орунга уюштуруу чараларын койсо, педагогдор билим берүү, окутууну коюшат.

Партиянын XXV съездинде белгиленгендей, тарбияга комплекстүү мамиле кылуу гана бул иште зор ийгилик алып келет. Ал тарбия ишинин зарыл элементтеринин бири. Ансыз адамдын аң-сезимдүү өнүгүшүн камсыз кылуу мүмкүн эмес. Бирок ага бир жактуу ашыра баа берүү кур агартуучулукка, кур акыл-насыятка алып келет.

Ошондой эле тарбия берүүнү билим берүү менен чылк окшоштуруп кароо да жарабайт. Албетте, билим менен маданияттын жогорку деңгели адамды ар тараптан өстүрүүчү факторлорго кирет. Ошону менен катар алар өзүнөн өзү эле бийик адамгерчилик сапатты калыптандырууга алып келе койбойт. Турмуш-шарт, айлана-чөйрө, эмгек, жашоо жагдайы идеологиялык жактан таасир берүү менен ыктуу, акылдуу түрдө коштолсо гана тарбия иши оңунан чыгары белгилүү.

Тарбиянын негизги функциясы — социалдык тажрыйбаны топтоп, укумдан-тукумга берүү. Тарбия түшүнүгү илимий көз караштын, коммунисттик моралдын бекемделишин, социалдык патриотизм менен пролетардык интернационализмди, адамдардын ар тараптан өнүгүшүн, эскинин калдыктарын жоюу, ж. б. маселелерди өзүнө камтыйт.

Биздин коомдо ар кандай тарбияга коммунисттик маани берилет. Ал эми коммунисттик тарбия коомдук аң-сезимди калыптайт. Өнүккөн социалисттик коом таалим-тарбия ишин ырааттуу түрдө дайыма жүргүзөт. Анткени ал бир эле жолу бүт бойдон чечилип калбайт. Коомдо адамдын жүрүм-туруму, ойлоо, эрк, сезим ж. б. көп факторлор менен чектелет. Турмуштун жүрүшүндө айрым адамдын рухий ишеними жана көз карашы олку-солку болуп, кээде эски калдыктардын жана буржуазиялык идеологиянын таасирине түшүп кетиши ыктымал. Ошондуктан коммунисттик тарбия дайыма

ушундайларга каршы турат. Келечек турмуш жана коммунизм жөнүндө ачык-айкын илимий түшүнүк берет. Телегейи тегиз өнүккөн адамды калыптоого түрткү болот. Телегейи тегиз адам дегенде эле бүгүн педагог, эртең инженер, бүрсүгүнү врач же агроном боло турган универсалдуу адамды элестетпейбиз. Бул утопиялык түшүнүк. Адамдын ар тараптуулугу билим, эмгек функциясынын көп түрдүүлүгү менен аныкталып, адамды бир кесипке эле такай кадалып калгандыктан куткарат жана коомдук турмуштун өндүрүш, социалдык-саясий, рухий чөйрөлөрүнө катышууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле телегейи тегиз адамда рухий байлык, моралдык тазалык, физический жетилгендик бири-бирине айкашат. Андай адам коммунисттик аң-сезимге ээ. Адамдын ар тараптуу өнүккөндүгү бир кесипти тандап алып терең өздөштүрүүгө жолтоо болбойт. Адамдын ар тараптуу өнүгүшү илимий көз карашы калыптанмайынча мүмкүн эмес. Ал коммунисттик тарбиянын мазмунун түзөт. Партиянын XXV съездинде «биздин түзүлүштүн күчү эл массасынын аң-сезимдүүлүгүндө» деп айтылган.

Илимий көз караш бизди курчап турган дүйнө деген эмне жана адам анда кандай орунду ээлейт, аң-сезим жана коом кандай закон ченем менен өнүгөт, эмгекчи эл үчүн бактылуу турмушту кантип куруу керек? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

## ҮЙ-БҮЛӨ ЖАНА МЕКТЕП ТАРБИЯСЫ

Тарбиянын калыптанышы татаал процесс. Ал окуудан башталып, эмгек коллективинде уланат. Демек бул процессте мектеп коллективине маанилүү роль таандык. Анткени балдар менен жаштардын адеп жагынан жетилиши — коммунисттик тарбиянын актуалдуу жана маанилүү маселелеринин бири.

Л. И. Брежнев ВЛКСМдын XVII съездинде чыгып сүйлөгөн сөзүндө «жаштарды коммунисттик моралдын духунда тарбиялоо жөнүндө лениндик осуятты аткаруу азыркы кезде өзгөчө мааниге ээ[1]»,— деп айткан.

[1] Л. И. Брежнев. Лениндик жол менен. Сүйлөгөн сөздөрү жана макалалары, 5-том, «Кыргызстан» басмасы, 1977, 57-бет.

Бала кезден адеп сактоону көнүмүш адатка айландыруу адамды боорукер, камкор кылат. Кылган жакшылыгын колкоо кылбай, билмексенге салуу адептүүлүктүн бийик белгиси. Белгилүү советтик педагог В. А. Сухомлинский адепти көнүмүшкө айландыруунун бүтүндөй бир программасын иштеп чыгып, өзү жетектеген мектептин таалим-тарбия ишине киргизген. Алардын айрым бири булар: баштаган ишти аягына чыгаруу, бир ишти эптеп-септеп бирдеме кылбай, жакшылап аткаруу; өзүнүн ишин бирөөгө жүктөй салбоо; карыларга, алсыздарга жардам берүү[1] ж. б.

Бул жөнөкөй адеп нормалары чоң моралдык мазмунга ээ. Орто билим берүүнүн ар бир системасы адеп жагдайына тиешелүү. Ушундай көнүмүш адаттарды калыптандыруунун сонун мектеби. Бирок турмуш жалаң гана көнүмүш кырдаалдардан турбайт эмеспи. Ар кандай тоскоолдорду басып өтүп, кыйынчылыктарга туруштук берүү жана аны жеңүү талап кылынат. Ага адамдын активдүү турмуш позициясы жардам берет. «Мындай позицияны жаратуу — моралдык тарбиянын милдети» деп КПСС БКнын XXV съездинде айтылгандыгын жакшы билебиз. «Сыйлык» жана «Тескери байланыш» сыяктуу кинофильмдерди көрүү менен өзүбүз турмуштан байкаган канча көрүнүштөрдү, окуяларды эске салабыз. Бирок мектеп окуучусунун моралдык түшүнүктөрдү баамдоо деңгели кандай деген суроо туулат. Кийинки кезекте мугалимдер чөйрөсүндө (окумуштуу-этиктердин) орто окуу жайлардын окуу планына этиканы окутууну киргизүүнүн жөнү барбы деген талаш-тартыш боло калып жүрөт. Этика сабагына каршы болгондор этикалык түшүнүктөрдү билүү балдардын жүрүм-турумунун өзгөрүшүнө эч жардам бербейт, кайра моралдык тарбияны турмуштан алыстатып, сөз менен иштин эки ачалыгын көбөйтөт дешет. Мындай пикир менен макул болуу кыйын. Анткени начар моралдык билим татаал кырдаал башка түшкөндө жакшылык менен жамандыктын чегин ачык-айкын бөлүп, активдүү позициянын калыптанышына таяныч болуп бере албайт. Социологиялык изилдөөлөр көргөзгөндөй, мектеп балдары «ар-намыс», «уят», «татыктуулук», «милдет», «адилеттик». сыяктуу этикалык категорияларды аныктап,

---

[1] В. А. Сухомлинский. Рождение гражданина. М., 1971, 197-бет.

көркөм адабияттан же өз турмушунан мисал келтирүүгө анчалык даяр эмес. Ар-намыс түшүнүгүн ак ниеттик, адилеттик менен окшоштуруп, айырмачылыктарын так ажыратышпайт. Ошондой эле чаташтыруулар моралдык норма менен этикалык категорияларды бөлүп кароодо кездешет. Ошондуктан маркстик-лениндик этиканын негизин орто мектептердин окуу планына киргизүү оң.

Дайыма жакшылык кылууга даяр болуу адептүүлүктүн башкы белгиси жана ага адамды жаштайынан тарбиялоо керек. Бирок окуучулар кантип жакшылык кылышты дайым эле биле беришпейт. Ал турмак кээде андай кылуудан уялышат. Сурамайынча, өз демилгебиз менен кантип бирөөгө жакшылык көргөзөбүз деген балдар да болот. Биздин балдар дайыма боорукер. Бирок сезимдин тереңинде ошондой болгондору менен көбүнчө аны көп билгизбөөгө аракеттенишет. Кандай киши болгуңар келет деген суроого бир мектептин балдары көбүнчө күчтүү, эр жүрөк, акыл-эстүү болом деп жооп беришкени менен эч кимиси кайрымдуу болом деп айтпады. «Кээде кайраткерлик сапатты ашыра баалоо катаалдыкка алып барышы ыктымал»,— деп жазат В. А. Сухомлинский. Ошондуктан кайрымдуулукка тарбиялоо зарылдыгы келип чыгат.

Моралдык тарбиянын максаты жалаң гана тышкы жүрүм-турумду өзгөртүү эмес. Албетте, бул да маанилүү, бирок ал жетишсиздик кылат. Биздин коомдо коммунизмди куруучулардын моралдык кодексинин принциптерин ишенимге айландыруу негизги максат. Ошондой болсо да аларды өспүрүмдөрдүн курак өзгөчөлүгүнө жараша конкреттештирип кароо талапка ылайык. Өспүрүм куракта үй-бүлө тарбиясынын ролу чоң. Коллективдин, курдаштар тобунун өсүп бараткан таасирине карабай, өспүрүмдөрдүн рухий турмушунда эне-атанын моралдык авторитети баа жеткис. Силер үчүн өтө кадыр-барктуу судья ким деген суроого көпчүлүк өспүрүмдөр биринчи иретте эне (70%), анан ата (55%)деп жооп беришкен. Үй-бүлөнүн мындай тарбиялык таасири ата менен баланын, күйөө менен аялдын коллективисттик, демократиялык мамилелеринин жана материалдык шарттардын, билим, маданият деңгелдин жогорулагандыгы, педагогикалык сабаттуулуктун арткандыгынын натыйжасы деп кароого болот. Өспүрүмдүн

калыптануусунда маанилүү ролду үй-бүлөдөгү укук менен милдетти туура бөлүштүрүү ойнойт. Эмгек жоопкерчилик сезимди, коллективизмди, тийиштүү адеп көнүмүш-адатын тарбиялайт. Тилекке каршы өспүрүмдүн үйдө эмгек кылуусу көп учурда теориялык мүнөздө гана болуп калып жатат (өзгөчө шаарда). Өспүрүм негизинен сабакка даярданүу менен алек. Буга объективдүү жана субъективдүү себептер бар. Ата-энелердин көпчүлүгү балдардын эмгектенүүсү боюнча анчалык катуу талап коюшпайт. Кайра кара жумуштан качырып, окусун деп турушат. Мектеп окуучуларынын өздөрүнөн жумушка канча убакыт кетиресиңер деген суроого 15—20 минутаны гана айтып жооп беришкен. Кээ бирөөлөр мектептеги коомдук иштен да качышат.

Балдар таламдарынын туура тарбияланышы ата-эне жана мектеп тарабынан көбүрөөк көңүлгө алынышы талап кылынат. Кээ бир 16—18 жаштагы өспүрүмдөрдүн таламы чоң. Изилдөөлөр көргөзгөндөй, баласынын каалаганын алып берүү үчүн эне-ата 86,7% ке өз таламдарын кыскарткан. Албетте, дайыма эле бардыгына эне-ата күнөөлүү эмес. Бир катар объективдүү факторлор үйдө ыңгайлуу шарттын түзүлүшүн өбөлгөлөйт. Мисалы, шаардын шартында кол менен жумуш кылуунун кыскарышы, үй-бүлөнүн чакан саны. Айрым изилдөөчүлөр жалгыз баланын болушу өзүмчүлдүктү пайда кылат, ошондуктан бир үй-бүлөдө 2—3 бала болгону оң деген пикир айтышат.

Жалгыз өскөн бала көбүнчө ачуулуу, коркок, өзүмчүл келип, теңтуштарына тыңсынгандыкты жакшы көрөт. Коомдук ишке анча шыгы жок, өзүнө карата сынды көтөрбөстүгүн изилдөөлөр көргөздү. Ошондой эле мындай кемчиликтер кийин бала бакчада жоюларын далилдеди.

Ырас, үй-бүлөнүн моралдык мааниси таалим-тарбия ишинде кыйла чоң. Ичкилик, мещандык маанайга берилүүчүлүк, моралдык жана маданий деңгели пас, уруш-талаш чыккан үй-бүлөдө кыял-жоругу кыйын балдар өсөт. Ал эми эмоционалдык атмосфера тарбияга оң өбөлгө түзөт. Балдардын эне-ата менен ынактыгы башка кишиге ишенгендикти жана сүймөнчүлүктү көбөйтөт. Таш боордукту көбүрөөк байкаган бала жакшылык менен сулуулукка көңүл кош болуп калат. Кыскасы үй-бүлөдөгү эмоционалдык-психикалык климат

балдарга оң таасир көргөзөрүн көптөгөн изилдөөлөр көргөздү.

Эне-ата менен баланын ортосунда жакшы мамиле кандайча түзүлөт деген суроого качан эне-ата балдардын турмушуна чын пейилден кызыгып урматтаганда деп жооп берсе болот. Чоңоюп калган өспүрүмдөргө жөнү жок камкордук, текшерүү анчалык жарабастыгын тажрыйба далилдеди. Алар өз алдынчалыкты, эркиндикти самашат. Буга кандайдыр бир деңгелде жол берүү менен катуулукту жана талап койгучтукту да унутпоо зарылдыгы чыгат. Бирок ал орой же өтө катаалдыкка өтпөшү керек. Бала үчүн эне-ата чоң моралдык авторитет. Ошондой болсо да өспүрүм жолдош-жоронун ой-пикирине да өтө сергек мамиле кылат. Өзүнүн күнүмдүк маселелери жөнүндө көбүнчө жакын достору менен кеңешет. Маселен, энеси менен 76,1%, жакын досу менен 79,6%, атасы менен 40% кеңешери байкалган. Өспүрүмдүн «формалдуу эмес» тобунун ролу өтө аз изилденген. Ошентсе да өспүрүм ал жерде өз ара мамилелешүүгө тийиштүү моралдык сапатын өстүрөрү маалим. Мына ушундай чөйрөдөн жаман адатка үйрөнүү «коркунучу» да пайда болот. Ошондуктан ушул убакта эне-атанын бийик авторитети тиги терс таасирлерге каршы коюлат. Эне-ата баласы менен такай карым-катышта болушу керек. Акырында өспүрүмдүн өзүн-өзү тарбиялоосунда рухий бай турмуш менен жашаган эне-атанын ролу чоңдугун баса белгилөөгө болот. Анткени бала аларды туурайт, үлгү катары кармайт. Ачык аңгеме, талашып-тартышуу моралдык агартуу ишине кыйла жардам берет.

Үй-бүлө тарбиясы жөнүндө өтө дүңүнөн сөз кылынды. Эми мектеп тарбиясы тууралуу сөз кылганда деле анын моралдык тарбиядагы ролу зор экени айтылат. Себеби биерде өспүрүмгө комплекстүү тарбия берилет: окуучунун көз карашынын калыптанышы, анын моралдык позициясы саясий-идеялык, агартуу, илимдердин негизин өздөштүрүү, коомдук-саясий жана эмгек ишмердигине тартуу сыяктуу жолдор менен ишке ашат. Өспүрүмгө идеялык-моралдык тарбия берүүдө пионер, комсомол сыяктуу коомдук уюмдардын ролу чоң. Мектепте тарбиялоонун башкы ыкмасы — коллективдүү эмгекке активдүү катыштыруу жолу. Курулай сөз менен тарбиялоого багыт алган методго каршы күрөшүү —

мектептин маанилүү жана актуалдуу милдети. Сөз менен тарбиялоо ыкмасы ишмердик аркылуу тарбиялоодон басымдуулук кылса, аны менен келишүүгө болбойт. Тилекке каршы мындай фактылар айрым мектептерде кезигет. Акыркы кездерде жогорку мектептин окуучулары заводдордо, мектептер ортосундагы окуу-өндүрүш комбинаттарында эмгек сабагын, окуучулардын өндүрүш бригадасын, эмгек, эс алуу лагерин уюштуруу аркылуу коомдук-өндүрүш эмгегине кеңири тартылууда. Өспүрүмдөрдү эмгекке тарбиялоодо өндүрүш жана эмгек коллективдери чоң жардам берет. Өспүрүмдүн моралдык өнүгүшүнө мугалим биринчи иретте өзүнүн билимдүүлүгү, адамгерчилиги, бийик идеялуулугу, ишке берилгендиги менен таасир көргөзөт. Окуучунун өсүшүнө жараша мугалим өзүнүн педагогикалык стилин өзгөртөт. Ал балдардын өз алдынчалыгына, демилгелүүлүгүнө таянып, ишендирүү методун, мактоо санкцияларын көбүрөөк колдонсо, тарбия оң натыйжага ээ болот. Ал эми айрым мугалимдердин буйрук түрүндөгү стили өспүрүмдөргө терс таасирин тийгизет. Мектептеги тарбия ишиндеги орун алган кемчиликтердин бири мугалим менен окуучунун жетишсиз деңгелдеги карым-катнашы. Мугалим окуучунун моралдык жактан калыптанышына практикалык активдүүлүгүн арттыруу менен таасир берет. Ошондой эле тарбия берүүчү ыктардын бири мугалимдин сөзү (ынандыруу, түшүндүрүү).

Ырас, сөз менен таасир берүүнүн маанисин ашыра баалап жиберүү жарабайт: сөз иш менен айкалышканда гана ал кубаттуу күчкө айланат. Болбосо жалаң сөз таасири курулай акыл-насаатка айланат. Окуучунун этикалык маданиятын көтөрүү боюнча мугалимдин жүргүзгөн иши бир топ маанилүү. Моралдык агартуу коммунисттик моралдын адамгерчилик маңызын түшүндүрүүдө зор роль ойнойт: ал күнүмдүк аң-сезимди теориялык деңгелге чейин көтөрөт. Моралдык агартуу өспүрүмдүн өзүн-өзү тарбиялоосуна да өбөлгө түзөт. Буга мугалим лекция, аңгеме өткөрүү жолу менен жетишет. Үй-бүлө менен мектеп адепти тарбиялоодо дагы канча ыкмаларды колдонот. Бул өзүнчө бир атайын чоң изилдөөнү талап кылат.

## ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ

Лениндик осуятты турмушка кеңири ашыруу максатында советтик жаштар азыркы мезгилде ак пейилден комсомолдук курулуштарда эмгектенип, эл чарбасынын бардык тармагын, илим, техника жана искусствону өнүктүрүүгө активдүү катышууда. «Жаштар, комсомолдор коммунисттик курулуштун летописине даңктуу жаңы барактарды жазарына партия терең ишенет» деп КПСС БКнын XXV съездинде айтылган.[1]

Буга ачык-айкын далил болгон нечен-нечен мисалдарды келтирүүгө деле болот. Бирок аны ким билбейт. Ошондуктан талдоого алынган маселенин кээ бир гана жактарына көңүл бурабыз. Анткени проблема чоң жана көп кырдуу. Бардык жагын тең камтууга мүмкүн эмес. Жаштарды моралдык жактан тарбиялоонун мааниси биздин коом коммунизмге жакындаган сайын улам күчөөдө. Илимий-техникалык революция, массалык информация каражаттарынын өсүшү, бош убакытты туура уюштуруу жана кишилерди рухий маданиятка жакындатуу мүмкүнчүлүктөрүнүн көбөйүшү моралдык таасир берүүнүн масштабын кеңитет. Коомдук иш-аракеттердин илимий-техникалык революцияга байланыштуу татаалданышы, дифференцияланышы жана интеграцияланышы жалаң гана материалдык өндүрүштү эмес, адамдын өзүн тарбиялоону илимий түрдө уюштурууну талап кылат.

Коомдук мамиле менен турмуш шартка, моралды өздөштүрүүнүн логикасына негизделген таалим-тарбия көздөгөн натыйжаны бериши мүмкүн. Моралдык тарбия жалпы эле коммунисттик тарбиянын системасы аркылуу ишке ашат. КПССтин XXV съездинде жолдош Л. И. Брежнев «Тарбиялоонун бүткүл ишин жолго коюуга комплекстүү мамиле кылуу, башкача айтканда, эмгекчилердин ар түрлүү топторунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен идеялык-саясий, эмгектик жана моралдык тарбиялоонун бекем биримдигин камсыз кылууну» баса көрсөткөн[2].

---

[1] КПССтин XXV съездинин материалдары. «Кыргызстан» басмасы, Ф., 1976, 101-бет.

[2] КПССтин XXV съездинин материалдары, «Кыргызстан» басмасы, Ф., 1976, 89-бет.

Тарбия түрлөрүнүн комплекстүүлүгү бир-бирине өтмө катмарлыгы менен, ал эми идеялык-саясий тарбия моралга өтүп кирсе, өз кезегинде идеялык-саясий тарбия моралдык маани менен мүнөздөлөт. Экөөнүн ийгилиги эмгек тарбиясы менен тыгыз байланыштуу. Моралдык тарбиянын натыйжалуулугун көтөрүү тарбиянын максатын аныктоону талап кылат. Коммунизмди куруучулардын моралдык кодекси моралдык тарбиянын конкреттүү максаты менен милдетин аныктоонун фундаменти.

Азыркы кезде ишкердик менен тарбиялоонун принциптери кеңири колдоого алынууда. Таалим-тарбия ишинде информативдүү методго, лекция, аңгемелерге гана үгүттөөнү алда качан эле туура сынга алышкан. Бирок идеологиялык билимдерге анча баа бербей коюу да жарабайт. Аңгеме, диспут, лекцияларды ишмердик менен бирдикте пайдалануу гана жакшы натыйжа берет. Иш чаралардын тарбиялык ролун ашыра баалоо — анын сапатынан мурун санын кууп калган формализмге алып келет. Ошондуктан кишилердин бат өзгөрүп жаткан турмуш-шартын, алардын билиминин, маданиятынын, ар нерседен кабардардыгынын өскөндүгүн эске алып, илимий жана комплекстүү мамиле кылуу зарылдыгы келип чыгат.

Идеялык тарбиянын натыйжалуулугун такай күчөтүү, агитация менен пропаганданын жогорку деңгелин камсыз кылуу — КПСС Борбордук Комитетинин «Идеологиялык, саясий-тарбиялоо ишин мындан ары жакшыртуу жөнүндө» кабыл алган токтомунун (май, 1979-ж.) маанилүү талаптарынын бири. Токтомдо ошондой эле жаштардын бардык тобун коммунисттик моралдын духунда тарбиялоо айтылган. Таалим-тарбия маселесине айрыкча көңүл буруу коммунисттик тарбия системасына улам жаңы жана жогорку талаптарды коюп жаткандыгы менен шартталат.

Коммунисттик тарбия системасынын маанилүү талаптарынын бири — маркстик-лениндик идеологияны, илимий көз караштты, эмгекке коммунисттик мамилени калыптоо. Ошону менен катар ага дагы бир закон ченемдүү тенденция мүнөздүү — өсүп келаткан жаш муундардын тарбиялуулугу улам жогорулоодо. Алар бүгүн идеялык ынанымдуулугу, терең маркстык көз карашы,

маданий мурастарды баалай билүү жөндөмү менен айырмаланышат.

Коммунисттик тарбиялоо системасында моралдык тарбиянын ролу улам жогорулап, маанилүү орунду ээлөө менен анын бийик аң-сезимдүү адамды тарбиялоо сыяктуу жалпы өзгөчөлүгү менен максатын бөлүшөт. Ошону менен бирге ал жакшылык, жамандык, милдет, татыктуулук, уят-сыйыт ж. б. түшүнүктөр менен принцип, нормалар жөнүндө маалымат берип, аларды аң-сезим, жүрүм-турумга сиңдирет, ички ишенимге айлануусуна түрткү берет.

Кээ бирөөлөр моралдык тарбиянын мазмуну деп коммунисттик моралдын принциптери менен нормаларынын жыйындысын түшүнүшөт. Ырас, алар бири-бири менен байланыш, бирок такыр окшош эмес. Ошондой эле моралдык тарбияны кыргыз тилинде адептүүлүктүн синоними катары кароо анын маанисин тарыткандык болот. Анткени адептүүлүк бир гана сапат, ал эми моралдык тарбия нечен сапаттарды жана принциптерди өзүнө камтыйт. Демек аны тагыраак баамдап, практика жүзүндө илимий деңгелде иш алып баруу азыркы талапка ылайык.

Биз жогоруда сөз кылган адеп термини адептүүлүккө караганда мааниси кеңирээк, жалпылагыч келип моралдык тарбияга жакыныраакпы деген ойдобуз. Ошондон улам эмгекти моралдык тарбия жөнүндө деп атадык. Сүйлөмдүн ылайыгына карай кээде адеп же моралды тарбия деп ала бергенибиздин жөнү ушундай. Адеп же моралдык тарбия тийиштүү деңгэлде моралдык турпатты калыптоону көздөйт. Моралдык тарбияны жүрүм-турум эрежеси менен нормасынын белгилүү гана суммасын айкындоого, өздөштүрүүгө багытталган процесс катары гана карап, анын башка бай маңызын этибарга албоо бир жактуулук. Моралдык тарбия адамга таасир көргөзүүнүн ырааттуу системасын уюштуруу, моралдык норманы өздөштүрүү аркылуу кылык-жорук менен жүрүм-турумду калыпка салат. Жаштарды моралдык тарбиялоонун жалпы милдеттерин өтө дүңүнөн мындайча аныктоого болот. Биринчиден, аң-сезимдеги моралдык калдыктар, адепсиз жүрүм-турумдар менен активдүү түрдө күрөшүү. Экинчиден, советтик адамдарды коммунисттик моралдын талаптарын сактоого багыттоо. Үчүнчүдөн, сөз менен иштин кыйчалыш келишин жоюп,

адамдын оң моралдык турпатын калыптоо жана тарбияны өзүн өзү тарбиялоого түртө турган абалга жеткирүү.

Өнүккөн социалисттик коомдун шартында адамдын моралдык-саясий аң-сезими менен жүрүм-турумуна талап улам жогорулап турган кезде кээ бир жаштардын моралдык тарбиясындагы айрым кемчиликтер дароо көзгө урунат. Бул көбүнчө бүгүн мектепте окуп, эртең эл чарбасынын белгилүү адиси болучу жаштарга тиешелүү. Ошондуктан орто жана жогорку мектеп жана андагы партиялык, комсомолдук, башка коомдук уюмдардын алдына жаштарды жалаң эле болочок адистигине окутуу эмес, аларды коммунисттик ынангандыкка тарбиялоо милдети коюлат.

Кээ бир жаштарда рухий кызыкчылыктан мурун буюмга кызыгып кетүү адаты орун алууда. Акыл токтотпой туруп мындай мода куучулук жаш адамдын рухий маданиятынын пастыгынан кабар берет. Баарынан да минтип буюмга жүгүнүү күнүмдүк жүрүм-турумдун өзүнчө бир бөлөкчө формасына, коомчулук алдында оригиналдуу көрүнүү өнөкөтүнө айланып кетип жатканы кызык.

Айрым бир жаш жигиттердин мингени «Жигули», кийгени жинси, үйүндө Чехов, Фолкнер, Айтматов, ал эми сүйлөшө келсең тигилерден кабары аз, анчейин гана мода үчүн жыйып койгон. Эс-дарты дүнүйө жыйноо, таасирлүү кишилер менен карым-катыш кылуу, колдо бардыгына чиренип башкаларга кыр көргөзүү, жалган «дөөлөткө» ориентация жасоо башка кишилердин жана өзүнүн баркын баалоодо кандайдыр бир чекиликке алып келиши ыктымал. Айрым жаштар арасында достукту үстүртөн, жеңил-желпи баалоо орун алып келүүдө. Кээде «жакшы жигит» же «жакшы селки» деп башкалар менен бат аралашып, компанияны жакшы көргөн, ыкка тез көнмө, тил алгыч, ар кандай жыйынды дайыма бирге бөлүшүүгө даяр турган киши айтылат. Ал эми эмгекчилдик, принципиалдуулук, ынангандык, бетке түз айткан адилеттик, калыстык, ак жүрөктүк сыяктуу оң сапаттар кээде анчалык этибарга алынбай калат. Коллективизм биздин моралдык сапат. Ошондой болсо да айрым бир коллективде жасалган терс ишке кепил болуу же калкалоо керек деп тилектештик, жолдошчулук, адамгерчиликти жалган негизде түшүнгөн көз караш-

тар басымдуулук кылат. Мындай жалган «коллективизмди» сынга алып, түшүнүктөрдүн негизин бошондотуу үчүн белгилүү таалим-тарбия ишин жүргүзүүгө туура келет. Эмгекчилдик сапат биздин коомдо чоң кадыр-баркка ээ экендиги маалим.

Коммунисттик партия социализмди куруунун бардык этаптарында жаш муундарды ак ниет эмгек кылууга тарбиялады жана тарбиялап жатат. Эмгекке ак ниет мамиле кылып, үзүрлүү иштеп жаткан жаштар ар бир коллективде бар. Мында эч талаш жок. Кеп ар түрдүү кесипти коомдук маанисине жараша туура баалоого багыттоодо болуп жатат. Орто жана жогорку окуу жайлардан окугандардан кайсы кесип кадыр-барктуу деп сураганда геолог-чалгындоочу, моряк, артист, жазуучу, кинорежиссер сыяктуу сейрек же экзотикалык кесиптерди айтып жооп беришкендигин социологиялык изилдөөлөр көргөздү. Бизде коомдук пайдалуу жумуштардын бардыгы баалуу экендигин далилдоо партиянын, коомдук уюмдардын идеялык-тарбия ишинин, адабият менен искусствонун милдети. Мындай иш-аракеттердин тарбиялык мааниси баа жеткис. Тарбиянын эң негизги милдеттерининин бири—адамдын эмнеге шыктуу, жөндөмдүү экендигин ачып, ага турмуш жолун туура тандап алууга жардамдашуу болуп саналат. Ал эми өзүнүн жөндөмүнө жана шыгына карабай, «кадыр-барктуу» деп аталган кесиптин артынан сая түшүү коомго да пайдасыз, анткени эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн азайышына, компетенттүү эместикке, принципсиздикке, ыкташуучулукка түрткү болот, ошондой эле адамдын өзүнө да пайдасыз, анткени такай начар адис, кызматкер деген атка кондурат, өзүнүн толук баалуу эместигин сезгендикти пайда кылат.

Эмгектенүү адамдын шыгына ылайык келгенде гана ал бош убактан анчалык айырмаланбайт, ага ырахат алып келерин турмуш өзү далилдөөдө. Ошондуктан кесип тандоого туура багыт берүү маселеси кокусунан эмес.

КПСС БКнын (май, 1979-ж.) «Идеологиялык, саясий-тарбиялоо ишин мындан ары жакшыртуу жөнүндөгү» токтомунда: «Биздин коомдук турмуштун орчундуу маселелерин талкуулоону тартынбастан ачык коюудан али да болсо жалтактоо кездешип жаткандыгы, чечилбеген курч проблемаларды жымсалдоо, алардан четтеп

өтүү, реалдуу турмушта орун алган кемчиликтер жана кыйынчылыктар жөнүндө тымызын болуу тенденциясы идеялык тарбиялоо ишинде партия алдыга койгон милдеттерге сыйышпайт»[1] — деп өтө таамай айтылган. Ушундан улам өзүбүз көрүп-билген эле фактылардан мындай бир ойго келүүгө болот. «Конкурсу аз институтка кирип алып эптеп диплом эле алсам болду» — деген улан-кыздан кийин көбүнчө иштен ишке которулган жел тамандар чыгары бышык. Институт эмес, илимдин кандидаты болгончо бир кесипке токтой албай, чөп башылаган айрым кокуй окумуштуулар жөнүндө биздин бир газетага жазганыбыз бар.

Дарамети жетип же окууга өтө албай, же күч эмгегин кылууга мойну жар бербеген бекерпоздук такыр жок эмес. Айрым жаштардагы мындай психология үй-бүлөдөгү туура эмес тарбиядан болушу ыктымал. Анткени кээ бир эне-ата кичинесинен тартып эле баланы акыл эмгегинин кишиси болууга даярдап, «жакшы окусаң врач, окумуштуу же инженер, ал эми жаман окусаң койчу, кароолчу же официант, уборщица болуп каласың» деп эле кулагына куя берет. Натыйжада кара күчтү талап кылган жумуштан жаадай качып, акыл эмгеги боюнча кызматка орношууга билими жетпей, «же үйдө жок, же чүйдө жок» деген макалдагыдай болот да калат. Кээде окууга өтпөй калган сомодой эле болгон жаштар же айлына кетпей, же заводго барып иштебей, келерки жылы дагы бир аракет кылып өтүүнү көксөп көчө таптап бош жүргөнүн байкап, «сокур намыс баш жарат» деген ушул экен го деп өкүнөсүң. Албетте, мындай көнүмүш көпчүлүк жаштарга мүнөздүү эмес, ошондой болсо да «бир кумалак бир карын майды чиритет» дегендей кеп. Кээ бир жаштар адамга жоопкерчилик канчалык аз жүктөлгөн сайын, ал ошончолук эркин болот деп туура эмес ойлошот. Чынында эркиндик канчалык көбөйгөн сайын жоопкерчилик да ошончолук көбөйөт. Ошондуктан жаштарды жоопкерчиликке тарбиялоо коммунисттик аң-сезимди калыптоонун маанилүү жагы.

Өндүрүштүк, окуудагы, аскердик жана коомдук тапшырмаларды так аткаруу улан-кыздардын акыл-эси менен эркин гана өстүрбөстөн, эмгектенүүнүн ыгын жа-

[1] «Советтик Кыргызстан» газетасы, май, 1979.

на тартибин билип, тапшырылган ишке, жүрүм-турумга жоопкерчилик менен мамиле кылууга үйрөтөт. Жаштардын рухий дүйнөсүн ар кандай таасирлер калыптайт. Эгер жаш адамдын аң-сезими чийки болсо, чет элдик фильмдерде жана беллетристикада көргөзүлгөн жалган «жыргал турмуш» анын моралдык ишенимин бошондотот, кесипке болгон ориентациясын бузат. Ошондуктан ага каршы турган моралдык позицияны калыптоо идеялык тарбиялоонун милдети.

Моралдык мүнөздөгү калдыктардын сакталуу себебин билүү калкты, өзгөчө жаш муундарды тарбиялоонун практикасы үчүн маанилүү. Жашоо турмуштун жогорку деңгели кээде моралдык аң-сезимдин төмөндүгүнөн мещанчылыкты пайда кылат. Андай кишилер турмушка өзүнүн жеке кызыкчылыгынан гана карап, коомдук маселелерге көңүл коштук кылат. Ага маданий мүдөөлөрдүн тардыгы же маданиятты жөн гана тышкы коздук, сөздөрдүн «маданияттуу» жыйындысы, калыпка салынган ой жүгүртүүлөр катары түшүнүү мүнөздүү. Мещанин өзүнүн маданияттуулугун, билермандыгын көргөзүү үчүн бардык тышкы атрибуттарды өз тегерегине топтойт. Пайдасы тие турган кишилерге жагынып, кызматы боюнча өзүнөн төмөн тургандарга керсеет. Ушул өңдөнгөн кемчиликтер маданияттуулуктун жетишсиздигинен чыгат. Маданияттуулук маданияттын кишилер менен мамиле кыла билүүгө багытталган бөлүгү. Ага көнүү атайын тарбияны талап кылат. Мындай тарбиянын мааниси жол жүрүүдө аялдарга жана кары кишилерге орун бошотуп бергенге караганда алда канча кең. Өнүккөн социалисттик коом адамдардын маданияттуу жүргөн-турганына мурункудан да алда канча чоңураак талап коёт. Ошондуктан маданияттуу жүрүм-турум жөнүндө өзүнчө сөз баштап аны нукура кыргызча адептүүлүк деп атадык.

## ИСКУССТВО ТАРБИЯЛАЙТ

Искусство адамдын рухий дүйнөсүнө олуттуу таасир тийгизет... Ошондой эле мораль да Лениндин аныктамасы боюнча адамзат коомунун жогорулашына кызмат кылат.

Моралдык тарбия кимди болбосун толкундаткан маселе.

Ага адам ар кандай кырдаалда: үй-бүлөдө, мектепте, иште жана күнүмдүк карым-катнашта туш келет жана аны өз баамдашынча чечет.

Искусство жалаң гана аңдап-билүү эмес, тарбия берүүчү касиетке ээ. Кишилер муну байыркы замандан бери эле баамдашкан. Искусствонун моралдык таасирин байыркы автор Аристофан «Бакалар» деген комедиясында жакшы берген. Кайра жаралуу доорунда искусствонун тарбия берүүчү күчү Шекспирдин айрым чыгармаларында көрсөтүлгөн. Мисалы, Шекспир «Венециандык соодагер» аттуу трагедиясында музыканын адамга тийгизген оң таасирин баса белгилеген. Н. Г. Чернышевскийдин «Эмне кылуу керек?» деген романынын Лениндин революциялык көз карашынын калыптанышына тийгизген таасирин өзү баса белгилеген.

Коом керектеген моралдык сапатты тарбиялоого көмөк кылбаган искусствонун чыгармасын айтуу кыйын.

Бул Софоклдун «Эдип падыша», Шекспирдин «Гамлет», Репиндин «Иван Грозный» сыяктуу чыгармаларына гана эмес, Штраустун вальстары, Рафаэлдин Мадондору жана Левитандын пейзаждарына да тиешелүү.

Моралдык проблематикалар искусство чыгармаларында маанилүү орунду ээлейт (театр, кино, адабият ж. б.) ал эми моралдык тарбия берүү күчү анын зарыл касиети. Өзгөчө өнүккөн социализм шартында искусствонун тарбия берүүчү миссиясы күчөдү. Советтик искусство адамдын психологиясына улам тереңдеп кирип, моралдык аң-сезим чөйрөсүнө такай таасир берет. Массалык байланыш каражаттарынын жардамы менен искусство кишилердин үй-турмушуна бекем кирди.

Моралга ылайык жүрүп-туруу үчүн эрк керек. Бирок турмушта эрки жок кишилер аз кезигет. Интеллектуалдык жактан өнүкпөгөнү менен моралдык жактан таптаза Момунду («Ак кеме», Ч. Айтматов), эрки жок, бирок ак көңүл Азатты («Улан» Т. Океев), бир караганда карамүртөз көрүнгөнү менен чынында ак жүрөк Искендерди («Дуэль» М. Байжиев) жана башка кыргыз искусствосунун персонаждарын элестетип көрүңүз.

Көркөм образдар жана искусство идеалдуу кылып көргөзгөн кырдаалдар турмуштун күнүмдүк фактыларына караганда адамга катуу таасир көргөзөт. Анын таасири астында адам рухий жактан тазаланат жана кубат алат.

Искусствонун «тазалоочу» күчү М. Горькийдин «Тоска» аттуу повестинде ишенимдүү көргөзүлгөн. Эстетикалык баамдоо дайыма моралдык сезимди ойготот. Адамдын аң-сезимин өзүнө тартып, жүрүм-турумду багыттайт. Мындай таасирге искусствонун бардык түрлөрү ээ (театр, кинематограф, адабият, сүрөт өнөрү, музыка ж. б.).

Маселен, Лаокоондун скульптурасы, ошондой эле Отеллонун тагдыры, драйзердик Герствуддун кайыр сурап калганы канчалык жанды кейитет.

Бирок моралдык сезимге берилген кишинин баары эле жогорку моралдык касиетке ээ эмес. Мисалы, көбүбүз кырсыкка учураган кишини аяганыбыз менен аз эле киши ага жардам берүүгө батынат. Демек, мындай учурда моралдык аң-сезим бизге жардамга келет. Сонундукту сезүүдөн алган ырахат жөн гана жагымдуу абал эмес, турмушту жана адамды сүйгөндүк болуп эсептелет. Музыка искусствонун башка түрлөрүнүн ичинен көркөм ой жүгүртүүнүн жогорку формасы катары эң эмоционалдуу.

Анын негизги мааниси айрым моралдык сапаттарды өнүктүрүүдө эмес, турмуш тонусун, адам көңүлүн көтөрүүдө. Ошону менен бирге музыка адамдын моралдык сапатына таасир берип, патриотизмди, туруктуулукту, ак пейилдүүлүктү өстүрөт. Азыркы убакта музыка турмуштун бардык жагына кеңири кирди. Адам аны радио, телевидение, кинозал, театр, бий, көчө, иштен да угат. Музыка кишинин сезимин эргитип эрдикке чакырат. Мисалы «Марсельеза» республикалык генералдар тарабынан миң солдатка теңелген, ал эми Улуу Ата Мекендик согушта А. Александровдун «Ыйык согуш» деген ыры, А. Малдыбаевдын «Кызыл атчандары», ж. б. ырлар советтик адамдарга душмандар менен күрөшүүгө шык берген. Шостаковичтин жетинчи симфониясын уккан дүйнө жүзү элдин эрдигине таң калган. 70-жылдардын жаштары үчүн Улуу Ата Мекендик согуш өткөн тарых. Бирок сүрөтчүнүн кыжырланган полотносу, жазуучунун чынчыл сөзү бул өткөн окуяны күнү бүгүнкүдөй кылып көз алдыга тартат.

Албетте, искусствонун таасир берүүчү күчү жеке тажрыйбанын маанисин кемитпейт, ошондой болсо да көркөм чыгармада өткөн көрүнүш жаңы мааниде берилип, таасирлентүүнү күчөтөт. Токтогул ГЭСинин куру-

луш участоктору коммунисттик тарбия берүүнүн улуу мектеби. Бирок ушул реалдуу көрүнүштөрдү көркөмдөп тарткан А. И. Игнатьевдин картиналарынын, С. Сасыкбаевдин повесттеринин, Т. Кожомбердиевдин поэмаларынын тарбиялык мааниси ошондой эле зор.

Кээде турмуш же искусство аркылуу болгон таасирби — аныктоо кыйын. Бирок кээде искусствонун түздөн-түз таасирин сезүүгө болот. Ата Мекендик согуш убагында солдаттар арасында Павел Корчагин көрүнбөй салгылашып шык берди деп укканыбыз бар. Ал турмак эпикалык баатыр Манас биз менен бирге жүрдү деп кыргыз солдаттары кат жазышкан. Идеялык жагынан бай, көркөмдүк жагынан жетилген көркөм образ гана адамды тарбиялоонун фактору боло алат.

Ахилл менен Одиссеянын тууралыгына ишенип, апенди Дон-Кихотко, Жамийла менен Татьянага жан тартканыбыз бекеринен эмес.

Бетховендин пасторалдык симфониясы, Моцарттын менуэти, Атайдын күүлөрү канчалык сезим сергитет.

Демек, искусство илимий көз караштты калыптап, эмгекке ак ниет мамиле кылууга, эскиликти жоюуга үйрөтөт. Бирок мунун баары анын өзүнө таандык өзгөчөлүгү аркылуу болот. Искусство адамга бир жактуу эмес, ар тараптуу таасир этип, анын сезимин жана мүнөзүн калыптайт. Павел Корчагин турмуштун гана эмес китептин таасири астында баатыр болду. Гарибальди жөнүндө китеп анын турмушунун кыйын минуталарында жардам берген. Баатыр жаш гвардиячылар адабиятты жакшы күрөшкөн, кийин өздөрү китептин каарманы болушту. Алексей Мересьев советтик адамдын бир катарына турмушка ишенүүнү кайрып, көптөгөн майыптардын турмуштагы ордун аныктаган.

Голландиялык кеменин матростору «Броненосец Потемкин» кинофильмин көрүп алышып көтөрүлүш чыгарышкан. «Адам тагдыры» киносундагы Андрей Соколовдун образы, анын эрдиги, эл-жерди сүйгөндүгү ушунчалык эстен кетпей, көптөгөн адамдардын жүрөгүнө уюду. Чынгыз Айтматовдун «Бото көз» повестиндеги Кемелдин жаркын образы, анын моралдык тазалыгы, ак ниеттиги, келечекке умтулушу, дагы канча сонун сапаттары толгон-токой этикалык ой жүгүртүүгө түрткү берет. Бул образда жаш адамдын турмушка идеялык жана психологиялык жактан даярдыгы ачык-айкын

биримдикте берилген. Кемелдин сөзү менен иши бир. Бул биримдик адамдарга эбегейсиз моралдык таасир калтырат.

Искусствонун тарбия берүүчү маанисин айтып жатып, ал адамды сулуулук менен тарбиялай турганын белгилей кетишибиз керек. Бул белги бузулса, анын эстетикалык таасири да болбойт. Эгер көркөм чыгарма адамда эстетикалык сезим ойготсо, ал ага терең таасир калтырып, анын бүт ички рухий күчү козголуп кыймылга келет.

Бирөөгө Венера Милосская кеткис таасир калтырса, экинчи бирөө Рахметовду туурайт, дагы кимдер кубанычта же кайгы тартканда П. И. Чайковскийдин музыкасына кайрылат.

Бирок искусствонун рахатына толук батыш үчүн анын тилин билиш керек. Мындай мүмкүнчүлүк адам рухий жактан өнүккөндө, искусство менен такай кабышканда гана болот. Эгерде сен искусстводон рахат алгың келсе, анда сен көркөмдүк жактан сабаттуу киши болушуң керек деп айткан Карл Маркс. Бүткүл СССРде, ошондой эле биздин республикада көркөм билим кеңири тарап, дээрлик ар бир адамдын күл азыгына айланды десек жаңылбайбыз.

Бүгүн, кыскасы, искусство радио-теле көрсөтүү, газета-журнал, китеп, кино аркылуу ар бир үйгө келди.

Тиги турган символ — эстелик да жөн эле абстракция эмес, эрдикти, теңчилдикти даңазалаган өзүнчө идея. Эстетикалык жана моралдык жагынан адамдарды тарбиялоочу күч.

## АДЕПТҮҮЛҮК

Бул терминдин жалаң эле кыргыз тилинде канча синоними бар: сылыктык, кичи пейилдик, жатыктык, элпектик, ыймандуулук. Ал эми жалпы интернационалдык мааниде этикет, манера, жүрүм-турум маданияты деп колдонулат. Деги эмнеси болсо анын маанисине учкай ой жүгүртүп көрөлү. Адептүүлүк же этикет жөнүндө көп эле жазылып жатат, же ал ушунчалык эле маанилүүбү? Албетте, аны адам турмушунун биринчи зарылдыгы деп айта албайбыз. Минтип ойлой берсең, эмнелер гана көз алдыга келбейт. Этиң көрүнбөгөн

кийим кийип аны менен деле чектелсе болот, бирок аялдар сөйкө, эркектер галстук тагынып, чач коюшат. Жакшы жүргөн гана автомобилди чыгарса деле болот, бирок конструкторлор эмнегедир анын кооз көрүнүшү жөнүндө да камкордук көрүшөт. Бул закон ченемдүү көрүнүш. Анткени сулуулук чени, табит талабы, адептүүлүк адам маданиятына таандык касиет. Окуган менен жазганды алда качан билип, тарбия алган кишинин ички керектөөсү, маданияттын бир жагы. Өндүрүштө өз ишиңизге тыңсыз, жосунсуз жоруктарга барбайсыз, эми ошого жараша сыпайы-сылык, кичи пейил, адеп сактаган киши болсоңуз, андан бетер мактарлык сапатка ээсиз. Жанатан бери сөз адептүүлүктүн тышкы көрүнүшү жөнүндө гана болду, эми анын ички жагын алып караганда кандай болот. Же адеп сактоо жөн эле тышкы таасир үчүнбү? Жок! Ал терең адамгерчиликтин талабы. Анда социалисттик моралдын принциптерине негизделген адамдардын бирин бири чын ниеттен сыйлашуулары жатат. Адептүүлүк — адамдын иштеги, үйдөгү, тааныш жана тааныш эместер ортосундагы мамилелерин ажыратып кароого багытталган норма, кээ бир кишилер «этикет» термини алда качан колдонулуудан чыккан, азыр тышкы манера эмес, адамдын ички дүйнөсү жөнүндө ойлонуу керек, анткени негизгиси форма эмес, мазмун дешет.

Адамдын тышкы жүрүм-туруму менен ички сапаты ортосуна чек коюу форманы мазмундан бөлүү эмеспи? Маданияттын тышкы түрү ичкисинин көрүнүшү болбойбу? — деп сурашат.

Айрым кишилер маданияттуу жүрүм-турумга өздөрү кайдыгер караганы аз келгенсип, аны сактагандарды буржуазиялык өнөкөттүн таасирине түшкөндөр деп эсептейт. Ички жана тышкы маданияттын карым-катышы өтмө катар. Ички маданият сырткы жүрүм-турумга багыт берет. Мамилелердин диалектикасы туташ байланыштарды пайда кылат. М. И. Калинин, «тышкы маданияттуулукка ээ болууга умтулган адам, өз кезегинде өзүнүн жалпы маданиятын көтөрүүгө аракеттенет» деп айткан. Адамдын тышкы түрү кунарсыз болсо анын калган жакшы сапаттары анчалык көзгө көрүнбөйт. Анын үстүнө тарбиясы аз кишинин оң сапаттары аянычтуу көрүнүшү ыктымал. Мындан үч кылым мурун Дж. Локк минтип айткан: «Адепсиз тарбияланган ки-

шинин эр жүрөктүгү — оройлуктай, окумуштуулук — педантчылык, чукугандай сөз тапкычтык — маскарапоздук, жөнөкөйлүк — кополдук, ак көңүлдүк — жагынгандыктай болуп көрүнүшү мүмкүн».

Адамдын маданияттуулугу менен маданияттуу жүрүм-турум эмне дегенди билип коюу зыян болбойт. Албетте маданияттуу жүрүм-турум жөнүндө китептен гана билүү адамды дароо адептүү кыла койбойт. Ал зарыл, бирок маданияттуу болушунун толук шарты эмес. Адамдын маданияты көптөгөн сапаттардын татаал системасы. Ал моралдык сапатты, билимди, бийик рухий таламды, маданияттуу жүрүм-турумду, сүйлөө маданиятын, тышкы түрүн, эстетикасын өзүнө камтыйт. Ошондуктан чыныгы маданиятты тарбиялоо, ички жана тышкы маданияттын биримдигине жетишүү бир топ кыйын милдет. Аны кандайдыр бир ыкманын күчү менен тез чечүү мүмкүн эмес. Бул маселе узакка созулган таалим-тарбия жана өзүн-өзү тарбиялоо аркылуу ишке ашат. Ырас, тышкы маданиятты калыптоонун зарылдыгы көпкө чейин көңүлгө алынбай келди. Ички маданиятын тарбиялоо менен тышкысын да тарбиялоого болот деп эсептеп келишкен. Тажрыйба иштин мындай эместигин көргөздү. Тышкы жүрүм-турумду тарбиялоо атайын аракетти талап кылган өзгөчө милдет. Маданияттын башкы көрсөткүчү болуп эсептелген рухий байлыктан башка да советтик адам тышкы маданиятка ээ болгону абзел. Маданияттуу киши жалаң эле сабаттуу, адамгерчиликтүү эмес — сыпайы, кичи пейил, так. Маданияттуу кишинин ушуга окшогон тышкы түрлөрү өзүнөн өзү эле дароо пайда боло калбайт. Анын үстүнө алар окуу менен билимдин натыйжасында пайда болбойт. Кээде биз өкүнүч менен айтылган «институтту бүткөндөн кийин маданияттуу киши экен деп жүрсө, андай эмес турбайбы» деген пикирлерди уга калып жүрөбүз. Чынында билим менен маданият синоним эмес. Маданият алда канча кең жана көлөмдүү түшүнүк. Тышкы маданиятты, жакшы манераны тарбиялоо үчүн жок дегенде ал жөнүндө дүңүнөн кабардар болуу керек. Анткени бүткүл дүйнө жүзү совет адамына дайыма назар салып турат. Ошондуктан ар бирибиз өз жүрүм-турмубузга өзүбүз жоопкер болобуз.

Жалаң эле билим жана коммунисттик ынангандык эмес, тышкы жүрүм-турум да биздин коом алып барат-

кан прогресске төп келиши керек. Ички жана тышкы маданияттын төп келиши гана чыныгы тарбия алган кишини калыптайт. Бирок мындай абал дароо пайда боло койбойт. Ал үчүн өзүндүн өнөкөтүндүн үстүндө такай иштөө талап кылынат. Турмушта адамдын ички жана тышкы маданиятынын төп келиши сейрек учурайт. Көбүнчө мындай болот. Сиздин таанышыңыз — акылдуу, окумал, абийирдүү киши, бирок көпчүлүктүн көзүнчө өзүн кандай алып жүрүүнү билбейт, тартынып кысылат. Анысын жашырып, кээде өзүн көптү көргөн кишидей көргөзгүсү келип, ыгы жок ачык-айрымдыкка түшөт, отургандарга сөз тануулайт, тыңдуусунат. Ыксыз тамаша, уят-сыйытсыз анекдот айтып, отургандарга жагымсыз таасир калтырат. Оңтойсуз абал түзөт. Тарбиясы жоктуктан кабар берет. Сүйлөшүп олтуруунун оңтойлуу ыгын таба албай, айланадагы болуп жаткандарга эч бир кызыкпай маанилүү түр көргөзүп, тымпыйып олтуруп калгандык да жаман. Эс-дартынын баарын эле тышкы жүрүм-турумду өздөштүрүүгө жумшап жиберүү да жарабайт. Кээ бир жаштар ички мазмун менен бекемделбеген тышкы кебетесин жасалма сыпайылык, көптү билгендик, мода сактагандык менен чүмбөттөйт. Мындайларды «тышы жалтырак, ичи калтырак» деп эл-журт таамай мүнөздөйт. Мода куучулар жакшы кийингендерди гана урматтап, башкаларды байкамаксан болушат. Айрым жаштар кызыккан какофониялык музыка, кыздардын бирде кыска же узун көйнөгү талаш-тартыш чыгарат. Мода деген мода, кишилердин жакшы кийинип, жакшы эс алганына шарттын болгону кубанычтуу. Бирок бул проблема боюнча талашта карама-каршы эки ой-пикир бар. Бирөө жаштар кызыга баштаган жаңылыктын баарын эле таңып, бий үчүн да, чач койгондук, кийим фасону үчүн да уяткарат. Экинчи бирөө тескерисинче ар кандай табит укугун жактайт. Чынында мода эмес, тиги эки позициянын каршылары жана жактоочулары күнөөлүү. Бул талашта негизги нерсе: табитти тарбиялоо, мода маданияты унутулуп калат. Албетте, бий, музыка, чач, кийим фасону өзгөрбөй койбойт. Ички маданият — ал жогорку моралдык сапат, анын сабаттуулугу, бай рухий талабы, коммунисттик ынанымдуулугу. Ал эми тышкы маданиятка сылыктык, тактык, көңүл салуучулук ж. б. кирет. Маданияттын тышкы жана ички жактары тыкыз байла-

ныш. Бул байланыштын мүнөзү элдик макалда өтө таамай айтылган: «киймине жараша тосуп алып, акылына карап узатат». Ырас, тышкы түр канчалык маанилүү болсо да адамдын жүрүм-турумунда аныктоочу ролду анын ички маданияты ээлейт. Бирок бул тышкы маданиятты тангандыкка жатпайт. Билимдүү көптү билген кишинин өз боюна карабай, бүтүн болсо эле болду деп жарашыксыз кийине берген шалакы түрү кечиримдүү сапатпы? Жүрүм-турум эрежеси, жакшы манера, адептүүлүк, элпектик, ушунун баары тектеш сөздөр болгондуктан кыскача эле «этикет» же кыргызча адептүүлүк деп алабыз. Этикет же адептүүлүк кишилерге мамиле кылуунун тышкы жагына тийиштүү жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы (айлана-чөйрөгө мамиле, кайрылуу, саламдашуунун түрлөрү, коомчулуктагы жүрүм-турум, манера, кийим-кече). Ал кишилердин өз ара байланыштарын жеңилдетүү, уюштурууга болгон таламдарына жооп катары пайда болуп, аларды ого бетер көрктүү, пайдалуу жана кубанычтуу кылууга багытталган. Алар болбосо эмне болор эле. Сөз саламдашуунун ыкмалары, айтылчу жана айтылбачу сөздөр, өзүн театрда, музейде, дүкөндө, ательеде, шаардык транспорттордо алып жүрүү жөнүндө болуп жатат. Этикеттин болгону кимдин кандай алып жүргөнүн баамдоого жана өзүнүн жүрүм-турумун башкалардыкы менен теңөөгө мүмкүндүк берет. Борбордук көчө менен өтүп бараткан машинанын шоферу капталдан чыга калган машина жол берерин билет, анткени жол жүрүүнүн эрежеси боюнча ага ошондой укук таандык. Мындай эрежелер транспорттун жүрүшүн жеңилдетет. Адамдын жүрүм-турумун жөнгө салган эрежелер жөнүндө деле ушуну айтууга болот. Кары же оорулуу адам бир жакка бет алганда автобуста же троллейбуста башкалар орун берерине ишенет, антпесе жолго чыкпайт эле. Бөлөк шаарда адрес издеген киши таанышбагандар көңүлчөктүк кылып көчөнү көргөзүп берерин билет. Кызмат адамына кайрылгандар иштин жагдайына түшүнүп, угарына жана чечерине көзү жетет. Этикеттин эрежесин моралдын нормасы жана принциби менен окшоштурууга болбойт, анткени моралдык талаптар жалпы тартипти буюруп, турмушту, моралдык сапатты багыттайт. Ал турмуштун бардык кырдаалына ылайык конкреттүү рекомендация бербейт, адамдын ички дүйнөсүн калып-

тоону көздөгөн стратегиялык мааниге ээ. Этикет болсо өтө конкреттүү жана мамилелешүүнүн тышкы формаларын жөнгө салып, мурунтан белгиленген учурлардагы жүрүм-турумга тактикалык рекомендация берет. Адептүүлүк менен рухий сулуулуктун айкалышканы идеалдык көрүнүш. Мындай киши башкаларды өзүнө магниттей тартып, алардын сүймөнчүлүгүнө жана урматтоосуна ээ болот.

Советтик этикет ушуга негизделет. Кылымдар бою калыптанып келаткан адеп эрежесинин абдан жакшы жагын кабыл алып, адамдын ар-намысын кемсинте турган жагын четке кагат. Бир караганда этикетти сактоо кылмыш кодексин сактоого салыштырганда мааниси аздай көрүнөт? Бирок чынында ушундайбы?

Тоногуч же ууру материалдык мүлктү тартып алат, ал эми оройлук жанды оорутат. Адепсиздик жалаң эле көңүлдү бузбастан, андан да кесепети көбүрөөк тийет — кишилерди бир-биринен ажыратат. Кылмыш аракеттери такай азайууда, ал эми оройлук, шоктук андай боло элек. Көпчүлүк учурда советтик адамдардын бийик моралдык сапаты айрым адамдарга таандык тышкы маданияттын пастыгы менен катар, жанаша жүргөнү байкалат. Маданияттуу жүрүм-турумду тарбиялоо оңой иш эмес экенин моюнга алыш керек. Кишилерди ага көндүрүү керек деп айтышат. Бирок ал ыкма жарабайт. Тарбиячы өзү тарбиялап жаткан өспүрүмдөрүнүн кантип өсүп жатканын билүү үчүн ачык-айкын методика, рекомендация талап кылынат. Маданияттуулук жөнүндө сөз керектүү жана маанилүү иш. Анын жөн гана сөз бойдон калганы өкүнүчтүү. Конкреттүү чара жана ишкердүү аракет керек. Ленин айткандай, кишилер кылымдар бою кайталанып келаткан бирге жашоонун эрежесин сактоого акырындап көнүшүп, кыстоосуз аны аткарышат. Чоң шаардын жашоочусу күн сайын жүздөгөн кишилер менен кездешсе да оройлук анын көңүлүн калтырбаган мезгил алыс эмес. Азыр да ал турмушка терендеп кирүүдө. Этикет алда качан пайда болуп, таптык жана элдик мүнөзгө ээ экендигин билебиз. Л. Н. Толстойдун, И. С. Тургеневдин ж. б. илгерки жазуучулардын чыгармаларынан азыркы окурман маданияттуулук жөнүндө пайдалуу маалымат табат.

Азыркы капиталисттик коомдо этикеттин «демократташып» бараткан кээ бир белгилери бар. Маселен,

Бельгиянын королу жөнөкөй костюм менен сеYYнгө чыгып, көчөдө басат экен. Бул жөнүндө буржуазиялык пресса чуулдатат. Англиялык принцесса Анна карапайым кишилер менен ат чабышка катышып, дайыма эле байге албайт. Кайсы гана буржуазиялык партиянын кандидаты өзүнүн манерасын демократтуу кылып көргөзүүгө аракеттенбейт дейсиз. Митингде шыпылдап кол алышып, барлардан калбагандар менен сүйлөшүү сыяктуу ыкмаларды буржуазиялык саясатчылар кеңири колдонууда. Бирок буржуазиялык этикеттин мындай демократия өңдөнгөн белгилери анын маңызын өзгөртпөйт. Ырас, анын кээ бир элементтери татаал жана ыгы жок каадалардан кутулууну көздөгөн, бирок көз боёмочулук, жасалмалуулук жагы көбүрөөк. Ал турмак батышта этикеттин бөлүп-жаруучулук кылган ролу кеңейип баратат. Колунда бар таптар көптөгөн обочо топторго бөлүнүшөт. Мисалы, «Джетсет» клубунун мүчөлөрүнүн өзүмдүк реактивдүү самолёттору бар. Ал клубга кирүү үчүн өзүмдүк самолёт аздык кылат. Теги, байлыгы, байланышы, коомдук абалы боюнча таптык коомдун жогорку катмарына таандык болуш керек. Клубда өзүнүн жүрүм-турум эрежелери, өз каадалары бар. Парижде түшкү тамак ичишсе, кечинде бүт кампания Токиого жөнөшөт. Эгер клуб мүчөсү жакшы көргөн трубкасын Лондондо унутуп калса, жер шарынын бир четинен лайнер менен атайын киши жиберет. Мындай жүрүм-турум нормасы, каадасы «элитаны» башкалардан бөлүп турат.

Биз өткөнгө көз жүгүртүп, азыркыны жана келечекти жакшыраак баамдайбыз. Этикеттин бүт тарыхын камтуу өзүнчө китептин максаты, анткен менен учкай карап коюу да пайдалуу.

Россияда XVII кылымда жүрүм-турумдун жыйындысы — «Домострой» пайда болгон. Азыр ал сөз — жапайы кулк-мүнөздүн синоними. Окуп таң каласың. Андан бери канча окуялар алмашып, турмуш өзгөрдү. Советтик коом курулду. Советтик этикет пайда болду. Анын нормалары менен эрежелери өзгөрүп жана өнүгүп турат. Мисалы, граждандык согуштан кийин мекемелерде «Жерге түкүрбөгүлө» деген плакаттар илинип турар эле. Азыр жок, анткени бул талап бекем өздөштүрүлдү. Ооба, азыр деле коомдук жерлерде семечка чагып, таштандыларды жерге таштоо адаты кездешет. «Газон

менен баспагыла же уборщицанын эмгегин сыйлагыла» деген табличкалар коомчулуктун кыжырын келтире баштады. Анткени алар муну калайык-калктын адептүүлүк деңгелине жеткире баа бербегендик катары көрүп жатышат. Азыркы мезгилде актуалдуу көрүнгөн «Тамеки тартпагыла», «Бул жерге алып келип ичкилик ичпегиле» деген сыяктуу ураандар да акырындап жоюлат. Албетте, биздин коомдо тарбиялуулуктун деңгели улам күчөйт. Ушундан улам этикеттин ролу төмөндөйт деп ойлоого болобу? Жок, болбойт. Бир катар эрежелер өздөштүрүлүп, өзүнөн өзү түшүнүктүү болот, бирок ал этикетти жарды кылбайт. Көбөйтүүнүн таблицасын жана арифметиканын эрежесин билүү математиканын чөйрөсүн тарытпайт, кайра анын татаал жана кызык жактарына жол ачат. Этикет да ушул сыяктуу. Карым-катышка талап көбөйгөн сайын анын турмуштагы ролу да көбөйөт. Адамдардын өз ара жакшы мамилелери этикеттин эрежесин сактамайынча болбойт. Улам катуу сактаган сайын этикет нормаларынын бузулушу бат байкалат.

Советтик этикеттин эрежелери биздин өлкөнүн ар бир гражданы үчүн бирдей. Бирок шаар менен кыштак калкынын жүрүм-турум эрежелеринде кыйла айырмачылык бар. Ал кишилердин карым-катнашынын тарыхый калыптанган формалары менен түшүндүрүлөт. Улуттук салт-санаа этикетке андан да көбүрөөк таасир тийгизет. Ошондой болсо да бул айырмачылыктар жеке эрежелерге тиешелүү болуп, советтик этикеттин негизги принциптерине тийбейт. Киши шаарда же кыштакта жашайбы, кайсы социалдык, улуттук же кесиптик топко таандык экендигине карабастан жүрүм-турумдун жалпы эрежеси калыптанат. Албетте, адамдын билим деңгели канчалык бийик болсо, этикетти өздөштүрүүсү ошончолук бат болот. Бул орто эсеп менен ушундай. Кээде сабаттуу-билимдүү болгону менен орой-олдоксон кишини жана жогорку билими жок эле сыпайы-сылык адамдарды жолуктурабыз.

Советтик этикет дароо эле пайда болгон жок. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында мурунку этикеттин бардык эрежелерин буржуазиялык деп жок кылып, таза пролетардык мамилелерди курууну талап кылышкандар болгон. Натыйжада сылыксыз ачык-айрымдык — ыгы жок теңтушсунгандыкка алып келди. Жатык эместик

менен бетке айткандык оройлукту пайда кылды. Кийимди таза-тыкан кийүү жалаң эле буржуйларга таандык сыяктанып көрүнүп калды. Ушул эле себеп менен галстук колдонуудан чыккан. Убакыт өткөн сайын мындай кызуу кандуулук, аша чапкандыктар басыла баштады. Этикеттин зарылдыгын туура түшүнө баштадык. Ошондой болсо да этикетти жактырбоочулук моданы сындоо аркылуу кезиге калат. Мисалы аялдардын эркекче шым кийгенин, уландардын узун чачтарын, сакал-муруттарын жерүү бар. Модага шектүү кароону чукулунан өзгөргөн жаңылык чыгарат. Эгер өзгөрүүчүлүк болбосо мода да болбойт эле. Кеп ошондо жатат. Мурут да, сакал да коюга болот—кимге эмне жарашат. Ушул эле кебете менен маданияттуулугун жоготпогон кишилер кездешет. Кыскасы, өз ара мамиледе жүрүм-турумдун бекем эрежесин белгилүү бир ырааттуулукта иштеп чыгуу мүмкүн эмес.

Этикеттин эрежесин классификациялоонун негизин өндүрүш коллективинде, коомдук жерде (маданият-массалык уюмдарда), конок күтүү, эркек-аял мамилелериндеги этикет, дасторкон үлпөтү, кийим кийүү эрежелери, ж. б. карым-катыш түзөт. Ар бир кишиге керектүү этикеттин эрежелери өтө жөнөкөй жана эстеп калуу кыйын эмес. Акырындап аларды сактоо көндүмгө айланат жана адам ойлонбой эле аткара берет. Сылык киши үчүн керектүү сапаттардын бири — сезим ченеми. Эгер сиз өзүңүздү кандай сезесиз дегендин ордуна бөйрөгүңүз кандай деп сурап кирсеңиз жаман таасир калтырарыңыз сөзсүз. Ыгы жок кам көргөндүк тажаткыч кулак түрүүчүлүккө өтөт. Ошондой эле өзүнүн табитин бирөөгө таңуулоо туура эмес. Бетховен мүмкүн Хренниковго караганда көбүрөөк жагат, сый костюмдан көрө куртка кийгенди жакшы көрөбүз дейли. Бирок мунун баары ушул музыканы кантип угасыз, ушул курткаыны кантип кийесиз деп айтууга негиз болбойт. Бирөөнүн табитин сыйлоо сыпайылыктын закону. Чала тааныш жолдош сизден кандай жашап жатасыз деп сураса эле рахмат дегендин ордуна ишиңизди, үй-бүлөңүздү төкпөй-чачпай айтып кирсеңиз, аягында андан өзү жана иши, үй-бүлөсү жөнүндө айтууну сурасаңыз албетте адеп нормасын бузгандык. Сиз өзүңүздү күлкүлүү абалда калтырып, аңгемелешкен кишини кыйын абалда калтырасыз. Анткени кандайсыз деген суроо

анчейин гана сылыктык үчүн берилген. Ал эми бул суроо көңүл жакын жолдошуң тарабынан берилсе, жөн гана рахмат деп коюу жарабайт. Мындай жооп таарынтат. Кээде сиз түздөн-түз оройлук менен кагылышып каласыз. Кимдир бирөө кемсинтти дейли. Мындай учурда жаакташып, абийирди кетирбөө керек. Курч же күлкүлүү сөз баарын өз жайына коёт. Бирок кишинин баары эле минте албайт, ошондуктан дайыма токтоолук, сыпайылык кылганыбыз оң. Саламдашуу ызы-чуу, алаңказарлыкка айланбоо керек. Жакшы досуң жолукса да баш кийимиң менен булгалап, «Салам, чал» деп кыйкыруу адепсиздик. Саламдашуу эрежеси боюнча кичүү киши биринчи озунуп улууга салам берет, эркек аялга, кызматкер начальникке, ушундай эле тартип менен эркекти аялга, кызматкерди жетекчиге тааныштырышат. Ал эми аял киши эркекке колун мурун сунат, улуу киши кичүүгө ушундай кылат. Эркектин аял кишиге колун мурун сунушу этикеттин эрежесин бузуу болуп саналат. Бирок аял киши мындай учурда эчтеке болбогондой гана колун берип байкамаксан болгону оң. Саламдашуу салты көбүнчө тааныштар арасында колдонулат. Тааныш эмес кишиге салам айтууга болобу деген суроого так жооп берүү кыйын, анткени этикеттин практикасы бул боюнча туруктуу бир эреже иштеп чыга элек. Чынында, троллейбуска кирип баратып тааныш эмес жүргүнчүлөр менен саламдашып, кол кармашпайбыз. Ал эми поездин купесине кирерде бирге бара тургандар менен саламдашабыз. Таксиге түшүп жатып анын айдоочусу менен саламдашууга болобу деген суроого бирдей пикир жок, ошондой болсо да саламдашып эле жүрөбүз. Мекемеге кирерде анда олтургандарга салам айтылат, ал эми көчөдө бараткан кишиден бирдеме сурай турган болсок саламы жок эле кайрылабыз. Мейманкананын администратору менен сүйлөшүү өтө кыска болсо да салам беребиз. Кафе, ашканага кирип баратып тааныштарды көрсөк акырын баш ийкеп өтүп кетебиз. Чыгып бара жатканда да ошентебиз. Эркектер имарат ичинде баш кийимин алат, бирок кээ бир убакта баш кийимчен болууга болот. Маселен, мекеменин коридорунда, дүкөндө, почтамптa, вокзалда ж. б. жерлерде. Тааныш эмес киши менен сүйлөшүүнүн да өзүнчө ыгы, шарты келет. Кээде тааныштык өзүнөн өзү эле түзүлөт: бир иш боюнча бирге болуп сүйлө-

шүүгө туура келет же бир көргөн окуя боюнча пикир бөлүшөсүң. Ушундай учурларда таанышып алууга болот. Албетте, бирөөдөн ширенке же көчөнүн кайда экенин сурап, анан таанышып коёлу деш болбойт. Ошондой эле троллейбуста жанында турган киши аркылуу билетти тешип коюну сурап жатып таанышуу жарабайт. Эски убакта тааныша турган киши жөнүндө сураштырып билип, анан кандайдыр бир ыңгайды күтө турган. Азыр болсо кызмат иштер боюнча келгендер менен таанышуу, тейлөө чөйрөсү болуп ар кандай жагдайлар табылат. Таанышуулар, байланышуулар ар кандай жерден башталат: көчөдөн, бийден, туристтик жүрүштөн, эс алуудан. Кайсы убакта болбосун биринчи планда урмат-сый, сергектик керек. Кишини тааныштырып жатып анын фамилиясын, атын так, угуза айтуу керек. Үй-бүлө мүчөсүн фамилиясы боюнча айтпайт. Жөн эле, «менин бир тууганым же аялым» деп коюлат. Бир киши эки же андай көп кишиге тааныштырылат. Тескерисинче болбойт. Тааныштырып жаткан кишинин аты-жөнүн, кылган кесибин толук айтат. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирөө ишке келсе, кызматкерлер менен тааныштырууга болобу? Алар менен кызмат мамилелери гана болсо, тааныштыруу милдеттүү түрдө эмес. Теңтуш кишилер таанышканда атын гана айтышат. Таанышып жатканда унчукпай туруп калуу ыңгайсыз, ошондуктан бир-эки сөз айтуу керек. Сөздү улуу киши баштайт. Мамилелешүүдө анын формасын таап сүйлөшүү чоң мааниге ээ. Жатык сөз жакындатат, оройлук кагылышка алып келет. «Эй сулуу», «бучук», «чал», деген ыгы жок тамашакөйлүк этикет боюнча болбойт. Тааныш эместер менен «жолдош», «гражданин», «жигит», деп кайрылуу формалары бар. Коллективде жолдошко жалаң эле фамилиясынан айтуу жарабайт. Мисалы, Асанов, Дыйканов ж. б. Тааныш эместерге кайрылуунун формасы «сиз». Улуу жана кадырлуу кишини «сен» деп айтпайт. Ошондой эле анча тааныш болбогондорго да «сен» деп кайрылуу олдоксондук. Сиз деп балдарга, жакын жолдошторго, туугандарга кайрылбайт. Кээ бир кишилер таанышар замат эле «сен» дегенге өтөт. Бул ыгы жок ачык-айрымдык. Ал эми начальник «сен» десе кемсинткендик. Тааныштык өнүккөн сайын, акырындан «сен» дегенге өткөн оң. Дароо эле шашып-бушуп, аты-жөнүн аттап өтүп улуу кишинин атынан айтууга болбойт

Бир жаш акын М. Светлов менен жаңы эле таанышкандан баштап аны дароо Миша дей баштайт. Аны байкаган Светлов «мени менен аки-чүкүлөшүп олтурбай эле жөн гана Михаил Аркадьевич дебейсиңби» деген экен. Кайсы жерде таанышуу адептүүлүккө жатат? Кайсы жерде болбосун, көчөдө деле эгер тажатмалык болбосо. Бий аянтында таанышуу ыңгайлуу, бирок андан ашыра чаап пайдаланууга болбойт.

Коомдук жүрүм-турум өзүнө көчө, кафе, транспорт, парк, музей, театр, кино ж. б. жердеги эрежелерди камтыйт. Биерде көбүнчө тааныш эмес кишилер арасында болосуз, сырыңызды, ким экениңизди эч ким билбейт. Таасир тышкы түр, адеп сактоо боюнча гана түзүлөт. Муну ар кимибиз билебиз. Эми кээде биз этибарга албай калчу жагдайлар да болот, ошого учкай көз жүгүртөлү. Театрдагы оюн убагында катуу сүйлөө же реплика айтуу, конфеттин кабыгын ачуу тоскоол болот. Эл-журт котологон жерде олдоксон кыймыл, зонтикти ачуу, дүкөнгө кезек күтпөй кирүү ыңгайсыздыкты туудурат. Телефон-автоматта уч мүнөттөн ашык сүйлөшүү, көчөдө кыйкыруу, катуу аңгемелешүү, троллейбуста каткыруу, биреөнүн сүйлөшкөндөрүнө кошулуу, киймине, кебетесине эскертүү жасоо кыжырлантат. Клиентти жекече тейлей турган ательеде, сактык кассаларда, почтада баш кийимди алып сизди тейлей турган киши менен саламдашууну унутпоо керек. Акырындап колтукташып басуу модадан чыгып баратат. Эгер көнүмүш адатыңызды бузбагыңыз келсе, анын анчалык деле жаманчылыгы жок. Кээ бир кишилер чүчкүргөндө эмне кыларын билбей, оңтойсуз абалда калышат. Этикет бети-башты бет аарчы менен бек басууну сунуш кылат. Жолдоштук-достук мамилелерде да жылуу-жумшак тамашанын чегинен ары кетпөө керек. Катуу тамаша-шылдың опурталдуу, кокустан биреөнүн «жаралуу» жерине тийип алсаң, таарынтып жиберип дос эмес душманга айланасың. Мурун театрда аялга конфет алып берүү салты бар болчу, азыр эми орун обочо болгон ложада гана ушундай кылууга болот. Деги эле залга конфетти алып келбөө керек. Жаныңызда жүргөн бийкечти коноктоого буфет бар. Театрга караганда кинодо конфет жешке мүмкүнчүлүк табылат, бирок кагазын стол астына таштабаңыз. Конок күтүү өтө кеңири тараган. Мурунку убакта анын чор-

дону тамак жана ичкилик ичирүү болгон. Азыр андан башка ченем колдонулат. Шарап ичүүдө ченем сактоо маанилүү. Экинчиден ал конок кутүүнүн бирден-бир белгиси болуудан калганы оң. Кээде чай, кофе, коктейль менен чектелүү ыктуу. Столду жасалгалоо жолдоштук кабыл алууларда ыксыз салтанаттуу болбоого тийиш. Негизги эреже — тазалык, ыңгайлуулук, столду ыксыз толтурбоо. Конокторду шыкап ичирүү такыр жарабаган адат. Бул багыттагы ар кандай кысым тарбиясы жоктукту кабарлайт. Үй ээси коноктордун стаканы бош калбасы жөнүндө кам көрөт, ал эми коноктор аны кандай темпте ичерин өздөрү билет. Коноктор келери менен радио, телевизор өчүрүлүп, конокторго толук көңүл бурулат. Конокто көңүл ачуунун бир түрү — музыка угуу, өздүк чыгармачылык кеченин чордону. Кыскасы, кайсы иш-аракетте болбосун этикеттин эрежесин сактоо карым-катышка ыңгайлуу шарт түзөт. Киши менен ынак мамиле түзө билүү белгилүү даражада адептүүлүктү талап кылат. Жакшы же жаман көргөндүктү ыктуу форма менен айта билүү өзүнчө өнөр жана талант. Азыркы маданий чөйрөдө артыкбаш ачык-айрымдык менен башка киши жөнүндө ой-пикир билдирүү ылайыксыз. Ар кандай аша чапмалык чыр чыгарчу кырдаалды пайда кылат, башка кишинин канын кайнатат. Мамиле кылууда тиги киши аны кандай кабыл аларын алдын ала баамдай билүү жөндөмдүүлүгү талап кылынат. Кол алдыда иштеген кызматкерге калыстык, токтоолук менен айтылган эскертүү кагылышка алып барбайт. Ал эми эскертүү калыс болгону менен орой формада айтылса, ошончолук каршылык чыгарат. Мындай учурда эки жак тең ачууга жендирип, өздөрүн жоготуп бири-бирин кордогонго өтүшөт.

Мамиле кыла билүү таланты башка кишилердин өзгөчөлүгү менен артыкчылыгын эске ала билүүдө жатат. Бирок, буга эскирип, азыркы учурга ылайык келбей калган эски адаттар кирбейт. Терс үрп-адат менен салт-санааны жалаң агартуучулук жолу менен жоготуу кыйын. Карым-катыштын эскиче үлгүсү азыркы турмуш-шарттын таасири астында жоюлуп, жаңылыкка орун бошотууда. Жаңыча мамилелер үчүн күрөш—коммунисттик курулуштун бир бөлүгү. Азыркы жаш муундардын жүрүм-туруму жаңы тиричиликтин жана мамилелешүүнүн белгиси. Азыркы айыл-кыштактагы зор

өзгөрүүлөр эски муундагы кишилерге көнүмүш болуп калган мамилелешүүлөрдүн мурунку формасынын азыркы мезгилге анчалык ылайык келбей калгандыгын көргөзүүдө. Бир мисал, азыркы чоң кыштактарда илгеркидей таанЫбаган кишиге учурашуу калып баратат. Анткени анын көчөлөрүндө улам жаңы кишилер пайда болууда. Карым-катнаштын көптүгү көрүнгөн эле кишилерге көңүл бура берген адаттан алыстайт. Кээде мындай психологиялык барьер көңүл коштукка, кайдыгерликке алып барышы ыктымал. Киши массалык басма сөз, брошюралар, медициналык китептер аркылуу шаар турмушунун татаал шартында кантип жандын тынч жагына качыруу керек деген сунуштар алууда. Транспорттогу болор-болбос кагылышууларга көңүл бурбоо, бирөөнүн кемсинткенине реакция кылбоого кеңеш беришет. Буга эч каршылык жок. Баары акылдуу жана ыктуу. Бирок карым-катышта граждандуулукка тарбиялоонун маанисин төмөндөтпөө керек. Өспүрүмгө дароо ширеңке сунган элпек чоң киши өзүнүн көңүл коштугу менен жаманчылыкка түрткү болуп жатат. Билеги күчтүү алсызды таарынтып жатса көрмөксөн болуу жакшы эмес. Мейли шаар же кыштак болобу, тааныштар чөйрөсүбү же көчөдөн өтүп бараткандар болобу, жаманчылыкка каршылык көргөзүү, оройлуктун, хулигандыктын, наадандыктын жолун бөгөө биздин парз. Бир нерсеге ыраазылыгыңды жатыктык менен билдирүү карым-катнашты көбөйтүп, аны ыңгайлуу жана демократтуу кылат. Ал турмуштун коммунисттик нормасын бекемдейт. Адамдар ортосундагы мамилелердин улам жакшырышына аракет кылуу ар бир адамдын ыйык милдети.

Адамдын турмушка каниеттенгени жалаң эле оокаттын тың болушунда эмес. Өз турмушунун толук кандуулугун сезүү, жеке бакыт, эмгегинен каниет алуу адамга кандайдыр бир жагымдуулук алып келет. Ушундай абалды негизинен кызмат мамилелеринин маданияты түзөт, анткени ар бир адам өмүрүнүн көбүн иште өткөрөт. Ошондуктан биерде кызмат этикети чоң роль ойнойт. Анын нормасын бузуу кишини кандай абалга алып келери жөнүндө газеталар кабарлаган конкреттүү фактыларга кайрылалы. «Известия» газетасынын бетинде анын корреспонденти М. Овчаров мындай бир окуяны жазат. Саратов областынын ишканаларынын биринде өз ишинин мастери, ширеткич Георгий Иванович

Сергеев эмгектенген. Ал ишканага кыйла өндүрүштүк сунуштар киргизип, көп кишилердин эмгегин жеңилдеткен. Күндөрдүн биринде ден соолугуна байланыштуу башка цехке өтүүнү чечет. Өтүнүч менен заводдун директору И. Г. Приходького кайрылат. Экөө сүйлөшүп олтурганда таарыныч сөздөр деле болгон жок деп жазат корреспондент. Иннокентий Григорьевич чарчагандыктан Сергеевди көңүл кош угат. Анын үстүнө кайра-кайра чалынган телефондор жолтоо болуп директорду алаксытат. Сергеев өз ичинен мени менен сүйлөшкөнгө кайдан чолоосу жетсин деп ойлонот да, ордунан туруп, мен кетейин дейт таарынгансып. Директор мейлиң, мейлиң деп жооп берет телефон менен алек болуп жатып. Сергеев бир аз күндөн кийин заводдон кетүүгө арыз жазып секретаршага берет. Ал директорго кирет, жумушчу эми директор өзүнө чакырып жакшылап сүйлөшөт го деп үмүттөнөт. Бирок секретарша кол коюлган баракты сунат. Ошентип жакшы жумушчу башка заводго кетет. Цех тажрыйбалуу жана чебер жумушчудан кол үзүп, бүткүл ишкананын план аткарышын артка тартты. Буга кызмат этикетинин талабын бузуу себеп болду. Ишке түздөн-түз тийген залалынан башка адамдын көңүлүн оорутуу кечиримдүү сапатпы? Адам өндүрүштүк машинанын кошундусу эмес. Эмгекчил киши — баа жеткис асылдык. Өнүккөн социалисттик коом жетекчи кызматкерге улам барган сайын катуу талап коюуда. Дагы бир окуя жөнүндө «Правдада» жарыяланган (июнь, 1979-ж.) Ташкенттеги № 6 төрөт үйүнүн баш врачы коммунист Е. Осипова иш боюнча Куйбышев райком партиясынын секретары Т. Иргашевге келет. Ал оройлук менен аны кабинетинен чыгарып жиберет. Бул жагымсыз жорук Өзбекстандын КП Борбордук комитетине чейин жетип, орой мүнөз Иргашев уятка калат. Ушуга окшогон туура эмес мамилелер өзгөчө жаштарга тескери таасир калтырат.

Эртең чачынды алдырып кел, антпесең, өзүм кыркып таштайм деп кыйкырды Фрунзе шаарындагы профтехучилищенин мастери. Андан ары окуя эмне менен бүткөнүн болжоого болот. Бала чачын алдырмак түгүл өзү да окууга келбей калды. Чыр-чатак эне-ата, училищенин директору, комсомол уюмунун секретарынын катышуусу менен уланды. Ушундай кылууга татыктуу жорукпу? Ырас, көпчүлүгүбүзгө өспүрүмдүн узун чачы жакпайт,

Мейли көчөдөн, мейли коомдук жерден көрбөйлү, мындай көрүнүш жагымсыз. Ал эми аны күн сайын окуткан класстан көрүү, албетте кыжырды кайнатат. Бирок таалим-тарбия ишинде кыжырланган чукул иш-аракет көп учурда тескери натыйжага алып келет. Анткени ал баланы барктабагандык менен коштолду. Барктабай туруп талап коючулук А. С. Макаренко айткандай аз таасирлүү. Башка профтехучилищенин мастери узун чач балага кайрылып: бу фасон сага жарашпайт, анын үстүнө мода да өзгөрдү, сага мына мындай чач коюу жарайт деп мода журналын алып чыгып көргөзөт. Чын эле ал өтө жарашыктуу гана жагымдуу. Бала журналды ачып көрөт. Эки-үч күндөн кийин чачын башкача кылып алдырып келет. Мугалим: сага ушундай фасон жарашат экен, ушуга чейин ушундай кылууну эмнеге ойлободук деп баланы эркелетет. Максат орундалды, тарбиячынын жатыктыгы, анын баланы урматтаганы жардам берди. Кээде балдарга сен дегендин ордуна сиз деп кайрылуу оң натыйжаларды берерин изилдөөлөр көргөзүүдө. Кыскасы, жаштарга урматтоо менен мамиле кылуу сейрек көрүнүш эмес, ар бир тарбиячынын зарыл касиети болууга тийиш. Ал үчүн тарбиячынын өзү тарбияланган киши болуу керек. Биздин коом бардыгы үчүн бирдей жүрүм-турум нормасын иштеп чыккан. Анын негизи өзүн гана эмес, бөлөктү да өзүндөй урматтоо, жүрүм-турум кишинин өзүнө гана ыңгайлуу болуу керек деген ой болжоо кээде айрым бир жерде көрүнө калат. Өзүмчүл жүрүм-турум тышынан тыкан көрүнгөнү менен чынында өзүнөн башканы жакшы көрбөстүккө негизделген. Бул жагынан «Литературная газетага» жарыяланган «Арарат» ресторанынын швейцары жазган каттан үзүндү келтирүү өрнөктүү. Ресторанга эл артисти Н. катуу мас болуп келди. Ага мас кишини ресторанга киргизбестигин айттым. Ал мени кемсинте баштады: Сен кимсиң! Болгону швейцар. Лакейсиң. Менин ким экенимди билесиңби! Эл артистимин. Мени бүт дүйнө жүзү билет. Атактуу артисттин монологу көпкө созулду. Бул жолу артист өзүн өзү ойноду. Анын атын айтпайм, анткени театр менен кинодогу ролун сыйлайм. Автор андан ары атактуу сүрөтчү Мартирос Сарьян, генерал А. А. Игнатьев, акын Михаил Светлов, космонавт Юрий Гагарин ага сылык мамиле кылып, чыныгы маданияттуулугун көргөзүшкөндүгүн эстейт. Айрым бир кишилер

бизге теңсинбегендик менен мамиле кылышат деп жазат карыя швейцар. Өзгөчө көпкөлөң кайсы бир жаштар швейцарга, официантка оройлук кылганды өнөр көрүшөт. Он сегиз жаштагы «жубарымбек» сен деп кайрылганда күйбөгөн жериң күл болот. Ырас, биздин ишти геолог, врач, окумуштуунун кызматы менен салыштырып болбойт. Эч ким жаш кезинде швейцар болууну ойлобойт. Алар көбүнчө пенсионерлер же майып кишилер, тагдыры оңунан чыкпаган, жолу болбогондор. Биздин кесип деле оңой-олтоң эмес. Тилекке каршы ресторанга келген кишини тарбиялоо кеч. Швейцар, официант, уборщица жөнүндө тескери ой-пикир кээде «менин атам — швейцар же энем—уборщица деп айткандан балдарыбыз уялат. Бул трагедия деп бүтүрөт щвейцар сөзүн[1]. Редакция катты жарыялап, автордун өзүн өзү оройлуктан чоң татыктуулук менен сактаганын жогору баалап, бул кесипти барктабагандарды ашкерелеген. Чынында азырынча бардык сапаттардын ичинен жаштарды адептүүлүккө тарбиялоо маселеси жетишсиз болуп жаткандыгын изилдөөчүлөр белгилеп жатышат. Ошондуктан советтик этикетти орто мектепте, ал эми маркстик-лениндик этиканы жогорку окуу жайларда атайын сабак катарында окутса, талапка ылайык болор эле. Жаштар моралдын мааниси, анын татаал структурасы жөнүндө, жамандык, жакшылык, жоопкерчилик, эркиндик, татыктуулук, ар-намыс, уят-сыйыт, бакыт, адилеттик, гуманизм, патриотизм, интернационализм, үй-бүлө, нике, сүйүү, жолдоштук-достук, коллективизм жөнүндө түшүнүп алмак. Сабактын жүрүшүндө өткөн эски этикалык теориялар жана эскинин калдыктары талдоого алынмак. Маркстик-лениндик этиканын негизин болочок мугалимдердин үйрөнүүсү өзгөчө зарыл. Этикалык билим педагогиканын теориялык булагы экендиги маалим. Бирок ушул убакка чейин мугалимге этикалык билим алуунун кереги аздай көрүнөт. Маселенин ушул жагын ойлонуп туруп, практикалык чечим кабыл алууга убакыт жетти.

Этикалык түшүнүктөр жаштарды, өзгөчө мектеп балдарын кызыктырат. Бирок аны түздөн-түз түшүндүрө турган сабак мектепте азырынча жок. Бул олуттуу

---

[1] М. Ходаков «Кай жорук калкка жакпайт» деген китептен алынды.

суроого илимий негизде жооп берүү албетте, түздөн-түз этика илиминин компетенциясына кирет.

Өткөн заманда кыргыз эли илим жана илимий түшүнүктөр турмак, жапырт кат тааныган эмес. Ошондой болсо да бакыт тууралуу ой-пикирлер элдик эпостордон, макал-лакаптардан, жөө жомоктордон канча кездешет. Ырас алар баа жеткис моралдык мурасты түзгөн менен курч жана учкай акыл-ой мүнөзүндө гана болуп, бүтүндөй бир ырааттуу этикалык идеяны билдире алган эмес. Аларды советтик этиканын көз карашына салып чечмелөө биздин милдет. Албетте, азыркы адамдардын көз карашы менен түшүнүгү эбегейсиз өзгөрдү жана кеңиди. Илгерки убакка салыштырып болбойт. Анткени менен укумдан-тукумга өтүп келе жаткан тарыхый түшүнүктөрдүн маанисин жогору баалайбыз.

Ушуга байланыштуу бакыт деген гана түшүнүккө талдоо жүргүзүп көрөлү. Тийиштүү оокат-тиричилик, илим-билим жана маданиятка жетишүүнүн өзү эле бакыттын бир белгиси, ал эми ага жетишип алып деле бакыт деген эмне деп суроо койгонубуз, «минип жүрүп атын издейт» дегендей эмеспи? Чын эле адам турмушка канчалык маани берип, кумарланып жашаса да, турмушта жашоонун мааниси эмне деген суроо анын сезиминде дайыма турат. Турмушта кезиккен көрүнүшкө ким болбосун өз мамилесин билдире алат. Өзгөчө бакыт тууралуу адам басса-турса эле ой-жүгүртүп, бакыт деген эмне деп олтурбайт. Сөздөн сөз чыкпаса ар ким өз бактысы жөнүндө оңой менен ой айтпайт. Бакыт деген суроого карапайым түшүнүктүн деңгелинде берилчү жоопторду бир эки сөз менен жалпылап көрөлүк.

Биреөлөр купулга толгон иш менен үй-тиричилик, чын ден соолук, бала-чака, эл-журт арасында көңүл ачык, бейпил жашоону бакыт десе, экинчи биреөлөр коомдук жана жеке максаттын аткарылышын айтышат.

Дагы бирлер ак эмгегинен баар таап, коомдук таанымалдыкка жетүүнү бакыт деп эсептешет. Кээде аз иштеп көп пайда тапканды бакыт дегендер да жок эмес.

Кыскасы мындай чар жайыт баамдоолор күнүмдүк аң-сезимде болгону менен илим чөйрөсүндө бир кыйла ырааттуу системага салынган жана такталган. Анткени бир же бир нече кишинин пикири чектелүү жана тар болушу мүмкүн, ал эми илимде нечен кылым санаган адамзаттын тажрыйбасы жалпыланат жана топтолот.

Ошондуктан этикалык теориянын жетишкендиктерин пропагандалык иште пайдалануу кыйла натыйжалуу. Ырас этикалык адабияттарда көпкө чейин бакыттын ролун жана маанисин баалоодо кандайдыр бир тоң моюндук орун алып келди.

Бирок советтик этика бакыт жөнүндөгү мажес түшүнүктү жоюп, анын турмуштук көрүнүштөрүн илимий негизге салып, иштеп чыкты. Биздин коомдо материалдык таламдардын канааттандырылышы бакыттын бир бөлүгү болуп саналат, бирок ал жалаң гана аны менен чектелбейт.

Бакытты Марксче чечмелөө диогендик түшүнүк менен такыр жакындашпайт. Тарыхый легендада минтип жазылганы бар: философ Диогенден Александр Македонский дүйнөдө эң бактылуу киши ким деп сураганда: «Мен, падышам! Сен дүйнөнүн жарымын ээлегениң менен ал сага аздык кылып жатат, ал эми мен болсом такыр эле кур жалакмын жана мага эчтекенин кереги жок»,— деген экен. Аскетизм, ошондой эле жалаң пайданын артынан куучулук да советтик этикага туура келбейт.

Маркстик этика бакытты талдоодогу альтруисттик жана эгоисттик бир жактуулукту четке кагып, жеке жана коомдук кызыкчылыктын шайкеш келишин жактайт. Коомдук кызыкчылыкты этибарга албай туруп, жекече бакытты түзүүгө болбойт. Материалдык жыргалчылык бакыттын чеги эмес. Бирок, адам жеке турмушун жакшыртууга камкордук көрсө эле, анын бакыт жөнүндө түшүнүгү мещандык экен го,— деп дароо бүтүм чыгаруу жарабайт.

Үй-тиричилигине көбүрөөк көңүл бөлгөн кишини дароо мещанин деп айта албайбыз. Ырас, ал жалаң гана үй-тиричилиги жөнүндө камкордук көрүп, коомдук ишти жыйыштырып койсо мещанинге айланат. Анын жеке бактысынын моралдык мааниси тарыйт. Албетте адамдын курсагы ток болуу керек, бирок Горькийдин геройлорунун бири айткандай, адам курсагы токтуктан жогору турат. Ал биздин коомдо өзүнүн болгон жөндөмдүүлүгүн колдоно жана өстүрө алат. Демек, бакыттын башаты ушунда жатат.

Бакыт түшүнүгү бактысыздык менен карама-каршылыктуу мамиледе болуп, күрөштүн натыйжасында жетишилет.

К. Маркс бакытка күрөш аркылуу жетүүгө болот деп мүнөздөгөн.

Ленин да бактысыздыкты адамдар өзүнөн алыс ыргытып таштоолору керек деп айткан. Горькийдин айтуусу боюнча Ленин бирөөнүн бактысыздыгын көргөндө катуу кейиген. Эзилген эмгекчилердин жол башчылары Маркс, Энгельс, Ленин элдин бактысы үчүн күрөштө өздөрүн бактылуу сезген, бүт өмүрлөрүн багыштаган. Социализм гана адамдардын бактылуу турмушуна объективдүү шарт түздү. Чынында азыр ар бир киши өз бактысынын устаты, башкача айтканда камсыз кылынган объективдүү шартта адам өз бактысын өзү түзөт. Бакыт көп кырдуу. Аны эмгектен табышып, кадыр-барк, атак-даңкка жетишет. Эл-журтка кызмат кылып, каниет алышат. Эмгеги эл үчүн болгонуна курсант болушат. Бакыт — жеке турмуштан да көрүнөт, анткени ал коомдук турмуштан бөлүнгүс. Адатта жеке турмуш деп үй-бүлө, достук, сүйүү, сезим чөйрөсү айтылат. Бакытты жалаң эле сүйүүдөн издөө жарабайт. Бирок, сүйүүсүз, балдарсыз бакыт жок. Бакыт жеке керт баштын жыргалында деп коюшат. Мында эч деле талаш жок. Анткен менен өз керт баштын гана камын көрүүчүлүк, коомдук иштен бөлүнүп кетсе, талаш ошондо башталат. Кыскасы бакыт турмушка алымсынгандыкты билдирүүчү абал же жашоонун жагымдуулугун сезүү. Жашоо жагымдуу, эгер адам өзүнүн негизги таламдарын канааттандыра алса. Талам жана аны канааттандыруу бакыттын маңызын ачууда өзгөчө мааниге ээ. Адамдын таламы, керектөөсү ар кыл. Биринчи иретте адам тирүү жан катары азык-тамакка муктаж. Ачкалык адамды азапка, ал эми эңсегенди кандыруу ыракатка салат. Адам көрүнгөн тамак-аш, үй-жай, кийим кечеге ыраазы боло бербейт. Ал дайым чеги жок жакшылыкка умтулат. Адам биологиялык сезим менен катар эстетикалык сезимге да ээ. Ал табигый коздук менен гана ыракаттанбастан, өзү да коздук, сонундар дүйнөсүн түзөт. Маселен, живопись, музыка, архитектура, адабият, ырбий ж. б. Адам дайыма айлана-чөйрө менен ай-ааламды аңдап билүүгө ынтызар. Ал чындыкты, акыйкаттын асылдыгын туура баамдоо үчүн өз билимин, эс акылын, интеллегин кеңейтүүгө дилгир.

Ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн пайда болушу — турмуш формасынын өнүгүшүндөгү маанилүү секирик жана

адамды бардык жандуулардан айырмалап көкөлөттү. Ошондуктан көптөгөн ойчулдар ай-ааламдын закон ченемин аңдап билүү адамдын бийик бактысы деп эсептешкен. Адамдар өз ара жардамдашуусуз жашай албайт. Киши жалаң эле тамакка, сулуулукка, чындыкка эмес, жакшылыкка — жакшы сапатка муктаж. Адамдын материалдык жана рухий керектөөлөрүнүн негизги түрлөрү дүңүнөн ушулар жана аларды канааттандыруу бакыттын өзөгүн түзөт.

Адам өзүнүн таламын, каалоосун, тилегин канааттандырганы менен өзүн бактылуумун деп сезбеген учурлар да болот. Муну белгилүү бир максатты же каалоону аткаруунун жүрүшүндө же андан кийин адамга дагы бир жаңы каалоо, максат пайда болгондугу менен түшүндүрүүгө болот. Маселен, мектеп окуучусу 10-классты бүтсөм дегенде ак эткенден так этет. Мектепти бүткөндө өзүн бактылуу сезет. Бир аз убакыт өткөндөн кийин бир жогорку окуу жайына өткөндү эңсеп тынчы кетет, кокус өтпөй калса өзүн бактысыз эсептейт. Убакыт өтүп, кайгы тарайт. Ишке орношуп бакыт табат. Кыскасы, турмуш ушундай закон ченем менен уланып олтурат. Адамдын кызыкчылыгы менен каалоосу чексиз. Эгер кишинин умтулуусу, каалоосу жана таламдары өспөй, токтоп калса, турмушка кызыкчылык азаяр эле. Ошондуктан жашоонун мааниси анын такай өсүшүндө.

Ар бир эле кишинин материалдык жана рухий кызыкчылыгы бар жана алар такай өсүп турат. Алар канааттандырылса, киши бактылуумун дейт. Ырас, ал бир кишинин мүмкүн өзүнчө кызыкчылыгы, турмушта жеке максаты болууга тийиш, бирок жашоонун жалпы максаты жалпы адам баласына бирдей. Бакытты түшүнүүнүн жалпы мааниси ушундай болгону менен кишинин, таптардын кызыкчылыгы ар түрдүү. Маселен, капиталист башкаларга караганда байлыкты көбүрөөк жыйнап, аларга үстөмдүк кылууга умтулат. Эмгекчил адам болсо эмгекчилер менен бирдикте өз турмушун жакшыраак уюштурууга аракеттенет. Бакыт жогорку кызыкчылык менен талаптардын канааттандырылышы деп айтылды. Бирок кызыкчылыктын бардыгы бирдей мааниге ээ эмес. Алардын бирөө адамга көбүрөөк, экинчиси азыраак керек. Демек, ошого жараша бакытка ракаттануу да айырмаланат. Колдо бар нерсеге караганда колдо жок нерсе көбүрөөк бааланат. Каалаган нерсеге

жетүү адегенде гана алып келсе, бара-бара ага көнүп, кызыгы тарайт.

Бакыт каалаган эле нерсенин орундалышы эмес, такай жаңы жана жогорку максаттарга жетүүгө умтулуу, ага жетүү болуп саналат. Материалдык турмуштун жакшырышы менен адам кайгыга аз батат, бирок анын бактылуу болушуна ал жетишсиз. Ошондуктан ал рухий таламдарын канааттандырууга умтулат. Ырас, адамдар бири-биринен конкреттүү кызыкчылыктары, аракеттери менен айырмаланат. Жеке мүнөздөрү, сапаттары да ар башка. Адамдардын таламдарынын ар түрдүүлүгүнөн ким бактылуу, ким бактысыз экенин конкреттүү түрдө аныктоо кыйын. Анткени менен дүңүнөн алганда адамдын бактысы жөнүндө рухий жана материалдык таламдардын орундалышы боюнча айтууга болот.

Эгер тигил же бул адам материалдык таламга көбүрөөк кызыкса, анын бактысы ошол таламынын орундалышы болуп эсептелет. Горький айткандай, ач көз үчүн «өтө аз иштеп, аз ойлонуп, өтө көп жегенден артык бакыт жок». Рухий кызыкчылыкты артык көргөн кишиге анын аткарылышы ага бакыт сезилет. Мектепти, ошондой эле жогорку окуу жайын бүткөн киши өзүн ошол моментте бактылуумун деп эсептейт. Айта берсе сөз көп. Кыскасы, чыныгы жана толук бакыт дайыма иш, ден-соолук, кененчилик, тынчтык жана моралдык жактан каниеттенүү абалында болуу эсептелет.

Илим-билим берип, маданиятты турмушка киргизүү таалим-тарбия ишинин маанилүү милдети. Кыргыз калкынын дээрлик көпчүлүгү элет жеринде жайгашкан. Ошондуктан айыл маданиятына үчкай көз жүгүртүп көрсөк.

Айыл маданияты массалык байланыштын дээрлик (радио, телевидение, газета-журнал) бардык каналдары аркылуу талдоого алынууда. Ошондой эле ал жөнүндө кыйла лекция — докладдар окулуп, көркөм жана илимий чыгармалар жазылууда. Күн сайын, партиялык, комсомолдук жана башка коомдук уюмдар жер-жерде иштиктүү чаралар көрүүдө.

Анын бай мазмуну менен ар кыл көрүнүштөрүн канчалык андап билген сайын ошончолук улам бир жагы чыга берет окшобойбу.

Азыркы айыл турмушуна маданият кеңири кирип

баратат деген бүтүмгө ким болбосун кошулат. Бирок бул өтө дүңүнөн айтылган түшүнүктү тактап алуу талапка ылайык. Кандай маданият, кадимки эле шаардагыдайбы? деген суроого кандайча жооп берүүгө болот? Ооба дейин десең шаар менен кыштактын ортосундагы олуттуу айырмалыктар такыр жоюла элек. Мисалды маданият чөйрөсүнөн эле алып көрөлү. Азырынча айылда шаардагыдай театрлар менен музейлер жок. Айылда негизинен маданияттын очогу клуб менен мектеп. Ырас. радио-телевизор, китеп менен газета-журнал шаардагыдай эле айылдын дээрлик ар бир үйүндө бар. Бул жагынан айыл шаарга теңелип баратат дешке болот. Бирок ким эмнени көрөт жана угат, кимдин кандай билим жана маданий деңгээли бар. Кеп ушунда жатат. Кыскасы, кыштак негизинен шаарда жаралган жана тараган маданиятты өзүнө сиңирет. Ошону менен бирге айыл маданиятынын өзүнө мүнөздүү жактары да бар. Ал негизинен жаратылыш менен тарыхый салтка байланышкан жашоо формалары жана мамиле түзүү, жүрүм-турум нормалары. Муну биз кийинки ой жүгүртүүлөрдүн негизинде далилдешке аракет кылабыз.

Азыркы элеттиктер жашоонун материалдык таламдарын канааттандырууга гана эмес, улам өрнөктүү жана маданияттуу болуу жагына көбүрөөк умтулууда.

Окуп, билим менен маданиятка жетишүү максаты карынын да, жаштын·да аң-сезимин тең ээледи. Анын кадыр-баркын билбеген киши дээрлик калган жок десек жаңылышпайбыз. Баланчанын балдары билимге-илимге жетишип, маданияттуу адам болуптур деген даңаза сөздү ар бир айылдан угабыз. Демек маданияттын маанисине түшүнүп, аны жогору баалоо жалпы эле элетке мүнөздүү көрүнүш болуп баратат.

Жаштар түмөнү түрүлө мектепте, жогорку окуу жайында окушуп, билим менен тарбия алып, түшүнүгүн кеңитип, алдыңкы маданияттын кээ бир элементтерин айыл турмушуна киргизүүгө көмөктөшүүдө.

Өзгөчө коомдук жана административдик уюмдар жүргүзгөн иш-чаралар, ошондой эле элеттик элдин өз демилгелери айылдын түрүн ажайып өзгөрттү. Таш төшөлгөн түз көчөлөрдү бойлото салынган стандарттуу турак үйлөр, коомдук имараттар, ар бир чатырда сайылган антенналар, түндү күндөй кылган электр жарыгы айылдагы бейпил жана маданияттап бараткан

турмуштун ачык күбөсү. Буга табият өзү тартуулаган аска-тоодон агып түшкөн шаркыратмалар, мөлтүр кашка суулар, жайдыр-кыштыр жашылданган карагай-кайың, арчалар, көк жайык кокту-колоттор, жазгы кызгалдактар, тоо арасында токтогон көгүлтүр көлдөр, зоокада секирген аркар-кулжа, эликтер жана башка жан-жаныбарлар менен куштардын көркү кошулуп, өзүнчө бир сулуулук түзөт. Бул экзотикалык көрүнүштөр, ал эми тиги кырда калдайып колхоз малы жайылса, аркы көз мелжиткен күздө трактор менен комбайн дүркүрөп, эмгекчил элеттиктердин колунан иш кайнайт. Айылдын тышынан карганда ушундай кооз көрүнүш көз алдыга тартылат.

Ошондуктан дем алыш жана отпуска күндөрү шаардыктар жолдош-жоро, илик-жарма издеп элетке жөнөйт эмеспи. Же тоо түбүнө, суу боюна дача салып алып жардайбыз. Жадагалса башка жактан биздин шаарга келген кадырман коногубузду да жаратылыш көргөзөбүз деп айылга алып жөнөйбүз. Кыскасы айылда адамды өзүнө тартуучу (кумарлантуучу) жагдайлар аз эмес. Эми жакшы материалдык жана жаратылыш шартында жашаган элет адамын улам жакындан карап, ички дүйнөсүнө, үй турмушуна көз жүгүртүп көрөлү. Ырас, кайсы айылдын болбосун тышкы көрүнүшү дүңүнөн алганда жагымдуу таасир келтирет. Үйлөр бышкан кирпичтен салынып, үстү тунуке же шифер менен жабылат. Алды үч-төрт, арты эки-үчтөн кем эмес бөлмөлөргө бөлүнөт. Үйлөрдүн формасы жалпысынан ушундай бир түрдүү, бир-бирине окшош. Ырас, оригиналдуу архитектуралык стилге негизделип, же эки этаж болуп салынган үйлөр азырынча жокко эсе. Үйүнүн тышкы түрү стандарттуу болушуна ушунча кам көргөн киши анын ички жасалгаларына кандайча карайт? Көп ушул жөнүндө болгондо кызык көнүмүштөр байкалат. Элеттиктердин бир кыйласы үй жасалгалоонун азыркы түрүнө багыт алып гарнитур, килем, палас, магнитофон, китеп-шкафтар менен үй ичин толтурат.

Бөлмөлөрдү конок үй, ашкана, кабинет деп бөлүп ыктуу пайдаланышат. Көбүнчө стул, диванда олтуруп-турушат. Тамак-аш стол үстүндө ичилет. Башкача айтканда шаардык тартипке көчүшкөн. Эски нукта жасалгаланган бир бөлмө да бар. Ал эми айрым адамдар кең-кесири үйдүн керектигине көзү жетип салганы ме-

нен эски көнүмүшкө жеңдирип бир бөлмөгө барып тыгылышат.

Азыркыча мебелдерин конокканага жыйып коюп, же жалаң жуурканды тирелтип жыйып, өздөрү жерге олтуруп-туруп тамак ичишет. Албетте, мында адеп нормасын бузуу деле жок, кайра эски салт-санаага ылайык келет. Биздин балалык кез да негизинен ушундай эле шартта өтпөдү беле. Бирок турмуш дайыма өзгөрүп жашоонун түрүнө өз ондоосун киргизет. Салт-санаа нускалуу болсо, турмуштун жаңы нугуна шайкеш келип аралашып кетет, ал эми ага кедерги болсо, жоюуга туура келет. Эзелтен элибиздин салты болгон жерге олтуруп тамак ичүү, колду салып беш бармак жеш өзүбүздүн арабызда анча деле эрөөнү жок, кээ бир гана гигиена жагын албаганда. Башка кырдаалда жана чөйрөдө ушул адатты колдонсок өөн учурап калышы толук ыктымал. Адеп сактап ачык айтпаса да булардын тиричилик маданияты баягы эле бойдон калган экен го деп ойлоп калышы мүмкүн. Экинчиден жаштайынан ушундай адатка жедеп көнгөн киши кийин башка чөйрөдө да столго отуруштун, тамак жештин этикетке байланышкан эрежесинен тайып, нечен жолу олдоксон жорукка жолугат. Муну биз шаарга адеп келгенде башыбыздан кыйла өткөргөндүктөн айтып жатабыз.

Эгер жүрүм-турум жагынан сөз козгосок көп эле айтыла турган нерселер бар жана алар өзгөчө жаштарга тиешелүү. Айылдык жаштардын маданияттуу жүрүм-турумуна бир топ нерселер себепчи, ошондой эле кедерги болот деп болжоого туура келет. Мектеп, коомдук, уюмдар, кино, радио, телевизор, көркөм китептер аркылуу балдар, азыркыча таалим-тарбия алат, жүрүм-турум маданияттын кээ бир жактарын кабылдайт. Жүрүм-турумга болгон мамилеси жонунан азыркы талапка ылайык калыптанат. Ал эми үй-бүлө чөйрөсүндө болсо ушул нормаларга кошумча иретинде ата-бабанын жолжосундары, үрп-адаттары, эрежелери айтылат. Буга анчалык каршылык жок. Анткени салттын улуу-кичүүнү сыйлап, адеп сактоо, сыпайылык, меймандостук, боорукерлик, жоомарттык кылуу сыяктуу дагы канча жакшы сапаттарга үндөп-тарбиялоо жактарын элдик этикет катары кабыл алып, жогору баалайбыз. Ошону менен бирге салттын ак-карасын ылгабай кабыл алуу аракетине каршы турабыз. Мисалы, кыз ала-качуу эчактан келат-

кан эски салт. Эгер эки жаш макулдашып алып анан салт каадасын сактаса бир жөн, символикалык көрүнүш, ал эми зордуктап ала качса кылмышкер катары жоопко тартылат. Үйлөнүүгө байланышкан башка бир кырдаалды карап көрөлү. Эгер эки жубайдын эне-аталары сүймөнчүлүк үчүн катташып, символикалык белек берип сыйлашса жөндүү, ал эми салык салып калың доолашса азыркы маданиятка жарашпайт. Консервативдүү көз караштан алып караганда, тескерисинче калыңсыз кеткен кыз намыска калтырат. Көрдүңүзбү, ыйык сезим, келечек өмүр арасында акча-буюм кендирди кесип кастык таратып жүрөт. Калың маселеси газета бетинде канча жолу сөз болгонун жакшы билебиз. Элетте жашаган жаш киши жүрүм-турум маданияты жагынан эки түрдүү кырдаалга туш келет. Биринчиден, биздин өлкөнүн кайсы жеринде болбосун бирдей кабыл алынган советтик этикет нормасын, экинчиден ата-бабадан калган салт каадасын сактоо талап кылынат. Дале болсо салт каадасы азырынча басымдуулук кылган жагдайлар кездешет. Ушуга байланыштуу мындай бир окуя эске түшөт. Мурат менен Азия көптөн бери жолугушуп жүрүштү. Азия нукура шаардык кыз, атасы белгилүү интеллигент, Мурат болсо чабандын баласы, элеттен келип окууга өткөн. Бири-бирин жактырып үйлөнүүнү чечишет. Мурат колуктусун айылга алып барат. Той анын эртеси да болуп күндөлүк турмуш башталат. Келин эртеден-кечке казан-аяк менен алек, жарын жатарда гана көрөт.

Айылдын аки-чукусун билбеген Азия «жаныма жолобойсуң, суу алып, от жакканга жардам бербейсиң» деп таарынса, бирде тоого чыгып кызгалдак терели, же ойго түшүп сууга түшөлү деп суранат. Мурат айыл шартын айтып мукактанат. Жубайлар айылда аз күнү гана туруп анан шаарга кайтышат. Азия өзүнүн тууган-туушкандарынын чөйрөсүндө шаарда Мурат жентельмен өңдөнгөнү менен айылда «бай-манап» экен деп уялтат. Кийин Мурат айылга баралы деген сайын Азиянын кабак-кашы бузулат. Мурат айылга жалгыз бара баштайт, эне-ата болсо келинди сурайт. Орто жерде Мурат беймаза болуп бирде эски жол-жосунга наразы болсо, бирде аялына наразы. Ушул өңдүү жүрүм-турумдагы төп келишпестиктер канча. Бир жагынан эски салт жол-жосундары, экинчи жагынан азыркы этикет нормалары тартып, кай-

сы нормага моюн сунарынды билбей келип турасың. Шаар шартында кайсы жерде болбосун аялдарга урматсый көргөзүлөт. Эшик ачып үйгө киргизесиң, пальтосун илип, отургуч бересиң. Кыскасы «жеңилин жерден, оор ун колдон алып» көзүнүн агы менен тең айланасың. Бул көрүнүш адатка айланып, эч эрөөндүгү жок. Ал эми элет жеринде эч ким жокто ушинткениң менен киши барда минте албайсың. Жада калса жаш жубайлар тоого чыгып гүл тергенден, ойго түшүп сууга чөмүлгөндөн жалтанат. Жаратылыш арасында туруп жанына бара албаганга ич күйөт. Рюкзак көтөрүп шымалан кийинип талаада шапар тээп дем алышын өткөргө шаардыктарга суктанасың. Мүмкүн башка жерде ушинтсең да өз айылыңда айбыгып мындай кыла албайсың.

Бирок муну адептүүлүк дегениң менен дүкөн тегеректеп бурч-бурчта жеңин жыттап «ак молдону» айдаткан адатты кайсы адеп деп атайбыз. «Ак молдого» алдырып аксакал — көк сакалына карабай коомдук жерде алдастап жүргөн жаш жигит эртеси элдин бетин кантип карайт.

Айрым жаштардан бош убакытты кандай өткөрөсүздөр деген суроого айланчыктап «ак молдо» сатылган жерде жүрбөгөндө эмне кылабыз деп жооп бергендери кызык.

Клубда өздүк чыгармачылык, кино, спорт оюну, аңчылык, балык уулоо сыяктуу көңүл ачып убакыт өткөрүүнүн түрлөрү азбы? Эгер киши көркөм китеп окуп, телевизор көрүүнү көнүмүшкө айландырып алса, каармандар менен сырдашып канчалык кумар жазылат, ички дүйнө байыйт. Турмушка кирген жаңы белгилер жеңил кабыл алынат. Жалаң эле курсак, көңүл ачуу эмес, жалпынын камы көрүлөт.

Мындай сапатка ээ болуп ой-тоону омкоруп, жаңы маданиятты улам турмушка киргизген элеттик эр азаматтар четтен табылат. Болбосо тиги айыл көркү кайдан чыгат. Жалаң эле стандарттуу үй салып, кымбат эмерек, жаңы «Волга», «Жигули» алуу менен айыл маданияты чектелбейт. Анын диапазону кең. Турмуштун ар түрдүү жактарынан көрүнөт. Бирөө заңгыратып үй салып, дүнүйө жыйып тиричиликке тың болгону менен рухий жакка жок болуп, эскичиликке жакын болсо кантип маданияттуу адам дейбиз. Маселен, арбак ыраазы болсун деп аш берсе, баламды «мусулман» кылам деп

той берсе, алдейлеп багып-өстүргөн кызын калыңга берсе, албетте көз караш азыркыча эмес. Кээде коом таануу сабагынан айрым мугалим балдарды окутуп жатып буларды эскинин калдыктары деп ачык айтканы менен өзү тымызын ушуларды жасайт. Эмне үчүн дегенде антпесең «элден чыгып калбаймымбы» деп жооп берет. Ооз жүзүндө каршы болуп, иш жүзүндө эскичилдикти кармаган ушундай адаттар али да болсо күчүнөн тая электигин айтууга тийишпиз. Анткени кары адамдар бир жагынан жаштардын маданияттуу болушун каалашса, экинчи жагынан эски салттын сакталышын каалашат. Шаарда окуп же иштеп жүргөн киши шаар тартибине көнө калары арийне. Ошол көнүмүшүн айылга келгенде сактаса, айылдыктарга анча жага бербестиги байкалат. Кебетесин, жүргөн-турганын карасаң деп сөз кылышат. «Бузулуп калыптыр» дегенге чейин барышат. Бирок билимдүүлүгү, көптү билгендиги, басса-турса китеп менен жүргөндүгү жагат.

Көп учурда ушундай психологиялык кырдаалдар түзүлүп, жогорку билимдүү, маданияттуу жаш адистердин эскичиликке ыкташып кетүүсүнө алып барат. Карылардын көңүлү үчүн «Карынын сөзүн капка сал», «Элжурттан кантип чыгабыз» сыяктуу актануулар айтылат. Ырас, тарыхый шарттан келип чыккан элдик салт, жол-жосундар, конкреттүү кырдаалдар менен эсептешпей коюуга болбойт. Адамгерчиликке сыйган жөндүү жагына кошулуш керек, каршылык жок, ал эми, «салт ушундай болсо эмне кылабыз» деп эле ак-карасын иргебей макул боло берүү жарабайт. Мисалы, ата-эне, улууларды сыйлоо, үйгө келген конокко сыпайкерчилик көргөзүү, өз ара каралашуу жана башка эзелтен келаткан салттарды сактап, укумдан-тукумга улантабыз. Бирок тополоңун тоз кылып «сүннөткө» олтургузууга той берип, кошумча жыйнап алганга арнап аш, атагын чыгарганга калыңга как чечекей кызын какшатып бергенге кантип макул болобуз. Жаман көрүнгөндөн жалтанбай жаштык дем, өткүрлүк менен ишендирүү ишин жүргүзүү өзгөчө комсомолдордон талап кылынат.

Канткен менен жекече турмуш чөйрөсү да маданият таасиринен калган жок. Орөң-бараң бир тийген олдоксондук, кебете-кешпирин кемсинткен тамаша, этибиз көрүнбөсө болду деп колго тийген кийимди кийе бермей, бир-бириникине беймаал кире бермей көндүм адаттар

кескин түрдө калып баратат. Карылар кабат-кабат бешмант, чепкендерин, ак калпак, суусар тебетей кийип, жаштар болсо тонду дубленкага айландырып жасаган турмуш-шартты көрүп көңүлүң тоёт. Эмки кезек бүткүл совет жерине бирдей таралып бараткан этикет эрежелеринин элетке кеңири таралышында. Бычак менен кашыкты кандай кармап, акырын же шорулдатып ичип, аял кишиге ар бир жерде жол берип «лыпылдап» туруунун эмне мааниси бар деген нигилизмден алыс болууга тийишпиз. Муну сиз кандай дейсиз замандаш! Элет чөйрөсүндө калыптанган жүрүм-турум, кыял-жоруктарга көнүп калып, кийин шаарга келгенде оңтойсуз калган учурлар болгонбу, сиз же бат эле камыр-жумур болуп кеттиңизби? Маселен кыйкырып сүйлөшүү, каткырып күлүү, түртүшүп, чымчышып тамашалашуу, кыздарга же улуу кишилерге учурашканда колду кийин же мурун берүү, дагы башка символикалык эрежелер элет жеринде анча этибарга алынбайт. Шаарда болсо мунун баары дароо тарбиясы жоктуктан кабар берет эмеспи. Таанышканда ыктуу сүйлөшө билүү, белек берүү, театрга баруу жана башка жагдайлар менен бетме-бет кездешкенде өзүңдү эркин алып жүрө албай бушайман болгонуңуз барбы? Ушулар жөнүндө тегерек отуруп, түз кеңешсек кантет? Жаш адамдын эң башкы тарбиячысы турмуш.

## ТУРМУШКА МАМИЛЕ

Ар бир нерсенин өнүгүп-өсүү закон ченемдүүлүгүн, өз ара байланышын, өзүнө таандык өзгөчөлүгүн ар тараптан алып кароо—материалисттик диалектиканын талабы экендигин философиядан кабары бар ар ким билет. Бирок теория түрүндөгү билгенди иш жүзүндө дайыма колдоно билүү оңойго турбайт.

Күч же акыл эмгеги, коомдук же жекече мамилелер болобу, айтор турмуштун кайсы гана жагын албагын терең илимий көз карашты талап кылып баратат. Азыркы адамдын илим-билим, аң-сезими тынымсыз өсүп, рухий дүйнөсү улам кеңейип интеллектуалдаштырылууда. Мына ушундай кырдаалда жөн эле тобокелге салып басма сөз бетинде же жыйында жалпы сөз, трафареттүү ыкма менен сезимге сезим кошуп, адамдын жан дүйнөсүн козгош кыйын. Бирок бул аксиоманы барды-

ғыбыз бирдей билгенибиз менен бардыгыбыз бирдей жөндөмдүүлүккө ээ эмеспиз да. Маселен, бирөө бир ишке шыктуу болгону менен башкага жок. Бирөөнүн акыл-сезим, кыял-жорук, рухий жана илимий деңгели азыркы учурдун талабына толук шайкеш же бир аз төмөн. Турмуштун бул диалектикасын көңүлгө албай, курулай шаңданып, кантип бардыгы бирдей идеалдуу деп айтабыз. Жалаң эле нукура теорияга эмес, күндөлүк турмушка да диалектикалык көз караштын таралышы талашсыз.

Бир нерсени жакшы же жаман дештен мурун анын мүнөздүү себебин аныктап, анан бир пикирге же чечимге келүү — терең диалектик адамдын белгиси.

Ырас, турмушта бардык эле нерсени ар тараптан карап мыжыгып олтурууга кээде убакыт да, эрк да жетпейт жана бардык учурга андай педантчылыктын анчалык деле кереги жок.

Ал эми маанилүү иштин маңызын чыгара жана адамдын ар-намысы менен тагдырын оңго же солго чечүүдө кара кылды как жарган калыстык ар кандай иштин партиялык принциби. Анткен менен турмуш жана турмуштагы көрүнүштөр ар кандай принциптен алда канча бай. Албетте, коомдук саясий-социалдык, идеология-моралдык жана башка принциптери коомдук аңсезимди жалпысынан жалпы максатка багыттайт, бирок ал бардык учурга даяр рецепт бербейт.

Биз жанатадан бери жалпы нерселер жөнүндө жалпы сөз айттык. Же бул философиялык кесиптин спецификасыбы? Албетте, ар бир илимдин өзүнчө турмушту изилдөө өзгөчөлүгү бар. Ал эми философиянын энчисине эмне калат? Же ал башка илимдердин жетишкендиктерин калктын калың катмарына кеңири жайылтуу менен гана чектелеби? Буга ооба деп оң жооп берүү менен философиянын башка илимдерден негизги айырмачылыгын мындан табабыз. Эгер физика же биология объективдүү дүйнөнүн айрым тармактарын гана изилдесе, философия бүтүндөй дүйнө, адамдын андагы ордун, анын турмушка мамилесин жана көз карашын абстрактуу ыкма менен жалпылайт. Философиянын мындай спецификасын анчалык этибарга албай же баамдабай кээ бирөөлөр философиялык ыкмада жазылган макаладан конкреттүүлүк менен карандай фактыны талап кылышат. Ар кайсы маселенин башын аз-аздан камтыган чаржа-

йыт, бир гана нерсени багыттап эмне үчүн талдабайт, бир нече проблеманы бир макалага кантип батырат, дагы канча дооматтар айтылат. Бир караганда бул жөөлүү, бирок философиялык чыгармачылыктын спецификасын да эске алуу керек эмеспи. Минтип алдын ала өзүбүзгө сын көз менен карабасак, баары бир бирөөнүн сынына кабылабыз. Көп эле көрүнүшкө көз чаптырып, ойго батканда оюң кандайдыр бир жагынан чаржайыт болору бышык. Бирок диалектикалык логиканын принцибин билип, ага ыгы менен таянса, адам анчалык ой-тоону айтпас.

Ойго жарды көп сөздүүлүк менен комплиментардуу риторика көпчүлүктүн көңүлүнө көп жакпайт. Өзүндү өз ичинден канчалык баалабагын, баары бир телегейи тегиз, теребелге тең жаккан терең проблемалуу ой айтып, окуучуларды ойго салыш чанда гана адамдардын үлүшүнө туура келет. Бирок шилтегени ширин жана терең проблемалуу, таланты ташыган, азыркы доордун интеллектуалдуу талабына татыктуу адамдарыбыз аз эмес. Мындай жүргөндө көргөн көрүнүштөрдү көңүлгө алып, «катырып кагазга түшүрбөсөм» деп кыялданганың менен иш жүзүндө аны кандайдыр бир иреттүү илимий системага салуу кыйынга турат. Аздыр-көптүр илимий иште илешип жүргөндөн кийин актуалдуу проблема боюнча концептуалдуу бир идея көтөргөндөй интеллектке жетсем деп далбас урат эмеспи киши.

Ал эми илимий даражага жетип алгандан кийин жандуу рухий процесске үн кошуп, терең билимди элге кеңири жайылтуу — теория менен практиканын өзүнчө бир айкалышы.

Биз ар нерсе жөнүндө айтууга аракет койдук. Бирок философиянын өзгөчөлүгү ушундай деп эле оңой ойт берип кетпей, ой-пикирди актуалдуу маселеге багыттаганыбыз оң. Анткени менен азыркы окуучунун талабы аябай бийик болуп турганда ага жетиш үчүн белгилүү теориялык деңгел керек. Жөн эле омуроого салып, басма бетинде «бакыйып» канча чыксаң да, окуучуну ойго саларлык ой-пикир айта албасаң «баягы» дагы жазыг тыр деп башка баракты ачары арийне.

«Философ экен» дегенде көпчүлүк ойлонуу манерасы логикалык жагынан ырааттуу жана маданияттуу, койгон маселенин майын чыгара эмпириялык жана теориялык деңгелде тегиз талдап, көзгө көрүнбөгөн көрү-

нүштөрдүн аки-чукусун көрө билип концепциялаган теоретикти элестетет. Бирок, ушул талапка жазганыбыз ылайык келеби же жокпу? «Ооба же жок» сыяктуу кесе сөз кээде бир жактуу пикирге алып келет. Биреөгө сынтагыш оңой, ал эми биреөнүн сынына толуш кыйын. Ар нерсе жөнүндө ар кандай, башкача айтканда, илимий жана күнүмдүк аң-сезимдин деңгелинде ар ким ар кандайча ой жүгүртө алат. Маселен, турмушта жашоонун мааниси жөнүндө Сократтын «деңгелинде» да, ошондой эле бир нече кружка пиводон кийин өзүнө өзү ушул суроону бергенди жакшы көргөн обывателдин деңгелинде да ой жүгүртүп, сөз кылууга болот. Бул да өзүнчө бир «карапайым турмуштук философия», бирок профессионалдык философия эмес. Кеп, марксисттик философиянын бийиктигинен туруп абстрактуу же күндөлүк көрүнүштөр болобу, анын актуалдуу проблемаларын концептуалдуу деңгелде карай билсек дегенде турат. Албетте, басма сөз бетинде кеңири массага жеткиликтүү жанр менен кайсы бир илимий түшүнүктөрдү чечмелеп пропагандалоо жаман эмес. Бирок, кандайча? Атайын адистештирилген адабияттарда жана окуу куралдарында алда канча апробацияланган белгилүү түшүнүктөр менен жоболорду жонунан кайталап коюу бир башка, ал эми илимдин жетишкендиктерине таянып, ар бир шарттын керектөөсүнө ылайыктап өзүнчө сөз, идея айтып, проблема көтөрө билүү бир башка эмеспи.

Өзгөчө тигил же бул нукура илимий түшүнүктү, проблеманы чечмелеп жатканда адилеттик үчүн өзүңкүбү же өңгө биреөнүн интерпретациясын жалпыга жеткиликтүү кылып комментариялап жатасыңбы, иши кылып ара-чородо бир кыстырып айта кетүү илимпоздун этикасы.

Ишмердүүлүктүн кайсы гана тармагы болбосун, өзүнчө татаал жана өзүнө ылайык көз караштуы талап кылат. Турмуштук ар түрдүү көрүнүштөр менен жүрүш-туруштук көнүмүштөр кандай гана карама-каршы ой-пикир, ар түрдүү баа бергенге туш келбейт дейсиз. Бир эле көрүнүш же жүрүш-туруш бир нече ой-пикир, эмоция туудуруп, ар кандайча бааланат. Мисалы, туш-туштун баары көк-жашыл көркке бөлөнгөн жазгы көрүнүш. Арча-кайыңга калың, асман тиреген бийиктен түшкөн мөлтүр кашка шаркыратмалар, аскасын аркар-кулжа аралап, улар уялаган тоолордун укмуштуудай панора-

масы ар кимге ар кандай таасир калтырып, эмоция чыгарат.

Советтик адамдардын көпчүлүгү коомдук иш дегенде жанын берет. Бирок «дефициттүү товар», бекер пайда, аз иштеп, көп табуу дегенде ак эткенден так эткендер да такыр жок эмес. Биздин жаштардын дээрлик көпчүлүгү билимдүү, көз карашы терең жана адептүү, бирок саксайта сакал-мурут, чач коюп, кызыл шым кийип кебете-кепширин бузуп, жеңил турмушка желпингендер да таза жок эмес. Карачы, канча түрлүү эстетикалык табит, аң-сезим жана кызыкчылыктар. Турмушта кезиккен айрым терс көрүнүштү ооз жүзүндө канчалык жок дегенибиз менен ал дароо өзүнөн өзү жоголуп кетпейт. Ал эми анын мүнөздүү же кокусунан экендигин аныктай жана сындай билүү бир башка.

Адамдын бардыгы жаратылышты гана жакшы көрөт же көрбөйт? коомчул же өзүмчүл, рухий дүйнөсү бай же жарды, жаштар жалаң сабаттуу, адептүү же «битлс», «хиппилерди» гана туурайт деп бир формулага салып, кесе айтуу махро метафизика. Терең адам эч нерсени эч качан минтип айтпайт. Метафизикалык же диалектикалык көз караш адамдын адамдык, ишке жөндөмдүүлүк, дагы толуп жаткан коомдук жана жеке сапатын баалоодо өзгөчө байкалат. Анткени, адамдын тагдырын зор камкордук жана таразадай так калыстык менен чечүү советтик гуманизмдин бирден-бир артыкчылыгы. «Бардыгы адам жана анын жыргалчылыгы үчүн» деп бекеринен айтылбайт. Бул принцип турмуштан алда качан терең орун алып, аң-сезимге жедеп сиңген. Ооба коомдун жалпы негизи нак ушундай. Мисалы, кызматчыга кызмат боюнча канчалык катуу талапты ыгы менен коё билген жетекчи, ошончолук анын адамдык жана кесиптик ар-намысын, абийирин ыгы менен сактай билүүгө тийиш. Бул принцип кайсы иште болбосун бар жана ал маанилүү саясий мааниге ээ. Талап менен камкордуктун өзүнө таандык диалектикасын сезимталдык менен тең кармоо коллективди башкаруу системасынын мүнөздүү белгиси. Конкреттүү иштин ыгын алып, канча кишинин кулк-мүнөз, кыял-жоругун таап жагыш алда канча татаал жана ар түркүн күтүлбөгөн сюприздерге кээде дуушар кылары ыктымал. Анткени, жандуу турмуш ар кандай жансыз теориядан алда канча бай жана анын схемасына ар дайым сыйбайт

Кызматчынын ишмердик же жеке сапаты боюнча болобу, айтор, кемчиликтер менен келишпөөчүлүк принцибин ар бир администратор же ким болсун аткарууга административдик жагынан милдеттүү. Ошондой эле бирөө-бирөөнүн тагдырына татыктуу мамиле, камкордук көрүүгө моралдык жагынан милдеттүү. Мындай иште ар ким өзүнүн жеке кырс же назик кыял-мүнөзүн, бирөөгө жекече симпатия же антипатиясын көргөзүүгө кандайча акылуу? Эч кандай! Демек, кайсы жерде болбосун коом менен коомчулуктун кызыкчылыгы катуу сакталат. Буга эч талаш жок. Бирок турмуштун бул тарабында бардыгы шайма-шай, телегейи-тегиз идеал эмес. Кээ бир кемчиликтер жекече гана мамилелерде болот деш бир жактуулук.

Адилеттик, калыстык ошону менен катар жакынына жан тартуу, ишке жөндөмдүүлүгүнөн мурун жагымдуу же жалтак мүнөзүнө карай кадр тандоо, дагы айрым жоруктардын жолтоо болуп жаткандыгын жашырбай айтсак жаман болобу. Ырас, КПССтин Борбордук Комитетинин идеологиялык кадрларды тандоо жана тарбиялоого арналган атайын токтому жер-жерлерде кызуу талкууланып, ага ылайык конкреттүү чаралар көрүлдү жана көрүлүп жатат. Болгон ийгиликтер андан ары улантылып, орун алган кемчиликтер четтетилүүдө. Бирок ар бир иштин өзүнө тийиштүү инстанциясы бар, ошолор гана чечет жана кийлигишет деп, кээ бир терс көрүнүш, өксүктөргө кайдыгер кароо — саясий аң-сезимдин сергектиги эмес. Бир мисал. Өткөн жылдары «Советтик Кыргызстан» газетасынын бетинде бир жылга жакын «Сокур намыс баш жарат» деген темада талкуу болду. Бул биздин жергиликтүү шартта актуалдуу маселе. Буга ар түрдүү кесиптин өкүлдөрү активдүү катышып, кызыктуу ой-толгоосун ортого салышты. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети бул демилгени жактырып атайын токтом кабыл алды. Демек, талкуу өтө чоң деңгелде өттү. Ошондой эле дагы канча актуалдуу проблемалар басма бетинде көтөрүлүп элдин элегине салынууга муктаж. Бирок ошолорду жогорку теориялык деңгелде көтөрүп жана чече билүү эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоо процессине көп эле өбөлгө түзөт.

Баккан-көргөнү рухий кесип жагдайында болгондон

чийин азыркы интеллектуалдуу деңгелге ылайык концепция жана ой-пикир айтканга не жетсин.

Күнүмдүк турмуштагы айрым терс кыял-жорук жана башка кемчиликтерди тизмелеп эле тим болбой, аны илимий жагынан изилдеп, ал канчалык мүнөздүү же кокусунан болгон көрүнүш экендигин терең көргөзүү биздин милдет. Кайсы бир кишилердин айрым фактыларды жалган негизде жалпылап, анан кандайдыр скепсиске чейин айландырып алмай адаттары бар. Маселен, «тааныштык менен гана там алып же ишке илешесиң, дефицит товар табасың же азыркы жаштар адепсиз, эркектерге «ишенич» жок. Ал эми өзүнө контр — суроо берип кайрылсаңыз, өзүм гана өз күчүм менен демейи бар, эмне үчүн өңгө кишилерди өзүңдөй көрбөйсүң деген-де гана жооп таба албай жөн олтуруп калат. Ушуга байланыштуу бир окуя эсиме түшкөнүн айтайын. Мындан бир топ жыл мурун бир илимий иш боюнча «ак ниеттикти кандай түшүнөсүң» деген темада «Октябрдын 40 жылдыгы» атындагы фабрикада анкета таратып жүрөм. Өзгөчө бир аял, фамилиясы азыр эсимде жок, «анкетанды толтурбайм, анткени ак ниеттик деген жок» деп кесе айтып калды. Экөөбүз талашып-тартышып калдык. Биздин диалог болжол менен мындай формада болду.

— Кандай себептен минтип кесе айтып жатасыз?—

— Себеп бар.

— Кандайча?

— Көптөн бери үй ала албай жүрөм.

— Кезегиңиз жеткенде аласыз да.

— Кезегим анча жылбай жатат.

— Эмне үчүн?

— Анткени профкомдо тааныштым жок.

— Биерде анын эмне кереги бар, кезек керек да.

— Тааныштары барлардын бардыгы бат эле алып жатышат.

— Минтип айтканыңыз такыр туура эмес.

— Жок, туура.

— Анда эмесе, жаныңдагы бирге иштегендердин бардыгы тааныштык менен алыштыбы?

— Жок, кезек менен алышты.

— Демек, бардыгы эмес экен да.

— Аныңыз туура.

Мен уламдан улам үстөмөндөтүп суроо бере башта

цым. — Ак ниеттик жок деп анкетаны толтурбай койдуңуз, деги өзүңүз ишке, үй-бүлөгө кандай мамиле кыласыз? Чочубай эле ачыгыңызды айта бериңиз, чын пейилдүүлүк менен сүйлөшүп жатпайбызбы.

— Кусур урсун, ак ниетмин.

— Жолдошторуңузчу?

— Алар дагы.

— Күйөөңүз сизге, сиз күйөөңүзгө ишенесизби?

— Ишенем — деп, ишенимдүүлүк менен жооп берди. Демек, ак ниеттик ар ишке, жана ар кимге таандык сапат. Анда-санда көрүнө калган кара ниеттик иштин, кишинин жаратылышына мүнөздүү болбогон кокустуктар деген корутундуга экөөбүз тең макул болуп сөздү токтоттук. Айтмакчы, тигил же бул көрүнүштү же көнүмүштү мүнөздүү же кокустук сыяктуу категорияларга таяп кароо талапка татыктуу, бирок ар ким эле турмуштун ар түрдүү жагдайларын дайыма бир түрдүү теориялык схемага салып, бирдей көз, бирдей түшүнүк менен карабайт. Мейли көркөм чыгармачылыктын же күндөлүк турмуштун көрүнүшү болобу, бирдей баамдалып, кишиге бирдей таасир бербейт. Муну оңой эле байкоого болот. Мисалы Токтогулдун эстелиги улуттук сыймыктын символикасы катары ар кимге бирдей жакканы менен скульптуралык жагы бирөөнүн эстетикалык табитине жагат же анчалык жакпайт. Кинорежиссер А. Михалков-Кончаловскийдин «Сүйүшкөндөр жөнүндө романс» аттуу фильми бирөөнү толкундатып түрдүү ой-толгоого салса, кайсы бирөөнү кайдыгер калтырат. Турмуштун актуалдуу проблемасын терең философиялык деңгелде коюп, оригиналдуу көркөм каражаттар менен чече алган чыгарма дайыма окуучуну көңүлкош калтырбай ар түрдүү карама-каршы ой-пикир, көз караш, баалоолорду чыгарат. Даңкы таш жарган жазуучу Чыңгыз Айтматовдун «Жамыйласы» бир кезде канчалык «чуу» чыгарганы эсибизде. Биздин жана кээ бир чет өлкөлөрдүн бир нече театрларында коюлуп жаткан Мар Байжиевдин «Дуэль» пьесасы бир топ психологиялык барьерди башынан өткөрдү. Биз мунун баарын ар нерсени ар тараптан алып кароо бир жактуу пикирге алып келбейт деген мааниде айтып жатабыз.

Ал эми бир жактуу киши тиги эстеликтин эстетикалык жагынан мурун, анын утилитардык жагын эсептейт. Китепти окуш үчүн эмес, модага жыйнайт.

Тигил же бул көрүнүштүн, чыгарманын маңызын чыгара объективдүү талдоо белгилүү теориялык деңгелди талап кылат.

Өзгөчө кишинин ишке жөндөмдүүлүгү жана кишичилик жөн билгилиги, билими жана аны чыгармачылык менен чыгара билүү потенциясы сыяктуу толуп жаткан дагы канча карама-каршы сапаттарын тең көрө билүү өзүнчө чеберчилик жана тереңдик. Аны теория катарында гана эмес иш жүзүндө да колдоно билүү, мейли илим, искусство же өндүрүштүн тармагы болобу, баары бир азыркы интеллектуалдуу доордун катуу талабы. Колхоз, завод же дагы башка өндүрүштүн жетекчисин көбүнчө иш билги сапаты боюнча гана баалап, анын баркылдаган «бийик үнүн», оңурандаган олдоксон мүнөзүн анчалык этибарга албаган кез кетип, азыр андан ар түрдүү моралдык жана интеллектуалдык сапатты талап кылып калды. Социологиялык изилдөөлөр көргөзгөндөй, бирге иштеген кызматчылар жетекчинин төмөнкүдөй сапатка ээ болушун каалашат: 1) адилет, 2) иш билги, 3) чечкиндүү, 4) акылдуу, 5) мамилечил. Көрдүңүзбү, биринчи кишичилик, анан барып ишмердик жана башка сапат талап кылынат.

Күндүр-түндүр эл камын ойлогон эл чарбасынын эчен түрлүү тармагы боюнча канча жетекчи — эр азаматтар өсүп чыкпады дейсиз. Аларды эл сүйүп кадырлайт, алар элди сүйөт. Жетекчи — кызматкер дегендин өзүндө эле канчалык жоопкерчилик жатат.

Нечен жылдан бери ушунчалык масштабдагы ишмердүүлүктүн жүгүн татыктуулук менен көтөргөн кишилердин аты-жөнүн айтпасак да ар ким билет. Өз ичинен ыраазычылык — ырахматын билдирет. Канча кишилердин кыял-мүнөзүн таап, билим менен жөндөмдүүлүгүн так баалап, кимге болсун жатык жана ак ниет мамиле кылган жетекчилер толуп жатпайбы. Адамдын тагдырын таразадай так чечүү жооптуу жетекчинин жооптуу милдети экендиги белгилүү. Дүңүнөн айтканда, адистештирилген терең билим, жалпы маданият, жүрүм-турум, коллективди уюштуруу жана тарбиялоо билгичтиги, дагы башка сапаттардын жыйындысы жетекчиге авторитет түзөт. Ал бир жактуу, маселен, ишин мыкты билген адис, бирок орой, тарбиясы жок, же тескерисинче, адептүү, жакшы уюштуруучу, бирок тийиштүү маселеге жетиштүү компетенттүүлүгү жок болсо авторитет

ке ээ болбойт. Чарба же илимий, көркөм чыгармачылык кесип болобу, деги анын ийгилиги менен кемчилдиги жетекчиге көп байланыштуу. Иштин бул жагдайын ийне-жибине чейин кылдат билгендер ар бир иште бар. Көп, кээ бир кесипте кээде кокусунан кезиге калуучу нюанстар жөнүндө. Өз кесибинин өзгөчөлүгү менен талабына жараша шыгын чыгарып ийгиликтүү иштөө кайсы иште болбосун массалык мүнөзгө ээ. Буга эч талаш жок. Бирок мындан бардык эле тармакта иштеген кишилер тегиз өз ишине жапырт шыктуу, жөндөмдүү деп бир жактуу категориялык түрдө жыйынтык чыгара албайбыз. Өндүрүштө кызматкер эмгек өндүрүмдүүлүгү боюнча бааланып, кадыр-баркка ээ болот, шыгы жана көңүлү өсөт, иш тармагында тепкичтен-тепкичке көтөрүлөт. Көркөм чыгармачылыкта шыгы менен талантына жараша эл жазуучусу, эл артисти делинип, сүймөнчүлүккө, атак даңкка жетишет. Эмгеги менен элге жагат. Илим тармагында негизинен ушундай. Бирок кээде кээ бир илимпоздор нечен жылдап «жылуу» жерде олтурса да, орчундуу ой-пикирди же теориялык, же пропагандалык деңгелде жазпаса, кайсы салымы үчүн салмактуу жана барктуу. Өндүрүштө брак чыгаруучу жумушчуну алып барып цех башкартпайт. Бул салыштыруу канчалык олдоксон угулса да анча-мынча чындыктын үлүшү бар. Кафедра башкарып, башкалардан деңгели бийик чыгармачылык талап кылып олтургандан кийин «өзүңчү» дедиртпей, аздыр-көптүр эмгегиң болсо, жүдөбөй жүзүң жарык. Минтип ачык айтсаң, «көрө албастык, ичи күйдү», дагы ушул сыяктуу ой-пикир, психологиялык ыңгайсыздыкка кээде туш келериң ыктымал. Кемчилдиктер менен кемчиликтерди теория гана эмес, иш жүзүндө да принципиалдуулук менен ашыра билип, ошол ишке керт башын сайып, шыгын чыгарган чын пейил чыгармачыл адамды тандай билген коллектив башчысынын билгичтиги иштин илгерилешине канчалык пайдалуу. Ал эми «башка мотивдер» боюнча жан тартуу кайсы принципке жатары жалпыга маалым. Албетте, илимде жалаң эле жетишкендиктер же жалаң эле кемчиликтер бар деп эч ким айтпайт. Экөөнү тең көрө билбесе, курулай шаңдануу же курулай ардануу сезимине жендирет киши. Илимдин спецификасын анчалык билбегендер артист менен художник, композитор менен жазуучунун чыгармачылыгын жакшы билебиз, ал эми

окумуштуулардын атын алыстан укканыбыз менен чыгармачылыгын билбейт экенбиз дешет.

Чынында илимий теориянын жаралышы жана анын практикага таралышы да түйшүктүү. Ал түздөн-түз аң-сезимге оңойлук менен жетпейт. Көбүнчө массалык коммуникациянын каражаттары аркылуу пропагандаланат, таралат. Бул жагынан алганда кийинки кезекте газет-журналдар, радио, телевидение ж. б. илимпоздор эмненин үстүндө иштеп жатышат деген рубрика менен бере баштады. Мындай жайылтуу далалаты жакшы. Илимдин сферасында жеңил жүк, жеңил таанымалдыкка жетишүү жок.

Кыскасы, бир жактуу же диалектикалык көз караш-ка канчалык гана көрүнүштөр менен көнүмүштөр туш келбейт дейсиз.

Тезис, анан кайра антитезис. Далилдеп жалпылоо, анан кайра конкреттештирүү, оптимизм менен пессимизм, дагы ушул сыяктуулар төмөндөгүдөй диалог, монолог менен айтылат, мисал үчүн:

— Кыйын жигит экен, баягы Баланча Баланчаев илимдин кандидаты же доктору болуптур.

— Эмнеси кыйын, тырышып олтургандардын баары эле болуп жатпайбы.

— Сен тырышып эмне чыгара албайсың. Тиги киши жеткен чечен экен.

—Сен да ошондой ишке, кадыр-баркка жетсең, ошондой болмоксуң.

— Азыркы адабий процесс аябай жогорку профессионалдык деңгелди, интеллектуалдуу талантты талап кылат.

— Адабиятчынын баары эле Ч. Айтматов болмок беле.

— Ар кимдин алына жараша чыгармачыл күчү, жүзү бар да.

— Анда талаш жок.— Сөз идеал жана ага умтулуу жөнүндө болуп жатат.

— Тиги жигит аялы менен ажырашыптыр. Демек, жеңил, болбогон неме болуу керек.

— Кызыксың, аялы менен ажырашкандардын баары эле болбогон болмок беле. Сыланып-сыйпанган модник неме ушул олуттуу ишке жарайбы? Сенин пиджагың замшевый экен, ал азыр абдан мода. Демек, сен да модниксиң, ал эми сени эмне кылыш керек.

— Же колумдан келип турганда кол алдымдагылардын жөндөмдүүлүгүнөн мурун «жөн билгилигине карап» көкөлөтөм же көмөлөтөм. Дагы канча ушуга окшогон кээ бир терс тенденциялардын мүнөздүү же кокустук экендигин диалектикалык көз менен көрө билүү теория менен практиканын маанилүү проблемасы. Граждандык парс.

Ал эми эстетикалык табит Шекспир, Пушкин, Евтушенко же Бобулов, Исаков, Молдокматовго тартабы, ар кимдин өз эрки. Бирок «Табит жөнүндө талашпайт» деген кеңири таралган тезис аны туура тарбиялоого эч качан карама-каршы коюлбайт. Кишинин ички жана тышкы турпатына коом жана коомчулук эч качан көңүл кош карабайт. Маселен, бир топ жыл мурун Ремарк мода болчу. Көрсө, кээ бир жаштарга анын ичкилик ичүү романтикасы жана богемасы жагыптыр. Демек, окуучулук табитти да туура багыттоо зарылдыгы келип чыгат.

Биз биерде бир канча проблемаларды тезис түрүндө камтып кароого аракеттендик. Мындай караганда алардын логикалык ырааттуулугу «зордукталгандай» көрүнгөнү менен жалпы нугу бири-бири менен тыгыз байланышта.

Ой-толгоолорунду кагазга түшүрүп корутундулагандан кийин, кайрадан дагы бир көз жүгүртүп көргөндө эмнени айтып, эмнени айтпай калганыңды аздыр-көптүр байкайт окшобойсуңбу.

Көтөрүлгөн маселе канчалык актуалдуу жана концептуалдуу болсо, ошончолук окурмандардын купулуна толоору шексиз. Бирок кээде маселе курч же сын иретинде болсо эле «балээсинен-жалээси» деп, жанга тынч жалпы сөз, даяр схемага качырабыз.

КПСС Борбордук Комитетинин «Тамбов областтык партиялык уюмунда сындын жана өзүн-өзү сыноонун абалы жөнүндөгү» токтому бүткүл советтик эл тарабынан жылуу кабыл алынып жана кызуу талкууланып жаткан мезгилде ар нерсеге, ар кандай сын айтылат. Ал мүмкүн адилеттүү же субъективдүү. Эмнеси болсо да жөнү жок сынтакпай жана сынга жөнү жок тырчыбай иштин оңой жагын ойлонуу коомдук принцип.

Ар бир кесиптин өзүнө тиешелүү талабы менен деңгэлине тең келип, анын кадыр-баркын, ар-намысын алдырбоого болгон аракет ар кимдин абийири.

Азыркы окурмандардын рухий деңгээли уламдан-улам бийиктеп бараткан кезде жөн эле тобокелге салбай ар бир айтылган ойдун тереңдиги жана актуалдуулугу талап кылынат. Бирок бул идеалдуу талапка ар бир эле индивидуалдуу чыгармачылык дайыма төп келе бербейт. Ушундан улам «Алымбек алына жараша», ошондой эле «аракет кылса берекет» деген элдик макал эске түшөт.

Турмушта канча гана проблемалар жана аны чечмелөөгө багытталган теориялар жок дейсиз. Алар жалаң эле философия жагдайында канча. Сөз ушул тармактын аздыр-көптүр биз баамдаган айрым маселелери жөнүндө болмокчу. Айтмакчы, философиянын теориялык маселелерине арналган макалалар мезгилдүү басма сөздүн спецификасына анчалык ылайык келбесе да, жалпыга жеткидей ыкма таап, философия илимин журтчулукка кеңири жайылтсак, көз караш, түшүнүк жана рухий дүйнөнүн чеги ого бетер кеңейер эле. Таалим-тарбия ишине да көмөк болмок.

«Марксизм-ленинизмди массалык түрдө окуп-үйрөнүү азыркы этаптагы коомдук аң-сезимдүүлүктү өнүктүрүүнүн эң маанилүү өзгөчөлүгү» деп партиянын XXV съездинде айтылды.

Кыргыз жергесинде советтик мезгилде гана профессионалдык философия пайда болуп, аны атайын кесип кылган адистер өсүп чыкты.

Кыргыздын кылым санаган акылман ойлору эпос менен макал-лакаптар, ыр менен уламыштар аркылуу гана бизге чейин жетти. Ушунча рухий байлыктан Токтогул менен Тоголок·Молдонун эстетикалык жана саясий-коомдук ой-пикирлери гана аздыр-көптүр изилденди. Калгандарына анча кол тийе элек деп айтсак жаңылбайбыз. Элдик рухий кенчти илимий чечмелеп азыркыча сүйлөтүү дайыма актуалдуу. Патриархалдык деңгелден социалисттик аң-сезимге чейин өсүп-жетилүүнүн закон ченемин чечмелөө жалаң гана илимий эмес, практикалык жагынан да кызык маселе. Анткени тарыхый шарттан келип чыккан турмуштук кээ бир рухий көрүнүштөрдү эске алып жүргүзүлгөн таалим-тарбия, идеялык иш чаралар бир топ натыйжалуу.

Турмуштун тигил же бул жагын чагылдырууда ар бир илимдин өзүнө таандык өзгөчөлүгү жана ыкмасы бар

эмеспи. Бул «чектер» чаташкан жерде айтайын деген ой-пикирлер да чаташат.

Натыйжада же тарыхый, же философиялык эмес «ара-бөк» чыгармалар пайда болот да калат.

Сынчы жана адабиятчы Салижан Жигитов «Биздин философтор элибиздин өткөн замандагы коомдук аң-сезиминин анатомиясын жана физиологиясын илимий жактан талдап-жиликтеп да, чогуусу менен жалпылап да бере элек[1]»,— деп койгон дооматы жөөлүү.

Илгери коомдук аң-сезим туташ карапайым жана караманча бүкүлү, кат-сабатсыз караңгы болгондугун жакшы билебиз. Ал эми ошондой деңгелде туруп, «Манас» жана башка эпосторду, канча уламыш, санжыраларды, макал-лакаптарды, адам, жаратылыш жана турмуш жөнүндөгү акылман ойлорду калтырганынын сыры эмнеде экендигин, ошондой эле калдыктардын жашоо себебин анчалык баамдай элекпиз.

Натыйжада калайык-калктын калың катмары менен дайыма иш жүргүзгөн практиктер жергиликтүү шарттын спецификасына ылайыкташтырылган теориялык жоболор менен куралданышы анчалык жетишсиз болуп жаткандай.

Республикалык газет-журнал беттеринде, радио-телеэфирлеринде, лекция менен докладдарда жана дагы канча жерлерде салт жөнүндө көп сөз болот. Оң жактары оңдогон фактылар аркылуу саналып даңазаланат, ал эми терс көрүнүштөрдүн себеби көп учурда дежурный тезис менен гана түшүндүрүлөт: «аш көп болсо, каада көп», «ата салты» ж. б. Кээ бир кишинин саясий аң-сезими жогору, социализмдин принцибин жан-дили менен жактап, жакшы иштесе да жекече турмушунда аш, той, калың берип эскиликке жеңдирет. Мына ушул сыяктуу парадоксалдуу көрүнүштөрдүн себебин таамай билүүгө көпчүлүк ынтызар. Анын ар түрдүү аспектилерин философиялык, психологиялык, этикалык ж. б. жагынан талдоого тийишпиз.

Ар кыл кесиптеги кызматкерлердин ортосундагы рухий кызыкчылыктардын ар түрдүүлүгү (күч эмгеги менен акыл эмгеги, квалификациялуу жана квалификациясыз

---

[1] Салижан Жигитов. «Жаңычылык жолунда», «Кыргызстан», 1975, 127-бет.

кызмат ж. б.), эмгек менен кирешенин мүнөзүнө жараша болгон объективдүү айырмачылыктар, ошондой эле субъективдүү формада көрүнгөн кесиптин коомдук кадыр-баркы, илим-билимдин баалуулугу, ж. б. коллективдин, социалдык топтун психологиясына кандайдыр бир деңгелде таасир этип, сезимин, көз карашын калыптайт.

Дагы канча жалпы көрүнүштөрдү белгилөө менен нукура кыргыз аң-сезиминин нюанстарын илимий жагынан изилдөө керек. Ушул жагына келгенде айрым «кызуу кандуулар», «социалисттик аң-сезимде кандай спецификалуулук» бар деп саясий доомат коюшат. Ырас, кыргыз жергесинде социалисттик жана коммунисттик аң-сезим эчактан бери турмуштун бардык тарабына кеңири тарап, деңгели уламдан-улам бийиктөөдө. Азыр аң-сезим мейли саясий, илимий, көркөм жана кайсы жагынан болбосун башкалардан анча кем эмес. Бул жагдайдагы мүнөздүү белгилер эмес, көбүнчө аң-сезимдин жекече өзгөчөлүктөрүн баамдоого келгенде көз караштар, түшүнүктөр чаташат. Маселен эски терс салттар азыркы шартка сыйбаган терс көрүнүштөр деп ачык жарыяланса, айрым адамдар аны тымызын жакташат. Эч бир жерде уюшкандык менен эч ким аны үгүттөбөйт. Кайра массалык коммуникациянын бардык каналдары, лекция-докладдар, ар кандай иш чаралары такай ашкерелейт.

«Сокур намыс баш жарат», «Айыл кечтери» сыяктуу рубрикалар газета беттеринде канча талкууланууда. Ошондой болсо да аш-той, калың өндөнгөн калдыктар Кыргызстанда жана Орто Азиянын кээ бир республикаларында гана кездешет. Башка жерлерде жок. Албетте, алар аң-сезимдин өсүшүнө өзүнчө кедерги болуп, өзүмчүлүк психологияга өбөлгө түзөт. Аң-сезимдин эски жактары түрүн өзгөртөт. Мисалы, калың «белек» болуп аталууда. Илгерки уруучулук менен азыркы жердештик аздыр-көптүр үндөшөт.

Албетте, булар көпчүлүккө мүнөздүү массалык көрүнүш эмес. Социалдык базадан эчак ажырап, жалаң гана кээ бир консервативдүү чөйрөнүн психологиялык басымы астында сакталган калдыктар.

Жер-жердеги ар кандай уюмдар менен коомчулуктун алдыңкы катмары жаңы салттарды турмушка улам кеңири жайылтууда. Анткен менен муундан муунга өтүп,

кандайдыр бир деңгелде ички ишеним, моралдык принципке айланган эскилик бир кол шилтөө менен жоюла койбойт.

Ошондуктан анын табияты менен түзүлүшү жик-жикке бөлүнүп, илимий жактан даана аныкталбаса, жөн эле «жакшы же жаман» дегендин таасири анчейин. Бул жаатында саналуу гана макала, брошюралар болбосо, практиктер таяна турган айтылуу теориялар али алдыда.

Кылым санап бизге чейин жеткен түшүнүктөрдүн туюнтмасы иретинде, маселен, салттын эл арасында таасири чоң. Дүнүнөн улуттун өзүнчөлүк духун, кулк-мүнөзүн сактаган символ деп бапестелет, ардакталат. Ал эми ага «кыярат» кылган киши «кыргызчылыктан кеткен» деп моралдык ченем менен айыпталат. Анан ушундай кырдаал өкүм сүргөн чөйрөдө кишилер салттын ак-карасын ылгап, акылга салып олтурбай эле каада сакташат. Журт арасына жулкунуп чыгып, «жолдоштор мунуңар жарабайт» деген курч киши «элден чыккан ээнбаш» аталат. Ал эми иш билгичтик менен жүргүзүлгөн жерлерде эскиликтин жакшы жактары жаңы салттар менен камыр-жумур болуп, азыркы турмуштун прогрессивдүү тенденцияларына кошулат.

Азырынча салт жөнүндө газет-журналга окурмандар менен журналисттер, жазуучулар менен практиктер гана жазышып, ой-пикир бөлүшүп жатышат. Ал эми маселенин карапайым аң-сезим анчалык баамдабаган аспектилери көмүскөдө калууда. Чечмелөөгө практика муктаж болгон актуалдуу проблема илимий теорияны талап кылат. Ар кыл турмуштук көрүнүштөр илимий жана көркөм образдарга салынып, калайык-калкка кеңири жайылтылса, аң-сезимдин интеллектуалдык деңгели жогорулайт. Түшүнүктөр менен ой жүгүртүүлөрдүн масштабы өсөт. Материалдык жана рухий кызыкчылыктардын карым-катышы гармониялаштырылат. Эстетикалык табит, дагы канча рухий байлык артат.

Ар кандай объективдүү жана субъективдүү тарыхый факторлор чектеп, илгери артта калган элдердин аң-сезими туташ карапайымдыктан илимий-теориялык деңгелге көтөрүлүп баратат. Биздин тилде аң-сезимди теориялык жана карапайым деп бөлгөндүн өзү эле өөн угулгансыйт. Анткени илгери ал дифференцияланбаган. Карапайым аң-сезим күнүмдүк тажрыйбанын чегинен

ары чыга албагандыктан коомдук аң-сезимдин төмөнкү баскычы болуп саналат.

Ал эмпириялык материал, жашоонун жүйөөлүү мааниси дагы ушул сыяктуу оң сапаттарды өзүнө камтыганы менен турмушту теориялык деңгелде баамдай албайт, кубулуштардын тереңине жана маңызына сүңкүп кирбейт. К. Маркс белгилегендей, «күнүмдүк тажрыйба» нерселердин тышкы көрүнүшүн гана кармайт.

Карапайым аң-сезим көрүнүштөрдү бардык байланыштары жана өнүгүштөрү менен бирдикте талдабайт. Ал ар түрдүү кур кыял, традиция, өнөкөт, эмоция менен бат таасирлентет. Анын деңгели ар кандай ой жүгүртүү, жашоонун жүйөөлү мааниси жана психологияга негизделет. Ошондуктан ал бир жактуу жана көңүлчөөк.

Бул баарыдан мурда айрым топ жана айрым кишинин айткандарына оңой эле ишене берүүдөн көрүнөт. Карапайым аң-сезим калпыс системалаштырылгандыгы, жобо, метод, принциптеринин баш аламандыгы менен айырмаланат. Ошондой болсо да, ал карама-каршы мүнөзгө ээ. Бир жагынан адатка айланган эски көз караштарга жан тартса, бир жагынан турмуштагы өзгөрүүлөрдү эске алууга мажбур болот. Өзгөчө илимий-техникалык революция, массалык коммуникациянын каражаттары өскөн мезгилде бул көзгө дароо урунат. Ал эми илимий-теориялык аң-сезим коомдук аң-сезимдин жогорку баскычы.

Көрүнүштөрдүн маңызын ачып, объективдүү дүйнөнүн закондорун аныктайт. Анын мүнөздүү белгиси—логикалык ырааттуулугунда. Ал жалаң гана эмпириялык фактыларды тизмелебестен, жаңы кубулуштардын пайда болушун алдын ала кабарлайт. Илимий-теориялык аң сезим спецификалуу тил, терминдер менен мүнөздөлөт. Кооомдук аң-сезимдин бул эки деңгели бир коомдук бытиени чагылдырып, диалектикалык биримдикти түзөт. Экөөнүн ортосунда «кытай чеби» жок.

Карапайым аң-сезимге кандайдыр бир деңгелде илимий түшүнүктөр кирип, аны өнүктүрөт жана өзгөртөт. Ал илимий жоболорду, түшүнүктөрдү өзүнө сиңирип гана турбастан, кезегинде теориялык аң-сезимге эмпириялык материал жыйнап, таасир көргөзөт. Ошондой болсо да мындай биримдик болгон айырмачылыкты такыр сү-

рүп чыгарбайт. Алар канчалык жакындашса да, жашоо практикасынын тар рамкасы менен чектелген карапайым аң-сезим оңой-олтоң теориялык деңгелге көтөрүлө койбойт. Анткени илимий сезим такай өнүгүп жана татаалданып турат.

Азыр карапайым аң-сезим анчалык карапайым эмес. Маданият, билим, окуунун жардамы астында ага илимий түшүнүктөр аздыр-көптүр жетти. Илимде болгон түшүнүктөрдү өздөштүрөт, бирок аны өз алдынча сын көз менен карап баа бере албайт. Алынган билим стереотип катары гана күнүмдүк турмушта колдонулат. Маселен, адам телефон, телевизор, автомашина ж. б. илим жана техниканын жетишкендиктерин илимий негизде билбегени менен аларды жакшылап пайдаланганды билет. Бузулганда оңдогонду билбесе, аны оңдой турган жерди билет. Техниктер оңдогонду билишкени менен, ал буюмдун жалпы закон ченемин билишпейт. Ал эми окумуштуу адистер илимий негизин билишкени менен оңдогонго жок.

Демек карапайым жана илимий аң-сезимдин карама-каршылыгы абсолюттуу эмес, өтмө катар. Патриархалдыктан дароо социализмге өткөн аң-сезимдин спецификасы өзүнчө бир проблема экендиги жогоруда айтылды.

Айтмакчы, рухий чыгармачылыктын кайсы гана тармагы болбосун, ушул терминди көп колдонот. Бирок анын мааниси суралса, проблема деген проблема деп жооп берилет. Ошондой эле теория, тарбияга теориялык деңгел делинип көп айтылат. Ушуларды учкай талдап көрөлү. Фактыларды теория түрүндө түшүндүрүүгө зарыл болгон кырдаал проблемалуу деп аталат. Проблема качан факты колдо, бирок аны теория жүзүндө чечмелөө али жок учурда пайда болот, факты болгону менен аны теориялык түшүндүрүү зарылдыгы жок болсо, эч кандай проблема болбойт. Көрүнүштөргө илимий мамиле кылуунун мааниси фактыларды теория жүзүндө чечмелей билүүдө көрүнөт. Пайда болгон проблема өз учурунда жаңы фактылардын ачылышын шарттайт. Проблема — билимдин эмпириялыктан теориялык деңгелге өсүп жетилүүнүн формасы. Фактылардан проблема чыгып, ал теориялык билимге жетишүүнүн зарылдыгын сактайт. Ал сенек болуп калган билим эмес, дайыма өнүгүү үстүндө.

Проблеманын чечмелениши фактылардын теорияга айлангандыгын белгилейт. Ал эми теория болсо билимдердин системасы.

Минтип аныктоо анчалык так эмес. Анткени ар кандай теория билимдердин системасы болгону менен ар кандай билимдердин системасы теория боло албайт.

Эмпириялык билим көрүнүштү гана чагылдырса, теориялык билим анын маңызын чагылдырат. Качан кубулуштардын мааниси ачылганда гана ал жөнүндө билим теорияга айланат. Кыскасы теория билимдердин өтө өнүккөн жогорку түрү. Жанатан бери ушул түшүнүктөрдү комментариялаганыбыздын жөнү бул. Философиялык категориялар менен принциптер биздин сезимге көбүнчө орус тилинде жетет. Илгертен кыргызча философиялык ой жүгүртүү системасы теориялык деңгелде калыптанбагандыктан, философияны дароо эне тилде сүйлөтүү оңой-олтоң иш көрүнбөйт. Ар түрдүү татаал процесстердин абстракттуу түшүндүрмөлөрүн конкреттүүлүккө көнгөн аң-сезимге жеткирүү үчүн канча ийкемдүү сөз каражаттарын иштеп чыгуу талап кылынат.

Мисал үчүн «Вещь в себе» деген тезисти кыргызча которгондо «нерсе өзүндө», «баамдалбаган нерсе» болуп которулат жана кулакка өөн угулат. Дагы канча терминдер менен сүйлөмдөрдүн түзүлүшү ушундай мүнөздө. Ал турмак «кесибиң эмне» деген суроого философ деп берилген жооп канча жөнөкөй түшүндүрмөлөргө дуушар болот. Демек, ушундан улам философиялык адабияттарды, лекция, докладдарды эне тилде «сүйлөтүп» калайык-калктын калың катмарына көбүрөөк жеткирсек, философиялык ой жүгүртүүнүн маданияты артар эле. Анын андап-билүү, тарбиялык мааниси да өсмөк. Тилекке каршы философия кыргыз тилинде аз жазылып, кем жайылтылат.

Маркстик-лениндик философия боюнча монографиялык эмгектерди кыргызча табуу кыйын. Бул маселенин бир жагы, экинчиден нукура улуттук түшүнүктөр менен реалдуу көрүнүштөрдү философиялык талдоого алуу милдети турат. Илгери кыргыздар туташ караңгы болушкан деп бир кол шилтөө менен гана алар түзгөн материалдык жана рухий асылдыктарды көз жаздымында калтырсак тарых алдында жоопкер болушубуз ыктымал. Албетте, ал кезде дүйнөгө көз караш материалисттик деңгелде болбосо да, «ойлогон ойду кыстаган турмуш же-

нет», «бай билгенди кул билет, бирок айтайын десе эрки жок» сыяктуу нечен-нечен кызык ой болжоолор, акылман пикирлер болгон.

Кыскасы, мейли объективдүү дүйнө, коомдук же жекече турмуш жөнүндө болобу, кылым санаган күнүмдүк тажрыйбалар менен байкоолордун негизинде жыйылган рухий акылдын кенчи элибизде бар экендигин эч ким танбайт.

Ошондой болсо да алар кайсылар дегенде жооп жалпы жана чар жайыт белгилүү бир илимий системага салына элек. Курулай көкүрөк кагып, тебетей ыргытуу менен элдик сапаттын ажарын ынанымдуу ача албайбыз. Демек, аналитикалык ырааттуулукта объективдүү баа берүү зарылдыгы келип чыгат. Ырас, бул көбүнчө илимдин артынан сая түшкөн теоретиктердин компетенциясына кирет. Рухий мурастарга диалектикалык мамиле алардын туура бааланышын өбөлгөлөйт. Ушул позициядан моралдык мүнөздөгү бирин-экин мурастарга көз жүгүртүп көрөлү.

Улууну урматтоо, конокту меймандоо кыргыз элинин мыкты сапаты жана салты. Ал муундан-муунга өтүп, татыктуу даназалануудa.

Анткен менен шартты, учурду эске албай аны ыксыз догмага айландырсак, он маанисин жоготуп, терс касиетке ээ болору ыктымал.

Мисалы, кадырлуу карыя өз билгенин бербей эски көз карашын дайыма тануулай берсе, биз көнүлүн кыйбай уга бергенибиз туура эмес, же меймандос киши тапканын такай конокко кой сойгонго жумшаса, ыгы жок ысырапчылык. Аттуу-баштуу эр азамат ар-намысын аш-той берип, калын алгандан чыгарса, моралдык түшүнүгү тайкы.

Эгер кээ бир киши керт башынын сыймыгын сыйга союлган койдун саны менен ченесе, азыркы этикеттен эч кабары жок.

Мектеп директору Өмүрбек Турсуналиевдин карыя мугалим Жумабай Култаевди сыйлабайсын деп сыздатканы буга ачык далил («Правда», 17-октябрь 1976-ж.) Ар кандай деңгелдеги түшүнүктөрдүн татаал диалектикасы турмуштун кайсы гана жагынан болбосун көрүнөт. Бирөө бир нерсени ар тарабынан алып жатып диалектикалык сезим менен терен баамдаса, экинчи бирөө жалпы жобого таянып гана ак-карасын ылгабай бир жактуу

карайт. Кыскасы жаңычылдык жана консервативдүүлүк, принципиалдуулук жана принципсиздик, билимдүүлүк жана дилетанттык, жөндөмдүүлүк жана жөн билгилик, калыстык жана жакынына жан тартуучулук, интернационалисттик жана жердештик, дагы канча карама-каршы сапаттар менен көрүнүштөрдү баамдоо кызык маселе.

Биздин коом коомдук аң-сезимдин бардык жагынан өсүшүнө уламдан-улам материалдык мыкты шарт түзүүдө жана ошого ылайык анын деңгели уламдан-улам жогорулоодо. Бул объективдүү көрүнүш. Қенедей шек жок. Анткен менен индивидуалдуу аң-сезим дароо эле идеалдуу боло калбайт, карама-каршылыктар аркылуу калыптанат. Анын үстүнө улуттун илгерки спецификалык тарыхый шарты кошумча спецификалык рухий көрүнүштөрдү пайда кылаары белгилүү.

Республиканын гана чегинде интернационализм принцибинин кулач жайып турмушка киришин элестетип көрүңүз. Мейли элет же шаар жериби, ар кайсы улуттун кишилери «бир жакадан баш чыгарып, бир казандан аш ичип», туугандарча эмгектенип жана жашап жатышкандыгын көрүп-билип жатабыз. Канча массалык коммуникациянын каналдары кабарлап, канча китептер жазылууда. Қайсы гана коллективде болбосун, таалим-тарбия, иш чаралар жүргүзүлүп, ар кандай деңгелдеги достук жакындашуулар пайда болууда: кызматташ, пикирлеш, жолдош, куда-сөөк ж. б. Мунун баары аксиома.

Ушундай социалдык масштабдуулуктун жанында микробдой болуп көрүнбөгөнү менен кандайдыр жалган сезимге негизделип, айрым бир аймактын айланасынан ары чыга албаган тайкы көз караштар кокусунан болсо да кезиге калат. Анын аты жердештик. Бул калдык сезимге дароо ачык-айрым баамдалып, колго оңой-олтоң түшө койбойт.

Анткени ал жек-жааттык, тааныштык, көңүл жакындык сыяктуу жүйөөлү турмуштук себептерге шылталат.

Албетте, адамдагы кандайдыр бир сезим жакындыгын эч ким танбайт (тууган, жолдоштук, достук, көз караш, мүнөздөрдүн бирдейлиги).

Бирок ушул белгилердин бири жок туруп, жалаң гана жердештикке негизделген «жан тартуулар» азыркы турмушка жат жорук экендигин алдыңкы көз караштагы адамдар жакшы билишет.

Ал эми ар кандай иштеги жолдуулук жана жолу жоктукту белдүү таяпычтын бардыгы же жоктугу менен болжой берүү обу жок, орунсуз ой-пикирлер деп турмуштук оң фактыларга негиздеп толук ишенимдүүлүктө айтууга болот.

Айрым кокустуктардан колтойгон жалпылоо чыгаруу жаткан бир жактуулук. Карапайым аң-сезимге аздыр-көптүр мүнөздүү айрым бир ушундай чектелгендиктер жөнүндө учкай болсо да биз жогоруда бекеринен айткан жокпуз, илимий адабияттарда далилденген негиздер бар. Советтик философия, социология, психология жана башка илимдердин жетишкендиктерине таянып, улут психологиясы менен кулк-мүнөздүн кээ бир мүнөздүү белгилерин ынанымдуу кылып илимий ачып берсек, күнүмдүк таалим-тарбия, практикалык жана пропагандалык иштерге кыйла көмөк болор эле.

Мындай изилдөөлөр али жок. Ал эми улут психологиясы китептерде жалпыланып айтылат. Өз улутубуздун ушул жактарын өзүбүз сөз кылууга тийишпиз. Калк өзү баамдаган улуттук мүнөздүн айрым жактары эл оозунда «кыргызчылык» деген терминология менен аталып жүрөт. Ага аздыр-көптүр улутка таандык кайрымдуулук, боорукерлик, берешендик, меймандостук, туугандык сезим, ж. б. жакшы сапаттар менен тескери мүнөздөр кирет.

Мында этибарга албай турган жүйөөлү маанилер жок эмес.

Ой жүгүртүүлөр жагдайынан абстрактуулуктан конкреттүү туюнтмалар тезирээк баамдалары сезилет. Ырас, көпчүлүк илимий жана көркөм чыгармалар менен канчалык көбүрөөк таанышып, идеяларды өзүнө сиңирген сайын ошончолук кругозор, баамдоо, ойлонуу ийкемдиги артаары бышык. Бул жагынан жетишкен ийгиликтер өзүнчө бир дастан. Ошондой болсо да жеткенден жетпегенге умтулсак деген гана тилек. «Өлкөнүн азыркы өнүгүү этабында теорияны чыгармачылык менен иштеп чыгарууга болгон муктаждык азайбай, кайра көбөйөт» деп КПССтин XXV съездинде баса белгиленди. Бул көргөзмөнү ар бирибиз жетекчиликке аларыбыз арийне.

Илимий-техникалык революция мезгилинде татаалдашкан коомдук жана жекече көрүнүштөр менен рухий прогрессти терең изилдөөнүн маанилүү каражаттарынын бири — философия. Рухий чыгармачылыктагы ар тарап-

туулук менен терендиктин синоними катарында «философиялык мамиле», «философиялык деңгел», «философиялык ой» деген терминдер колдонулат. Бирок философия эмне деген суроого дайыма жооп издеп олтурбай эле кишилер ой жүгүртө алышат. Бирок кандай деңгелде. Илимдин жетишкендиктерине таянган теориялык менен күндөлүк турмушка негизделген карапайым таанып-баамдоолордун айырмасы бар. Демек, турмушта такталган марксисттик философиянын негиздерин пропагандалоонун мааниси кыйла. Анын элементардуу жана фундаменталдуу жагын журтчулукка кеңири жайылтуу дайыма актуалдуу.

Азыркы рухий чыгармачылыктын кайсы гана тармагы болбосун, философиялык ой, мазмун жана деңгелди талап кылып баратат.

Кыргыз Совет адабиятынын мыкты үлгүлөрү, маселен, Чынгыз Айтматовдун, Аалы Токомбаевдин, Алыкул Осмоновдун ж. б. чыгармалары жөнүндө сөз болгондо «терең философиялык ой», «мазмун», дагы канча мактоо эпитеттери колдонулат. Кыскасы, философия бир нерсени көркөм же илимий жагынан алып кароодо телегейи тегиз терендиктин белгиси катары каралат.

Бирок айрым учурда «философия» деген күнүмдүк аң-сезимде ыгы жок акылдуусунгандык, зериктиripп-жадатма, жандуу турмушка жансыз схеманы таңуулаган супсак билим деген мааниде айтыла калат. Кээде ал өмүр менен өлүм тууралуу курулай акыл-насаат же, тескерисинче, сезимге баамдалбаган, мааниси бүдөмүк, турмуштан алыс абстракциядай көрүнөт.

Философиялык эмес кээ бир илимий адабияттарда да, «философия» ой жүгүртүүнүн жана көз караштардын синоними гана катары мүнөздөлөт. Бул мааниде алганда философтук кылуу, демек ойлонуу, ал эми ар бир киши ойлонот, демек ал философ деген туура эмес тыянак, адис — философтор «өтүкчүнүн өтүгү жок» сыяктуу абалда экенго, деги алардын чарбасы эмне? — деген сыяктуу айрым скепсистерди чыгарат. Бирок философия терминин колдонуудагы ушунчалык сөз стихиясы анын чыныгы маанисин төмөндөтпөйт. Ал канчалык ар түрдүүчө колдонулса да, анын нак мааниси адистештирилген адабияттарда негизинен так аныкталат. Бул өзүнчө бир атайын кеп кылууга татыктуу маселе. Эми рухий

жана илимий-техникалык прогресстин өз ара карым-катнашы жөнүндө дүңүнөн бир-эки ооз сөз.

«Рухий маданият деген эмне, аны кантип ченөөгө болот жана ал эмнелерди өзүнө камтыйт?», дагы канча суроолор дайыма ар кандай деңгелдеги аңгеме, дискуссиялардын объектиси болууда. Бирок бул сфера ушунчалык татаал, көп кырдуу жана карама-каршылуу. Ошондой болсо да, ал башка кубулуштар сыяктуу эле баамдаптуюлат. Тарыхый шартка байланыштуу адамдар ар качан өзүнүн материалдык турмушун рухий турмушуна караганда мурунураак үйрөнүшкөн. Натыйжада, ал ушул күнгө чейин экинчи планда калып, жетишерлик түрдө изилдене элек. Өзгөчө мурун артта калган элдерде рухий маданияттын калыптаныш жана өнүгүш закон ченеми изилдөөгө муктаж.

Рухий маданият — аң-сезимдин ички байлыгы, адамдын өзүнүн өнүккөн жогорку деңгели деп, белгилүү жоболорго таянып аныктаганыбыз менен жандуу турмуштагы анын нечен түрдүү карама-каршы көрүнүшүн аныктоо оңойго турбайт. Мисалы, кээ бир адамдын рухий байлыгы жогору болгону менен кишичилиги төмөн. Же тескерисинче, кээ бирөөнүн рухий дүйнөсү жарды болгону менен адамгерчилиги бай.

Демек, рухий байлык жалаң билим, интеллект жана баамдоо түшүнүгү менен гана чектелеби же ага моралдык сезим, дагы башка компоненттер кошулабы? — деген сыяктуу куйкумдуу суроолорго ынанарлык жооп табыш бир топ акыл-кудуретин талап кылат. Нечен кылым жашап, элементардуу сабаттуулукка жетпеген кыргыз эли Октябрь революциясынан кийинки жылдардын ичинде гана кандай рухий байлыкка жетишпеди. Дүбүртү дүйнө жүзүндө дүңгүрөгөн Чыңгыз чыкты. Ыр өнөрүнүн чордону болгон «Ла-Скалада» Болот Миңжылкиевдин үнү жаңырды. Жакында Төлөмүш Океев «Голливудда» болуп, кыргыз өнөрүн даңазалап келди. Азиз Салиев адамдын ойлоо жөндөмдүүлүгү жөнүндө кызык проблема көтөрүп чыкты. Дагы канча рухий өсүштүн панорамасы көз алдыга тартылат. Бирок ушинтип санап гана тим болбой, анын диалектикасын терең ачууга тийишпиз.

Деги рухий турмушка илимий-техникалык прогресстин таасири кандай? Ал адамдын турмушуна миңдеген жыргалчылыкты жана ыңгайлуулукту алып келүү менен

бирге, анын ден соолугуна суюк аба, өндүрүштүк, үй-тиричиликтеги ызы-чуу, үзгүлтүксүз информация агымы, эмгектин тездетилген ритмасы ж. б. зыяндуулукту алып келген жокпу жана анын кесепеттерин кантип жоёбуз?

Адамдардын өз ара мамилелерине анын катышы барбы? Же ал өз ара байланышты, сыйлоону азайттыбы. Чын эле, айрым учурда шофердун, кассирдин, сатуучунун рухий дүйнөсүнөн мурун, анын кесиптик сапаты бизди көбүрөөк кызыктырат. Кечке иштеп чарчаган жумушчунун абалын эске албай коңшу жигит түн бою какофониялык музыка коёт. Чачын саксайткан боз улан көчө бойлоп гитара урат. Көпчүлүктү көзгө илбей тиги улан-кыз көчөдө өбүшөт. Же таң атканча тынчтык бербей шапар тебишет. Кыздын кыска көйнөгү менен жигиттин кызыл шымынын жарашыктуулугу эмнеде экенин аныкташ кыйын. Бирдеме десең, кайра азыркы учурдан артта калган адам болуп чыга келесиң.

Мына ушуга окшогон кээ бир конкреттүү көрүнүштөрдү «техникалык темп» деп кайдигер карап тим болобуз. Албетте, булар жалпы жаштарга мүнөздүү көнүмүштөр эмес, бирок кокустуктар деп кол шилтеп коюга болбойт. Деги өзгөчө жаштарга тийешелүү проблемаларды теориянын жана публицистиканын талабына ылайык деңгелде туура чечмелеп турсак алар үчүн таалим алчу жагы бир топ. Бирок тилекке каршы, республикалык жаштар газетасынын бетинде жаштар кызыккан маселелерди кадыр-баркы бар белгилүү жазуучу менен окумуштуулар анчалык жигердүү көтөрүп чыкпай жатышкансыйт. «Комсомольская правданын» бетинде жазуучу Г. Мединский, академик Александров ж. б. көп чыгышат. Философтор Толстых, Бакштановский ж. б. атайын талаш-тартыш чыгарган курч макалалар жазышат. Ушундай традициялар бизде да болсо жаман болбос эле.

Философиянын бардык тармактарын кыргызча «сүйлөтүү» көбүнчө Кыргыз Совет Энциклопедиясына таандык. Илгертен ой жүгүртүү акылмандыгы болгону менен накта илимий, философиялык негизде түшүнүктөр, терминдер эне тилде калыптанбагандыктан, макалаларга кыргызча адекваттуу эквивалент табуу кыйла машакатка турганын энциклопедист катары белгилеп кетким келет. Караңыз, ушул эле жердеги эки жөнөкөй сүйлөмдө канча четтик терминдер жүрөт. Ал эми диалектикалык

закондор менен категорияларды, классикалык философияны, ар кандай азыркы «измдерди» белгилүү ырааттуулукта кыргызчалаштыруу убаракерчилигин элестетип көрүңүз. Натыйжада сүйлөмдөрдүн байланышында, маанисинде айрым «өөн угулуштар», логикалык ырааатсыздыктар кезигиши ыктымал. Иштин жүрүшүндө улуттук аң-сезим менен психологиянын «эволюциясын», азыркы турмуштун аларга тийгизген зор таасирин изилдөө керектигине кыйла ынандык.

Маселен, кээде универсалдык түшүнүктөргө, баяндамаларга улуттук колоритти кошуу зарылдыгы келип чыгат. Аалам, дүйнө, абийир же адилеттүүлүк сыяктуу терминдерди жазууга туура келди дейли. Булар БСЭде кенен-кесири берилген, бирок андан тек гана которуп тим болсок болбойт. Универсалдык дефиниция, илимий аныктама берүү менен бирге улуттук баамдоонун кээ бир белгилерин да бериш керек. Бирок ал жагы караманча же жеткиликтүү изилденбесе, универсалдык мүнөздөмө менен чектелүүгө туура келет. Айта берсе мындай мүнөздөгү муктаждыктар кыйла.

Советтик адамдардын коммунисттик аң-сезимин калыптоо милдети партиянын XXV съездинде ачык-айкын аныктаган. Ал милдеттерди конкреттүү чечүүнүн жолу КПСС БКнын «Идеологиялык, саясий-тарбиялоо ишин мындан ары жакшыртуу жөнүндөгү» токтомунда ар тараптан ачылган.

Идеологиялык иштин чечкиндүүлүгү бардык жаңычылдыктарды, алдыңкыларды, келечектүү нерселерди колдоп, алдыга жылууга тоскоол болгон эски калдыктар менен колдо болгон бардык идеялык таасирлер аркылуу күрөшүп, аларды жоюуда көрүнөт.

Жаштарды тарбиялоонун жүрүшүндө эски калдыктарды ак-карасын ачып көргөзүү кыйла пайдалуу. Ошондуктан бул маселени өзүнчө талдоого алуу жүйөөлүү деген ойдобуз.

## ЭСКИНИН КАЛДЫКТАРЫ

Бул маселе жөнүндө буга чейин деле нечен сөз болгон. Эми да кеп кылган турабыз. Эскинин калдыктары эмне үчүн мынчалык тынчсыздандырат же анын залалы коомдук өнүгүшкө түздөн-түз тийеби? Бул суроого өзүбүз көргөн-билген фактыларды китептен-китепке көчүп

жүргөн белгилүү жоболорго таяй салып деле жооп берсек, эч ким эч кандай доомат койбойт. Ошондой болсо да бир пикирди улам бирибиз бир аз башкачараак кылып кайталап жатып окурмандардын көкөйүнө көк таштай тийген адаттан алыс болгонго умтулганыбыз оң деңизчи.

Бирок түркүн көрүнүштөрдүн сырын алып ыгы менен чечмелей билүү жөндөмү ар кимде ар кандай турбайбы.

Бирөөлөр оюн олуттуу кылам деп жандуу сөздөн жаадай качып жатып жазганын тажатма кылып таштаса, экинчи бирөөлөр кооз сөз, кур чечендикке ашыра кумарланып кетип ойдун тереңдигин басаңдатып жиберет.

КПСС БКнын жакында (май, 1979-ж.) кабыл алынган «Идеологиялык, саясий-тарбиялоо ишин мындан ары жакшыртуу жөнүндө» токтомунда куну жок куру сөздөргө, ар кандай пропагандалык тажатмага багыт алгандык, материалдын «супсак» стили, ой жүгүртүүнүн жандуу формасын табуунун ордуна жалпыга белгилүү чындыкты жөнү жок кайталай берүү, олуттуу талдоо жасоонун ордуна ооз көптүрмө сөздөр, жүйөөлү далилдердин ордуна курулай акыл үйрөтүү сыяктуу кемчиликтердин бардыгын практикадан чечкиндүү түрдө жок кылуу керек» деп баса айтылды.

Бул маанилүү партиялык документти жетекчиликке алуу идеология тарабында иштеген ар бир кызматкердин бирден-бир милдети экендиги ачык-айкын. Ушундан улам чыккан бир кеп. Көркөм чыгармачылыкка трафарет, «жаңычылдык жок», «тапталган ыкма», «халтура» деп сын көп коёбуз, ал эми илим жагдайында кандай китеп чыкса да көп учурда көңүл улап гана тим болобуз десек аша чаппайбыз.

Сын ар кандай өсүп-өнүгүштүн өбөлгөсү делингени менен «сынчынын сыңар өтүгү майрык» деп басмырлоо кала элек. Башка жакты коюп, биз сөз кылган маселе боюнча чыккан адабияттардын абалына учкай көз чаптырып көрөлүк.

Кийинки жылдардын ичинде аталган маселеге атайын арналып республикалык басмалардан чыккан китептер жокко эсе, газет-журналдык макалалар саналуу, ал эми саясий информатор, агитатор, докладчик, пропагандист, лектор, башкача айтканда калайык-калктын калың катмары менен күн сайын бетме-бет иш жүргүзгөн практиктер аны чечмелөөгө өтө муктаж. Анткени эс-

кинин калдыктарын кишинин баары бирдей баамдап, бирдей баалабайт.

Бирөө терс көрүнүш десе, экинчи бирөө оң, үчүнчүсү өзүнөн өзү жоюлат деп камырабайт. Мына ушундай чаржайыт түшүнүктөр калдыктарды жик-жикке ажыратып, ырааттуу илимий системага салып түшүндүрүүнү талап кылат.

Ырас, союздук масштабда эскинин калдыктарына илимий аныктама берилип, себептери менен көрүнүштөрү, закон ченемдери жалпыланууда. Ушул изилдөөлөрдүн натыйжаларын жетекчиликке алуу менен кыргыз элинин тарыхый шарты, улуттук психологиясына байланышкан айрым өзгөчөлүктөрүн иликтөө максатка ылайык.

Антпесе, чыккан китептерде көбүнчө жалпы теориялар каралып, маселенин улуттук жактары ачылбай калып жаткандай өңдөнөт. Мына ушундай жагдайлар аталган маселенин актуалдуулугун айкын-ачык айгинелейт.

Жанатан бери маселени илимий жагынан чечмелеп түшүндүрүүнүн керектигин далилдөөгө аракеттендик. Эми сөздүн ток этер жери — эскинин калдыктары жана алардын сакталуу себептери эмнеде деген суроого өтөлү.

Советтик Чоң Энциклопедияда эскинин калдыктары деп, «жаңы коомдук түзүлүштүн өсүп-өнүгүп турган мезгилинде коомдук мамилелер, салттар, жүрүм-турум нормаларында, идеялар, көз караштар, түшүнүктөр табиттердин айрым жактарында сакталып калган өткөндүн терс көрүнүштөрү» аталат.

Ушундай эле мааниге жакын аныктамалар башка философиялык адабияттарда жана Кыргыз Совет Энциклопедиясында да берилет. Аныктама талаш-тартыш чыгарбаганы менен калдыктардын жашоо себептерин жана көрүнүштөрүн талдоого келгенде пикирлер бирдей чыкпайт.

Эски калдыктардын ушул убакка чейин сакталуусун коомдук аң-сезимдин коомдук бытиеден артта калуусу менен түшүндүргөн жобо илимий жана окуу адабияттарына кеңири тарап, хрестоматиялык түшүнүккө айланды.

Бирок минтип гана тим болсок, аң-сезимдин турмуштан артта калышы закон ченемдүү көрүнүш болгон соң, калдыктар менен күрөшүп-күрөшпөй не керек деген шек

саноо туулат. Ошондуктан жалаң эле артта калуунун закон ченемин көрбөстөн, аны шарттаган психологиялык механизмди көрө билүү калдыктар менен күрөшүүгө жакшы өбөлгө түзөт.

Адамдын алдыңкы аң-сезими жүрүм-турум мотивдеринин олку-солку болгон татаал күрөшү аркылуу калыптанат. Кишинин психологиясы жана психологиялык инерциянын күчү канчалык консервативдүү, туруктуу экендигин көркөм чыгарманын мисалында карап көрөлү. Аалы Токомбаевдин «Өз көзүм менен» поэмасында орто дыйкан Нурбай жаңы турмуштун жакшы экенин түшүнүп, өз эрки боюнча колхозго кирет. Бирок бул туура жолду тандап алуу ал үчүн канчалык кайгыга, олку-солкулук, өзүн-өзү жеңүүгө турду.

Кайраты канчалык болсо да бирин-эки өзүмдүк малын ортого берип жатып жашыганы — көнүмүш күчүн жеңүү кандай кыйынчылыкка турарын билдирет.

Өнүккөн социализмдин шартында кезикчү калдыктар таалим-тарбиянын артта калышы менен да мүнөздөлөт.

Ар кандай норма бузууларды аң-сезимдин турмуштан артта калууусу менен гана түшүндүрсөк, таалим-тарбиядагы кемчиликтер акталып, психологиялык фатализмге туш келер эле. Ошондон улам практикалык жана идеологиялык иш-аракеттерди билгичтик менен жүргүзүү аркылуу кемчиликтерди жоюуга жетишүү башкы максат. Бирок алар дароо эле жоюла койбойт.

Рухий турмуштун өнүгүшү өзгөчө аң-сезим өңдөнгөн татаал тармакта карама-каршылыксыз болбойт. Аң-сезимдин ар кыл жактары ар кандай калыпта өнүгөт, бирөө батыраак, экинчиси жай. Маселен, дээрлик көпчүлүгүбүз алдыңкы материалисттик көз караштарды жетекчиликке алабыз. Ошону менен катар айрым адамдар жер замандан берки диний ырым-жырымды ыйык тутушат. Азыркы адамдын саясий аң-сезими кыйла бийик, социалисттик принципти бек сактайт, өндүрүштүн алдыңкысы, бирок айрымдары жеке турмушунда эскичилдикке жеңдирип жиберишет. Өнүккөн социализм аң-сезимдин өркүндөшү үчүн тийиштүү шарттардын баарын түздү.

Ошондой болсо да анын калыптанышы кыйла кыйынчылык менен болот.

Мисалы, биздин өлкөдө адамдын социалисттик турпаты түзүлгөнү менен, дале болсо эски калдыктын сазына баткандар жок эмес. Социалисттик аң-сезим со-

циализмге мүнөздүү болгону менен азырынча ал ар бир адамдын аң-сезимине толук айлана элек. Айрымдардын аң-сезиминде капитализм гана эмес, андан мурунку коомдун калдыктары сакталып келүүдө.

Азыркы шартта кезигүүчү эскинин калдыктары ар түрдүү жана ага паракорчулук, уурулук, хулигандык, аракечтик, кызыл кулактык, өзүмчүлдүк, дүнүйөкорлук, жердешчилик ж. б. кирет.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары жол. Т. У. Усубалиевдин 1979-жылы 4-июнда республиканын партиялык активинин чогулушунда жасаган докладында: «Социализмге кас дүнүйөкорчулук жана паракорчулук, протекционизм, коомго эч нерсе бербестен коомдон көбүрөөк алууга умтулуучулук, ысырапкерчилик, аракечтик сыяктуу өткөндүн зыяндуу калдыктары бизде бар. Биз бул саркындыларды көз жаздымында калтырууга тийиш эмеспиз, анткени аларды алып жүрүүчүлөр совет адамдарынын турмушуна көө жабат, коомго моралдык жана материалдык зыян келтирет»,— деп баса айткан.

Булар менен жүргүзүлгөн келишпес күрөштө бирөөсүнө кыстоо, башкасына ынандыруу ыкмалары колдонулат. Айталы, ууру, паракор, хулигандарга кысым көргөзүлсө, дүнүйөкор, кошоматчы, жердешчилерди ынандырууга аракет жасалат. Алар менен күрөшүүнүн зарылдыгы жөнүндө партиялык съезд, пленум, атайын токтомдордо жана көрүнүктүү саясий ишмерлердин сөздөрүндө такай айтылууда. Буга «Идеологиялык, саясий-тарбиялоо ишин мындан ары жакшыртуу жөнүндө» КПСС БКнын токтому ачык мисал. Ырас, жер-жерде жүргүзүлгөн конкреттүү иш-чаралардын натыйжасында калдыктар кескин азаюуда.

Мында эч талаш жок. Бирок кеп дале болсо турмуштан орун алган айрым калдыктардын сакталуу себеби жөнүндө болгон соң, пикир ошол эле багытта улантылганы оң.

Эски калдыктардын сакталышына биз жогоруда келтирген аң-сезимдин турмуштан артта калышы, таалим-тарбия ишиндеги айрым кемчиликтер гана эмес, төмөндөгүдөй факторлор да себепкер: эмгек жолун 60—70-жылдарда баштаган жаштар азыркы зор жеңиштер совет эли үчүн канчага турганын анча билишпейт.

Анын үстүнө Л. И. Брежнев айткандай, «айрым ата-

энелер балдарын чын тийбес шартта өстүргүсү келишет. Натыйжада жаштар турмушка көнүкпөй калып, айрым учурларда кыйынчылыкка туруштук бермек турсун, кайра андан жеңил жол издеп, жагымсыз жүрүм-турумга туш келишет[1]». Жүрүм-турумдагы айрым кемчиликтер биздин чарба саясатыбыздын жетишкендиктери аркылуу да пайда болот. Маселен бул жагына XXV съездде олуттуу көңүл бурулган. «Материалдык мүмкүнчүлүктөрдүн өскөндүгү менен бирге адамдардын идеялык-моралдык жана маданий деңгели ар дайым жогорулатылышы зарыл. Антпесе, биз мещандык, майда буржуазиялык психологиянын туткунунда калышыбыз ыктымал. Муну эстен чыгарууга болбойт[2]».

Илимий-техникалык революциянын убагындагы урбанизация менен имиграциянын адамды ар тараптан өнүктүрүүгө түрткөн таасирин көбөйтүп, терс жактарын азайтуу зарылдыгы келип чыгат.

Ошондой эле илимий абстракциянын күчөшү жана анын математизацияланышы кээ бир учурда адамдын сезиминен мурун акыл-эсин арттырат. Натыйжада кээде адам таш боор тартып, жүрүм-турумунда пайдакорлук пайда болот. Албетте бул биздин моралга ылайык келбеген сапат, коомго жат ар кандай иш-аракеттерге себепкер болушу мүмкүн. Ушуга окшогон айрым көрүнүштөр эскинин калдыктары менен болгон күрөштү татаалдатат жана анын теориялык, практикалык проблемаларын иштеп чыгуу зарылдыгын чыгарат. Кийинки философиялык адабияттарда турмуштан кезиге калчу айрым терс көрүнүштөрдүн баарын эле эскинин калдыктары дей бериш анча туура эмес, анткени алар өздөрүнүн пайда болушу боюнча азыркы мамилелердин кээ бир жактары менен байланышкан деп айтылат.

Чын эле кээде өзүмчүл, өң карама, мещандык көз караштардын айрым элементтери таалим-тарбия, кайсы бир кишилер менен мекемелердин жаңылыштыгынан келип чыгышы ыктымал.

Кыскасы, эскинин калдыктары деген түшүнүк менен катар жаңы термин — терс көрүнүш деганди колдонуу —

---

[1] Л. И. Брежнев Лениндик жол менен. Сүйлөгөн сөздөрү жана макалалары, 5-т., «Кыргызстан» басмасы, 1977-ж., 47-бет.

[2] КПССтин XXV съездинин материалдары, «Кыргызстан» басмасы, 1976-ж., 93-бет.

изилдөөнүн чегин кеңитип, кемчиликтерге каршы күрөштү жеңилдетет, анткени эскинин калдыктарына бир ыкма пайдаланылса, азыркы учурдан чыккан терс көрүнүштөргө башка ыкма пайдаланылат.

Мына ушул жалпы жагдайлардын алкагында өнүгүүнүн капиталисттик стадиясын аттап өтүп дароо социализмге кирген кыргыз жергесиндеги эски калдыктардын айрым көрүнүштөрү жөнүндө кыскача кеп кылсак.

Алардын айрым көрүнүштөрү жөнүндө мезгилдүү басма сөз бетинде көп эле сөз, ал турмак кызыл чеке болгончо талашып-тартышуулар болот. Канча конкреттүү фактылар менен болгон окуяларга негизделген ой-пикирлер такай айтылат. Ошондой болсо да козголгон маселенин дагы канча жактарын улам тереңдетип илимий негизге салуу милдети турат.

Чын эле ушул убакка чейин биздин тарыхый шарттан келип чыккан эски калдыктардын ак-карасын илимий жактан азыркы талапка ылайык деңгелде тактоо маселеси анчалык колго алына элек десек жаңылбайбыз. Аны атайын иликтеген илимий эмгектер кийинки мезгилде дээрлик жок. Ырас, мындан көп жыл мурун академик А. Алтымышбаевдин, профессорлор Б. Байбулатовдун, Ю. Вейнгольддун, доцент Б. Солтонбековдун ушул проблеманы ар кандай аспектиде караган китептери чыгып белгилүү роль ойногон. Бирок андан бери 10—20 жылдын жүзү болуп, далай өзгөрүүлөрдүн жаңы жактары пайда болду. Анын үстүнө тиги эмгектерде деле маселе бүт бойдон камтылып, телегейи тегиз чечмеленип жиберилбеси белгилүү. Себеби турмуштун жүрүшүндө анын улам бир башкасы чыгып, учурга ылайык иликтөөнү талап кылат эмеспи.

Биздин күнүмдүк сүйлөшүү практикабызга «калдык», «саркынды» (синонимдер) сыяктуу сөздөр кеңири кирип, терс маанини туюнтат. Ким болбосун, эскинин калдыктары кайсылар деген суроого уурулук, паракорчулук, хулиганчылык ж. б. жалпы терс көрүнүштөрдү айтып, токтолбой жооп берет. Аларды оң деп айтууга эч кимдин дити барбайт. Пикирлер толук төп келишет. Ал эми улуттун салт-каадасы, үрп-адат, ырым-жырымы менен тыгыз байланышкан калдыктарга келгенде көз караштар кескин бөлүнөт. Эмне үчүн мындай? Аларды баалоодо эмнени ченем (критерий) кылып алуу керек? Кайсынысына каршы күрөштү күчөтүп, кайсынысы менен кели-

шүүчүлүк мамиле кылабыз деген суроо практиктер тарабынан дайыма берилет.

Жооп турмуштук бай тажрыйба менен такталган илимий теорияга эмес, жеке байкоолорго таянса, аны тигил же бул көрүнүштү баалоонун объективдүү чени деп айтуу кыйын.

Бир нерсени тек гана жакшы же жаман деп айтып коюу бир кеп, ал эми аны көпчүлүк ынанарлык деңгелге жеткирип так далилдөө башка кеп. Өзгөчө муундан-муунга өтүп, эл-журттун аң-сезими менен психологиясына жедеп сиңген салттардын түркүн түрүн талдоого алуу диалектикалык мамилени талап кылат. Илимий изилдөөлөр көргөзгөндөй, калдыктар идеология эмес, психология чөйрөсүндө көбүрөөк сакталат. Ошондуктан психология менен сезимге таасир берүүнүн ийкемдүү ыкмаларын иштеп чыгуу өтө маанилүү. Адам бир иштин маанисине акылы жетип канчалык туура түшүнүп турса деле, көнүмүш-адатына жеңдирип, аны башкача иштеп салган учурлары турмуштан кыйла эле кездешет. Мисалы, ай-күнүнө жетип турган жалгыз бой аялынын үй-тиричилигине жардам берүү керектигин эркек киши канчалык түшүнүп турса да антүүгө анын оңойлук менен мойну жар бербейт. Же өлгөн кишинин атеист экенин жакшы билип турушуп деле, кээде аны мусулманча каада сактап коюшат.

Акыл-эс менен көнүмүш — адаттардын буга окшогон психологиялык төп келишпестиктерин ырастаган дагы канча көрүнүштөрдү келтирүүгө болот. «Көнүмүштүн күчү — шумдуктай күч» — деп В. И. Ленин өтө так мүнөздөгөн.

Калдыктар ойлом, түшүнүк, көз караштар тарабына да кээде билинбей жылып кирип кишини арбап алат. Анын туткунуна түшкөн киши азыркы турмушта жашап жатып деле айрым көрүнүштөрдү эскиче баамдап түшүнөт жана ага эскиче баа берет. Эскичилдик туура сынга алынса деле, элдик мураска шек келтирилип жатат деп тыбырайт. Ушуга байланыштуу партиянын XXV съездинде «биздин саясатыбызды жана биздин принциптерибизди билген, бирок, аны практикада кээде колдонбогон адамдар али да болсо кездешет»[1] — деп айтылгандыгын эске салуу жетиштүү.

[1] КПССтин XXV съездинин материалдары. «Кыргызстан» басмасы, 1976, 93-бет.

Өткөн замандан калгандардын баарын эле баштан-аяк жерүү, ошондой эле баарына кол куушуруп жүгүнө берүү да жарабайт. Өткөндүн таптык мүнөзүнөн жаралган калдыктар да, эл түзгөн мурастар да ар тараптуу изилденип, коомчулукка дайын болгону оң.

Биздин эл башка советтик улуттар сыяктуу эле илгертен ар кандай мурастарга бай.

Карапайым калктын кара кылды кар жарган калыстыгы, жокчулукка карабай бир үзүм нанды тең бөлүшкөн кең пейилдиги, эл-жерди коргоодо көргөзгөн эрдиги, конокмун деген кишиге эшик ачып, дасторкон жайган меймандостугу, улууну урматтап, кичүүнү какпаган сыпайылыгы, дагы канча элдик сапаттар нечен эпос, дастандар аркылуу бизге чейин жетип рухий мураска айлангандыгын ким билбейт. Мунун баары өзүнчө изилдөөгө татыктуу маселе.

Бирок ушулар менен катар өткөн доор көптөгөн жат көрүнүштөр менен терс сапаттарды калтырды. Ырас, совет бийлигинин 62 жылы ичинде алардын көбү жоюлуп, айрымдары калдык катары гана сакталууда. Мындан ары өткөндүн терс көрүнүштөрүн туюнткан терминди калдык же эскичилдик, ал эми турмуштун азыркы жагын чагылдырган терминди жаңычылдык деп колдонууну макулдашып алганыбыз ой жүгүртүүгө ыңгайлуу.

Ошондой эле сөз жергиликтүү шартка гана мүнөздүү калдыктар жөнүндө боло турганын алдын алабыз. Жаңычылдык өзүнүн өсүп-өнүгүүсүн эскичилдикти курулай тануу менен эмес, анын айрым оң жактарын өзүнө сиңирүү аркылуу улантышы диалектиканын тануунун тануу законуна ылайык келет. К. Маркс «кайсы тармакта болбосун, өзүнүн мурунку жашоо формасын танбаган өнүгүү болбойт» деп айткан. Мындай моментсиз эч бир жаңы нерсе пайда болбойт. Тануу түшүнүгү демейдегидей бир нерсени жөн эле «жок» деште эмес, аны өнүгүүнүн моменти катары кароодо.

Диалектикалык тануу жаңы менен эскинин байланышуу моменти катары мүнөздөлөт. Мурдагы нерсе бир эле убакта танылат жана сакталат. Мурунку өнүгүү кийинки жаңы форма үчүн негиз болот.

Өнүгүүнүн мурунку баскычынан сакталып калган нерсенин баары кийинкисине түбүнөн кайра өзгөргөн түрүндө өтөт.

Биз талдап жаткан маселе деле жалпысынан ушун-

дай закон ченемге баш ийет. Мисалга адам турмушуна кеңири сиңип, ар кимге таанымал салт жана ага карата көз караштар менен түшүнүктөрдү алалы. Ал кылымдан кылым санап, бирде өзүн жоготуп, бирде түрүн өзгөртүп келатат. Илгерки патриархалдык кыргыз коомуна мүнөздүү уруучулдук, кун куучулук, көп аял алуучулук салттары алда качан түп-тамырынан бери жоюлуп жок болду.

Кээ бир салттар азыркы шартка ыкташып, өсүп-өнүгүп, кайсы бири калдык катары өсүшкө кедерги болууда. Аларды минтип атоонун таразадай так чени барбы? Же ар ким өз түшүнүгүнүн чегинде элдик салт же эски калдык деп бүтүм чыгара береби? Буга коомдук прогресстин өнүгүшүнө шайкеш келгендик же келбегендик чен боло алат деп жооп берүү чындыкка жанашат.

Бирок бардык эле адамдардын сезимталдыгы менен баамдоосу бирдей эмес.

Бирөөгө турмуштагы өсүп-өнүгүштүн жаңы жактары менен жаңы духу туура жана бат жетсе, экинчи бирөөгө ал оңойлук менен жетпейт. Көрүнүштүн жаңысы өөн учурап, мурункусу эле жакын көрүнүп туруп алат.

Ырас, салттарды баамдоодо алардын оң же терс мааниси жумурай-журтчулукка айдан-ачык болуп турса эч бир талаш-тартыш чыгарбайт. Маселен, мейман күтүү, кары-картаңды сыйлоо, өз ара урматташуу, кубаныч же кайгы тартканда каралашуу, дагы ушул сыяктуу салттарды элдик деп ким болбосун кадыр-барктайт. Ал эми ач көздүктү, өзүмчүлдүктү, сарандыкты, дүнүйөкордукту, жердешчилдик ж. б. оң көнүмүштөр деп ким актайт. Эч ким. Булар өз ара мамилелешүү, жеке сапаттар жагдайында эскинин калдыктары катары талашсыз кабыл алынган чындык. Бирок кээ бир салт-каадаларды баамдоодо пикирлер бирдей чыкпай, талаш-тартыш боло калып жатат деп жогоруда дүңүнөн айтканбыз.

Атап айтканда аш-той, жана айрым бир диний ырымжырымдарды чечмелөөгө келгенде ушундай. Албетте, көңүл өйүгөн ой-пикирди ортого салып, болгондо да коомдук басма сөз аркылуу билдирүү советтик закондо гана берилген эркиндик жана теңдик.

Башка капиталисттик өлкөлөрдө жок. Муну ар бирибиз жакшы билебиз. Ошондой болсо да өзүбүздүн жеке ишенимге негизделген карандай ой-толгообузду журт-

чулукка жүйөөсүз таңуулай бергидей моралдык жактан акыбыз канчалык?

Салттын ар кандай түрлөрүнө болгон көз караштыны коомдук прогресске ылайыкташтырып туруп билдирүү бир кеп, ал эми элдин атына жамынып курулай жактай берүү башка кеп. Чынында аш-той (сүннөт), калың нечен жолу жекече жана баш макалаларда, ал турмак партиялык чечимдерде калдык катары сынга алынган. Айтылып гана тим болбостон, иш-жүзүндө да кыйла чаралар көрүлүп, алар улам азайып бараткандыгы маалим.

Бирок кийинки кезекте аттуу-баштуу эле кээ бир кишилер «элдик салт деп эмнени айтабыз» сыяктуу рубрика алдында аш-тойго «так» баа бергенге аракет жасашты»[1]. (Алар өткөндү идеализациялап жатат деген дооматтан такыр алыспыз). Алар аш берүүнү маркумду эскерип, тамак-ашка чакыруу каадасына гана теңеп, мында диний маани деле жок деп бүтүм чыгарышат. Чын эле аш илгертен маркумду эскерүү салты, бирок дайыма диний мүнөзгө ээ, анткени ал арбак ыраазы болсун деп куран окулуп, ага багышталары илимий жактан ырасталган.

Аштын адамгерчиликке сыйчу жагы деле анчалык ынанымдуу көрүнбөйт. Эгер аш эскерип-кайгыруу иретинде болсо, эмне үчүн көбүнчө жылкы союу, арак-шарап ичүү дагы канча шаан-шөкөт менен коштолот? Эскерүү каадасы символикалык мүнөздө, башкача айтканда бейитке гүл коюу кыял-жоругу менен сиңирген эмгегин эскерүү формасында дээрлик аз болот.

Маркумду эскерүү жалаң гана жайнаган тамак-аш, жайыл дасторкондо эмес, муңайыңкы, аза күтүү маанайында да болуу керек эмеспи. Ал эми алыш-бериш жагын айтпай эле коёлук. Ошондой эле мусулмандык белги берүү максатын көздөгөн сүннөткө олтургузуу тою кантип калдык эмес. Философия илимдеринин кандидаты Карыбек Молдобаевдин макаласында (Коммунист, № 2. 1978) ...«айрым учурларда аш берип, той өткөрүү дүнүйө жыйноо үчүн шылтоо болуп жатат. Кайсы бир адамдар аш-тойго жакындарын, туугандарын, кубанычы менен кайгы-капасын бөлүштүрө турган досторун чакырбастан, колунда барларды чакырат»,— деп берген таамай мүнөздөмөсүнө толук кошулабыз.

---

[1] «Ленинчил жаш», 24.12.1977; 1.1.1978; 4.2.1978; 17.2.1979-ж.

Ачыктан-ачык көрүнүп турган мына ушундай жагына карабай, кээ бирөөлөр аш-тойду «элдик салт» деп актоого аракеттенишет. Ал турмак «боло бере турган», закон ченемдүү көрүнүш дегенге чейин барышат. «Башкалар ушинтип жатса, эл-журттан кантип чыгабыз» деп психологиялык кырдаалга шылташат. Ырас, мындай «философия» көпчүлүккө эмес, айрым рухий мүдөөсү пас, кругозору тар адамдарга мүнөздүү.

Жаңычылык турмуштун ар кыл жагына канчалык кеңири киргени менен ушундай калдыктар деле болсо илешип кала элек. Адам кээде бир жагынан жакыны өлүп жаны кейип жабыр тартса, экинчи жагынан диний жөрөлгөлөрдү сактоонун убаракерчилигин тартат. Ал акыл менен адамгерчиликке сыйып, жүйөөлү болсо бир жөн, көбүнчө кур намыс үчүн колдо бардыгын, кадыр-барктуулугун көргөзгөнгө багытталат. Ким эмне алып келди деген да болот. Маркумдун тирүүсүндө үч уктаса түшүнө кирбеген кымкап чепкен, бачайы көйнөк, мааркен маасылар, жаназа-дооронго кеткен канча акча-буюмдар өлгөндө минтип бапырайт. Аттигин-ай тирүүчүлүктө да ушунча сый-сыпат көрсөтсөк... Албетте өлүк парзы «ыйык» парз, ал болсун, бирок ызы-чуу ысырапчылыгынан мурун акылга сыярлык, эске каларлык жагы көбүрөөк болгону оң эмеспи.

Калдыктар салт-каада, диний ырым-жырым жаатынан гана кездешпестен, көз караш, түшүнүк, сапат жана сезим чөйрөлөрүнөн да байкалат. Бирок аны аныктоо оңойго турбайт. Аш-той, калың берген жана динчил кишини дароо эскичил деп баа беребиз. Ал эми турмуштун башка жагдайында болгон иш-аракетти, жеке сапатты дароо эскичилдик деп бүтүм чыгара коюу кыйын. Мисалы, адам өз турмушун оңдоого аракеттенип, пианино, китепкана жыйып, автомобиль, дача, килем алса эле дароо дүнүйөкор деп айта албайбыз. Өз маңдай теринен табылган оокат. Чегилген иштин камын жеке ишинен артык көрбөсө, кем көрбөйт.

Бирок коомдон мурун өзүнүн камын көбүрөөк көрүп, жалаң пайда табуунун артынан сая түшкөндөр да жок эмес. Алардын айыбын ачып, дүнүйөкор деп атоого көп машакат талап кылынат. Ушундай эле тектеш жагдай менен маанайда же андан да көмүскөдө жердешчилдик калдыгы өзүнүн акыркы күнүн көрүүдө. Ырас, тааныш эмеске караганда таанышка, тууган эмеске караганда

тууганга ылымсырап, жакындоо табигый көрүнүш, муну эч ким танбайт. Жеке мамилелерде кимге жакындап, ким менен ынак болуу ар кимдин өз эрки. Буга эч кандай доомат жок. Ал эми коомдук иште жалпы кызыкчылыкты этибарга албай, илик-жарма, бир жердик, жолдош-жоролук кылып жан тартуу жарабайт. Ошондой болсо, жеке мамилечилдик, жердешчил сыяктуу калдыктар турмуштун кээ бир жагынан кылдат «чүмбөттөлүп» али да орун алып жатканын сатира, юмор, фельетон ж. б. сындоо ыкмалары такай ашкерелеп, жер-жердеги партиялык ж. б. коомдук уюмдар, администрация конкреттүү иш-чараларын көрүүдө.

КПСС БКнын «Идеологиялык, саясий-тарбиялоо ишин мындан ары жакшыртуу жөнүндө» токтомунда: «Биздин алга карай кыймылыбызга тоскоолдук кылгандарга каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүлсүн»,— деп баса айтылган — бул эскинин калдыктары менен аёосуз күрөшүү ишине да толук таандык.

## СОВЕТТИК ЖАШТАРДЫН ИНТЕРНАЦИОНАЛИЗМИ

Интернационализм советтик жаштардын аң-сезимине терең сиңип, анын ички ишеним, туруктуу сапат жана моралдык принцибине айланган түшүнүк экендиги кеңири белгилүү.

Ошондуктан, кээде интернационализмдин айрым проблемаларын чечмелөөгө болгон аракет баягы эле көнүмүш адаттай көрүнүшү мүмкүн.

Бирок турмуш дайыма өнүгүп өзгөргөн сайын, интернационализмге өз корректурасын киргизет. Анын улам жаңы нюанстары пайда болуп, улам чечмелеп пропагандалоону талап кылат.

Интернационализмдин көп кырдуу жактарын ар түрдүү аспектиде талдоо — олуттуу чыгармачылык мамиле, белгилүү даярдык жана атайын изилдөөлөрдү талап кылат. Биз анын айрым гана көрүнүштөрүн карамакчыбыз. Көпчүлүк адамдар интернационализм эмне экенин аныктоого жоoп издеп олтурбай эле интернационалисттерче жүрүп-турушат жана мамилелешет. Бирок тигил же бул түшүнүктүн маанисин канчалык так баамдаган сайын, ошончолук аны сезимге сиңирип ички ишеним, жүрүм-турумдун принцибине айландырышат.

Мына ушул максатка философия илиминде атайын таанып-билүү теориясы бар жана ал түшүнүктөр системасын терең изилдеп, кеңири пропагандалоого чакырылган. Мына ушундай кеңири тараган принциптердин бири — интернационализм. Аны өтө кыскартып жөнөкөйлөштүргөндө, ар түрдүү өлкөлөрдүн элдери менен улуттары ортосундагы бир туугандык тилектештикти, өз ара жардамдашкан достук мамилени түшүндүрөт.

Интернационализмдин идеясы тарыхта биринчи болуп СССРде, социализмди куруу процессинде ишке ашканын биз эмес, биздин четтик тап душмандарыбыз да билишет. Интернационализм жөнүндө сөз боло калганда эле биз өлкөнүн ичиндеги улуттардын өз ара мамилесинен мурун, көбүнчө ар түрдүү өлкөлөрдүн пролетарларынын бири-бирине болгон тилектештик мамилеси эске алынат. Ырас, пролетардык интернационализмдин биринчи тарыхый формасы — ар түрдүү улут жана өлкөнүн жумушчуларынын бир-бирине тилектештиги болгон. Азыркы доордо социализмдин дүйнөлүк системасы пайда болуп жана өнүккөнүнө байланыштуу интернационализмдин принциптери жаңы маани менен байып, капитализмге каршы күрөшүп жаткан жумушчу табына гана эмес, социалисттик өлкөлөрдүн элдеринин ортосундагы достук мамилени өнүктүрүү жана чыңдоого да таандык.

Биздин өлкөдө түзүлгөн бардык шарттардын натыйжасында интернационализм жалаң жумушчу табынын идеологиясы болбостон, бүткүл коомдун идеологиясына айланды. Интернационализмдин социалдык жаратылышын, анын көптөгөн принциптеринин маанисин жана турмуштагы ар түрдүү көрүнүштөрүн аздыр-көптүр толук чечмелөө үчүн бир топ илимий монографиялык изилдөөлөр талап кылынат. Ошондуктан, биздин бул чакан маегибиз анчалык терендеп жана кеңири кете албайт.

Коммунизмди куруу, анын материалдык техникалык базасын түзүү СССР элдеринин бир туугандык кызматташтыгы менен жүргүзүлөт. Бул кызматташтыктын табияты жана формасы толук түрдө социалисттик интернационализмдин принциптери менен аныкталат. Ал эми анын турмуштагы реалдуу көрүнүштөрү кайсылар деген суроого ар ким аны өз көзү менен көрүп, акылы менен туюп турса да, оңой эле бир-эки ооз сөз менен жооп бере койбойт. Анткени интернационализмдин ар кыл формасы жеке кишинин түшүнүгү менен баамдоосунан

алда канча бай. Демек, аны дайыма ар тараптан илимий жана көркөм каражаттар менен изилдеп, терең жана кеңири пропагандалоо зарылдыгы келип чыгат.

Советтик адамдын интернационализми биздин өлкөдөгү 130 улут менен элдердин ортосундагы бир туугандык өз ара жардамдашуу жана достук кызматташтыкта күн сайын көрүнөт. Жалаң гана биздин республиканын мисалында карап, Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары жолдош Т. У. Усубалиевдин сөзү менен айтканда, пролетардык интернационализмдин идеясы Кыргызстандын эмгекчилеринин көз карашынын негизги бөлүгү жана нравалык облиги болуп калды.

Кыргыз жергесиндеги бир дагы ири өнөр жай, ирригациялык, маданий жана башка курулуштар бир тууган республикалардын өкүлдөрү катышпай курула элек. Мисалдар бардыгыбызга белгилүү.

Эл чарбасынын ар түрдүү адистерин даярдоо боюнча кызматташтык, духовный асылдыктар менен алмашуу мүмкүнчүлүгү, чыгармачылык байланыштардын жылдан жылга кеңейиши улуттук маданияттын мындан ары дагы өркүндөшүнө, духовный жактан өз ара байып, элдердин жакындашына орчундуу шарт түзөт. Советтик турмуштун бардык тармагында интернационализмдин кеңири кулач жайышынын натыйжасында советтик адамдардын духовный жана моралдык турпатында, үй-бүлө, салт-санаа, үй тиричилигинде жалпы белгилер такай калыптанууда. Маселен, кыргыз айлында орус музыкасын, эстон жазуучусунун китебин окуп, кубанып-толкундайт же кейийт. Орус, эстон кыштактарында деле ушундай көрүнүш. Анткени советтик адамдардын турмушка көз карашы, психологиялык өзгөчөлүгү негизинен жалпы.

Биздин эл кайсы улутка таандык экендигине карабастан советтик Родинага тийиштүү нерсенин баарын бирге кабыл алып, бирге толкундайт. Ийгиликтерине кубанып, кыйынчылыктарды бирдей көтөрөт. Родина менен партиянын талабын бирдей аткарат. Мейли орус, кыргыз, украин, грузин, латыш болсун чет жердеги тартипти бирдей кабыл алат. Биздин кимибиз болбойлу, Рига же Киевде болгондо, өзүбүздү үйдөгүдөй, ал эми коңшулаш башка өлкөдө болгондо өзүбүздү конок катары сезебиз, канчалык маданиятта кандайдыр бир тарыхый жалпылык болсо да.

Интернационализмдин толуп жаткан дагы канча тышкы жана ички жактары илимий жана көркөм адабияттарда кеңири планда чагылдырылууда. Интернационализм темасына арналган илимий жана пропагандалык эмгектердин ичинен проблеманын маңызы бардык жактан терең изилденип жазылган жолдош Т. У. Усубалиевдин «Ленинизм — элдер достугунун жана бир тугандыгынын улуу булагы» деген 1974-жылы Москвадан чыккан китеби.

Кыргызстанда жүргүзүлгөн жигердүү идеологиялык иштерди терең анализдөө жана иш жүзүндө мыкты билүүнүн негизинде жазылган көрүнүктүү партиялык жетекчинин дагы бир китеби «Эмгекчилерди интернационалдык жактан тарбиялоо» деп аталат. Интернационализм менен интернационалдык тарбия жана алардын илимий, пропагандалык мааниси жөнүндө сөз боло калганда, нечен жылдан бери республиканын бардык масштабындагы иштерди ийне-жибине чейин билип, туура багыттаган авторитеттүү жетекчи кызматкер тарабынан жазылган китеп маалыматтардын ишенимдүү булагы болуп кызмат кылары талашсыз.

Биздин элдердин интернационалдык турмушунда болуп жаткан жандуу процесстерди көркөм баамдоо кыргыз адабиятында да тийиштүү орунду ээлейт.

Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романында Акман менен Дмитрий, Надежда менен Каныш, Чаргын менен Сергейдин образдары чыныгы интернационализмди мүнөздөйт.

У. Абдукаимовдун «Майдан» романы улуттук жана интернационалдык көрүнүштөрдүн диалектикасын чебер сүрөттөйт.

К. Баялиновдун «Боордоштор» романы ар түрдүү элдердин —кыргыз, орус, чех, казак ж. б. айыгышкан тап күрөшү аркылуу калыптанган интернационализмди кеңири фондо көркөм чечкен алгачкы чыгармалардан. Дагы канча чыгармалар достукту даңазалабайт дейсиз.

Расул Гамзатов улуттук менен интернационалдык элементтердин маданияттагы бирдиги тууралуу сөзүндө «өз эли, анын маданияты, анын традицияларына сыймыктанган, ошол эле убакта өзүн бүткүл совет маданиятынын өкүлү катары сезген, дүйнөлүк маданият алдындагы жоопкерчилигин билген, мына ушундай жазуучулар гана биздин искусствонун духун жана мүнөзүн ачык

туюндура алышат. Алар улуттукту да, интернационалдыкты да жокко чыгарбайт, кайра бекемдейт. Мына ошентип комуздун үч кылы, бүркүттүн эки канаты (кылсыз комуз сүйлөбөйт, эки канатсыз бүркүт учпайт) сыяктуу табигый гармония келип чыгат[1]»,— дейт.

Мына ушундай табигый гармонияны Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан сезебиз. Адабияттагы улуттук жана интернационалдык проблемалар турмуштун мүнөзүнө, өзгөчөлүгүнө жараша алынып каралат.

Улуттук бүткөн жерде интернационалдык башталат деп экөөнү таптакыр бөлүп кароого болбойт. Маданияттагы улуттук өзгөчөлүктү үйрөнүп эмне кереги бар деп нигилисттик кылыш да жарабайт.

Улуттукта жалаң эл бир элге таандык болгон элементтер эмес, башка элдердин тажрыйбасындагы жетишкендиктер да топтолот. Улуттуктан жалаң эле артта калган эскиликти көрүүгө болбойт. Ар бир улуттук формада кандайдыр бир интернационалдык мазмун бар. Кээ бирөөлөр улуттук элементтин такыр интернационалдык жагы жок деп түшүнсө, экинчи бирөө интернационалдыкты таптакыр улуттук белгилери жок жалпылык катары түшүнөт. Бирок искусстводо мындай бөлүү жок. Кыскасы улуттук менен интернационалдыктын диалектикасы эмнеде?

Улуттук башталыш интернационалдык багыт менен бирге өнүгүү процессинде мурункудан бийик жана жаңы тепкичке көтөрүлсө, интернационалдык маданият улуттук моментти жоготпой, кайра анын негизин өнүктүрүп калыптанат.

Ошондуктан, совет элинин интернационалдык маданияты жөнүндө сөз болгондо, кайда бир өңү-түзү жок маданият эмес, улуттук маданияттын мыкты жактарын көңүлгө алабыз. Ырас, жазуучу, кинорежиссер белгилүү бир чөйрөдө жашайт, эмгектенет. Мунун баары анын чыгармачылык өзгөчөлүгүнө таасир берет. Маселен, тигил же бул художник конкреттүү географиялык жана турмуштук плацдармда туруп адамдын ички дүйнөсүн, карама-каршы тагдырын тарыхый дүйнөлүк маанидеги проблемаларга көтөрөт. Жекече жана кайталангыс нерселерден чоң философиялык жалпылоого өтөт.

Провинцияда эле жашап, ал жөнүндө жазып чоң

---

[1] «Литературная Россия», 1965, № 11, 8-март.

масштабдагы художник болууга болот. Ал эми чоң шаарда жашап, космос жөнүндө канча жазса деле, духовный жана интеллектуалдык жагынан провинциялдык деңгелде калышы мүмкүн.

Биздин интернационализмдин рухий чыгармачылыкта чагылышынын айрым бир гана штрихтерине токтолдук. Эми анын принциптерине ылайык келбеген антиподдору турмушта кезигеби же бардыгы шайма-шайбы? Эгерде болсо, алар кайсылар?

Бул кыйкымдуу суроого жалпы сөз, даяр схема менен деле жооп берүүгө болот. Бирок, окурмандардын купулуна толобу же жокпу ким билет.

Тигил же бул салт-санаа менен кулк-мүнөздөр нукура элдик же нукура эскилик экенин илимий деңгелде терең чечмелеп, айрып берүү биздин шартта кичине маселе эмес.

Кыскасы, интернационализмдин антиподу улутчулдук, бирок ал биздин турмуштан алда качан жоюлган. Ал эми улуттук чектелгендик айрым артта калган аң-сезимде аздыр-көптүр кездешет. Мындай караганда бул эки термин бир-бирине жакын көрүнгөнү менен бирдей маанидеги түшүнүктөр эмес. Эгер улутчулдук саясийидеологиялык келишпөөчүлүктөрдөн чыкса улуттук чектелгендик психологиялык эмоция, кругозордун тардыгынан чыгат. Демек, жөнөкөйлөтүп айтканда, улуттук чектелгендик «өзүнүн мурдунан» алыс нерсени көрбөгөндүк деген маанини түшүндүрөт. Анын туткунундагы кишинин ой жана иш-аракети «кыргызчылыктан» алыс анча кете албайт. Бул түшүнүк айрым учурда оң жана терс улуттук салттарды ылгабай жетечиликке алуу деген мааниде кабыл алынып жүрөт. Бирок саясий жана интернационалдык сезим, илим-билим, интеллект ушунчалык өскөн кезде улуттук чектелгендик азыркы адамга мүнөздүү сапат деп эч ким ойлобойт. Ошондой болсо да жалган сезимге берилип, артта калган салттык нормаларды сактаган консервативдүү адамдар такыр жок десек, ашкан алабармандык болор эле. Андан көрө кокусунан көрүнө калган эски калдыктардын жашоо себебин тегерек олтуруп, түз кеңешип талдасак, канчалык пайдалуу.

15 т.